Жума
2026-жылдын
21-августу
№63 (3823)

Эркин-Тоо

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

www.erkin-too.kg

Эрмат ЖУМАЕВ:

“КУРУЛУШТАР АЙМАКТЫН ЖАҢЫ ЖҮЗҮН КАЛЫПТАНДЫРАТ”





7-БЕТТЕ

“АКЫЛМАН” ЛИЦЕЙИ ЭШИГИН АЧАТ

Жаңы окуу жылында “Акылман” Президенттик лицейинин Таластагы филиалы 7-8-класска кабыл алынган 96 окуучуга эшигин ачат. Лицей 920 окуучуга ылайыкталган. Ошондой эле 168 орундуу жатаканасы бар.

ЖАШТАР ЧАМДАГЫЛА

Кыргызстандын жаштары Грузиянын Кахетия аймагында өтө турган эл аралык жаштар лагерине катыша алышат. Бул тууралуу Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги кабарлады. Жаңы идеяларга жана эл аралык баарлашууга кызыккан жаштар үчүн уюштурулуп жаткан иш-чара 6–10-сентябрда өтөт. Лагерге 18 жаштан 29 жашка чейинки таланттуу жана активдүү жаштар бара алышат. Уюштуруучу тарап жатакана, тамак-аш, маданий жана экскурсиялык программа чыгымдарын каржылашат. Ал эми катышуучулар Грузияга барып-келүү үчүн эл аралык авиабилеттердин жана медициналык камсыздандыруунун чыгымдарын өздөрү төлөшөт.

АБАНЫН БУЛГАНЫШЫНА ЖАҢЫ КӨЗӨМӨЛ

Кыргызстанда абанын булганышына таасирин тийгизген температуралык инверсияга мониторинг жүргүзүлө баштайт. Бул Борбор Азиядагы алгачкы долбоор болуп саналат.

Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги Кыргызгидрометке 1000 метрге чейинки бийиктикте абанын температурасын өлчөөгө жана инверсияны аныктоого мүмкүндүк берген заманбап метеорологиялык жабдууларды тапшырды.

“Бул — жер бетиндеги аба катмарынын кыймылы басаңдаган аба ырайы кубулушу. Натыйжада түтүн, чаң жана башка зыяндуу заттар жогору тарап кетпей шаардын үстүнө топтолуп, атмосфералык абанын сапатынын начарлашына алып келет”, - деп түшүндүрүштү министрликтен.

Жаңы жабдуулар абанын абалын үзгүлтүксүз көзөмөлдөөгө жана абанын булганышына таасир эткен аба ырайынын шарттарын так аныктоого шарт түзөт. Алынган маалыматтар абанын сапатын жакшыртуу боюнча так жана негиздүү чечимдерди кабыл алууга жардам берет.

"Эркин-Тоо" пресс

Урматтуу окурмандар! Онлайн форматтагы “Эркин-Тоо” мамлекеттик расмий гезитине жазылуу жүрүп жатат. Толук маалымат алуу үчүн төмөнкү шилтемеге кириңиз: erkin-too.kg/podpiska

БУЛ САНДА:



ТОКОН МАМЫТОВ:

"ШКУ – ЕВРАЗИЯЛЫК КӨП ТАРАПТУУ КЫЗМАТТАШТЫК ПЛАТФОРМАСЫНА АЙЛАНУУДА"

3-БЕТТЕ

СВЕТА НУРАЛИЕВА:

“МКП – МЕДИЦИНАЛЫК ЖАРДАМДЫН БИР КАНЧА ТҮРҮН КАМСЫЗ КЫЛАТ”

6-БЕТТЕ

Эркин-Тоо

гезитине 2026-жылдын 2-жарым жылдыгына жазылууну унутпаңыз!

Гезитке жазылуу баасы почта кызматын кошкондо 4 айга:

которуу жолу жана накталай төлөө жолу менен – 1410 сом 40 тыйын

Индекс: 68451

КРнын Нормативдик акты журналына жазылуу баасы 4 айга:

которуу жолу жана накталай төлөө жолу менен – 4970 сом 16 тыйын

Индекс: 77347

(Жазылуу боюнча +996 (555) 272-359 телефонуна кайрылыңыздар)

Жазылуу бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат

Эркин-Тоо
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити



КЫРГЫЗСТАНДЫКТАР КЫТАЙГА ВИЗАСЫЗ КИРЕ АЛЫШАТ

20-августтан тартып Кыргызстандын жарандары Кытайга 10 күнгө чейин визасыз кире алышат. Бул тууралуу Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын тышкы саясат бөлүмүнүн башчысы Сагынбек Абдумуталип билдирди.

Визасыз кирүүнүн негизги шарты Кытайдан Кыргызстанга кайтуу үчүнчү өлкө аркылуу өтөрүн тастыктаган авиабилеттин болушу кажет. Мисалы, Кытайдан Алматы же Ташкент аркылуу Кыргызстанга кайтууга болот. Кытайга кирүүдө жарандар тизмеге кирген 65 пункттун бирине түз уча алышат. Мындан тышкары, Кытай кыргызстандыктар үчүн Хайнань аралына 30 күнгө чейин визасыз кирүү мүмкүнчүлүгүн да берди.

Жаңы тартип кыргызстандыктарды виза үчүн төлөмдөрдөн жана документ топтоо түйшүгүнөн арылтып, туризмди, сооданы жана эки өлкөнүн экономикалык байланыштарын өнүктүрүүгө жакшы шарт түзөт. Визасыз режим Кытай тарабынан Кыргызстан жарандарына бир тараптуу киргизилди. Ал эми Кытай жарандарынын Кыргызстанга кирүүсүндө виза талап кылынат.



“БАРС” СУПЕРКУБОКТУН ЭЭСИ

Бишкек шаарындагы “Алга” спорт комплексинде Кыргыз Республикасынын футбол боюнча Суперкубогу үчүн беттеш өтүп, анда Каракол шаарынын “Барс” клубу жеңишке жетти.

Өлкөнүн учурдагы чемпиону “Барс” 2025-жылкы Кыргыз Республикасынын Кубогунун ээси Бишкектин “Дордой” клубун 2:0 эсебинде жеңип, 2026-жылкы Суперкубоктун ээси болду. Беттешке Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Футбол Биримдигинин президенти Адылбек Касымалиев катышты. Оюн соңунда ал жеңүүчү командага сыйлыктарды тапшырды. Мындан тышкары, беттештин алдында Адылбек Касымалиев “Алга” спорт комплексиндеги клубдун музей бурчу жана 2026-жылы курулган жаңы гибриддик машыгуу талаасы менен таанышты. Жаңы талаа Нидерланддын “Sport Pitch Systems” BV компаниясы менен биргеликте курулуп, долбоордун баасы 300 миң евродон ашкан.



КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН CNPC МУНАЙ ЛОГИСТИКАСЫН ӨНҮКТҮРӨТ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эрлист Акунбеков Кытайдын Улуттук мунай-газ корпорациясынын (CNPC) башкы директору Ло Ичжоу менен жолукту.

Жолугушууда Кытайдан Кыргызстанга күйүүчү-майлоочу материалдарды жеткирүүнүн жол-жоболору, чек арадагы бажы иштерин тездетүү жана энергетикалык логистиканы өнүктүрүү маселелери талкууланды. Эрлист Акунбеков эки өлкөнүн соода-экономикалык кызматташтыгын кеңейтүүдө түз байланыштарды күчөтүүнүн маанилүүлүгүн белгиледи.

Ага байланыштуу бул багытта корпорация менен ыкчам жана тыгыз иш алып баруу үчүн өлкөнүн Энергетика министрлигине жалпы ишти координациялоо, Транспорт жана коммуникациялар министрлигине, Бажы кызматына көзөмөл-өткөрүү бекеттеринен мунай ташыган жүктөрдү токтоосуз өткөрүү, Тышкы иштер министрлигине жеткирүү кызматын аткарган айдоочулардын визаларын тариздөөнү жөнөкөйлөтүү сыяктуу маселелер жеринде каралып, эки тараптуу сүйлөшүүлөр жүрдү.

Жолугушуунун жыйынтыгында Кыргызстандан барган мунай тармагындагы компаниялар CNPC менен мунай продукцияларын Кыргызстанга ташып келүү боюнча келишимдерге кол коюшту. Тараптар ишенимдүү жана узгүлтүксүз Кытай–Кыргызстан энергетикалык логистикалык коридорун түзүү боюнча кызматташууну улантууга даяр экенин билдиришти.

ДКОго 112 ӨЛКӨДӨН СПОРТЧУЛАР КАТЫШАТ



Кыргызстанда өтө турган VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына 112 өлкөдөн спортчулар катышууга арыз берди.

Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын эл аралык катчылыгынан билдиришкендей, жалпысынан мелдешке 3 миңге жакын спортчу катышары күтүлүүдө.

Маалыматтарга караганда, уюштуруу комитетине Австралия, Азербайжан, Армения, Аргентина, Бангладеш, Бахрейн, Грузия, Индия, Индонезия, Иран, Испания, Казакстан, Монголия, Польша, Россия, АКШ, Өзбекстан жана башка мамлекеттерден арыздар келип түшкөн. Спортчулардын анкеталык маалыматтары Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын спорттук программасын өткөрүү жөнүндө жобонун талаптарына ылайык, оюндардын расмий сайтындагы электрондук аккредитациялоо системасы аркылуу кабыл алынууда. Буга чейин Уюштуруу комитети дүйнөнүн 100 өлкөсүнө катышууга расмий чакыруу жөнөткөн. Маалыматка ылайык, VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын программасына 42 спорт түрү киргизилген. Жобо кыргыз, орус жана англис тилдеринде даярдалган.

САЛАМАТТЫК САКТОО ТАРМАГЫНДАГЫ КЫЗМАТТАШТЫК

Саламаттык сактоо министри Дамир Осмонов Түркиянын Саламаттык сактоо министрлигинин жана саламаттык сактоо тармагындагы эл аралык кызматташтыкка адистешкен USHAŞ уюмунун өкүлдөрү менен жолугушту.

Жолугушууда тараптар дары-дармек менен камсыз кылуу, фармацевтика тармагын өнүктүрүү, саламаттык сактоону санариптештирүү, медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу жана медициналык инфраструктураны өнүктүрүү маселелерин талкуулашты.

Өзгөчө көңүл Кыргызстанда айрым дары-дармек каражаттарын өндүрүүнү локалдаштыруу мүмкүнчүлүктөрүнө бурулду. Түркия тарап фармацевтикалык өндүрүштү өнүктүрүү, дары-дармектерди сатып алуу системасын өркүндөтүү жана алардын жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча тажрыйбасы менен бөлүштү.

Министр Дамир Осмонов Түркиянын практикалык тажрыйбасын Кыргызстандын саламаттык сактоо системасынын муктаждыктарына ылайык колдонууга кызыкдар экенин белгиледи.



Жолугушуунун соңунда түрк тарап эксперттик жана консультациялык колдоо көрсөтүүгө даяр экенин билдирип, саламаттык сактоо тармагындагы кызматташтыкты мындан ары кеңейтүү боюнча макулдашылды.

Даярдаган Күнболот МОМОКОНОВ

КООПСУЗДУК

Токон МАМЫТОВ, генерал-лейтенант:

“ЖАҢЫ КОРКУНУЧТАРГА ЭСКИ ЫКМАЛАР МЕНЕН КАРШЫ ТУРУУ МҮМКҮН ЭМЕС”

Терроризм, экстремизм, трансчек аралык кылмыштуулук жана киберкоркунучтар күчөп жаткан шартта ШКУнун коопсуздук кызматташтыгы жаңы деңгээлге чыгууда. Кыргызстандын төрагалыгынын алкагында бул багыттагы жаңы демилгелер, жаштар менен иштөө жана аймактык коопсуздук маселелери талкууланууда. Ушул жана башка маселелер боюнча генерал -лейтенант Токон Болотбекович Мамытов менен баарлаштык.



- Токон Болотбекович, терроризм, экстремизм жана трансчек аралык коркунучтарга каршы күрөштө ШКУнун биргелешкен аракеттеринин натыйжасы байкалып жатабы?

-Ооба, натыйжа бар. Бирок аны туура өлчөө керек. ШКУнун терроризмге жана экстремизмге каршы күрөшүүнүн натыйжалуулугун терроризм толугу менен жоюлду деген көрсөткүч менен эмес, мамлекеттердин коопсуздук органдарынын маалымат алмашуусу, ыкчам кызматташуусу, биргелешкен машыгуулары, алдын алуу иштери жана укуктук механизмдеринин бекемделиши менен баалоо туура. Бул багытта ШКУнун Регионалдык терроризмге каршы түзүмү — РАТС — маанилүү роль ойноп келет. Уюмдун алкагында терроризм, сепаратизм жана экстремизмге каршы атайын кызматтардын жана башка компетенттүү органдардын туруктуу өз ара аракеттенүү системасы түзүлгөн.

ШКУга мүчө мамлекеттер биргелешкен антитеррордук машыгууларды өткөрүп, маалымат жана тажрыйба алмашып келишет. Мындан тышкары, 2025-жылы Тяньцзинь саммитинде коопсуздук тармагындагы жаңы институттарды түзүү боюнча маанилүү чечимдер кабыл алынган. Анын ичинде ШКУнун Баңгизатка каршы борбору жана ШКУга мүчө мамлекеттердин коопсуздугуна болгон чакырыктарга жана коркунучтарга каршы универсалдуу борбору боюнча келишимдерге кол коюлуп, аларды ишке киргизүү процесси башталган. Бул универсалдуу борбордун курамында Ташкентте Маалыматтык коопсуздук борбору, ал эми Бишкекте Трансчек аралык уюшкан кылмыштуулукка каршы борбор каралган. Ошондой эле экстремисттик идеологияга каршы 2026–2030-жылдарга программа кабыл алынган.

Демек, ШКУнун коопсуздук системасы реакцияга негизделген моделден алдын алууга жана институтташууга басым жасаган моделге өтүп жатат деп айтууга болот. Бирок, жаңы коркунучтар да пайда болууда. Террористтик жана экстремисттик уюмдар интернетти, социалдык тармактарды, санариптик каржы инструменттерин жана жаңы технологияларды пайдаланып жатышат. Ошондуктан ШКУнун антитеррордук кызматташтыгы да жаңы технологиялык шарттарга ылайыкташтырылышы зарыл.

- Киберкылмыштуулук күчөп жаткан шартта ШКУнун киберкоопсуздук боюнча кызматташтыгы кандай жаңы деңгээлге чыгышы керек? Кыргызстандын төрагалыгы кандай демилгелерди сунуштай алат?

- Киберкоопсуздук ШКУнун коопсуздук күн тартибиндеги өз алдынча стратегиялык багытка айланышы керек. Анткени бүгүнкү күндө киберчабуул бир гана мамлекеттин көйгөйү эмес. Ал бир эле учурда мамлекеттик башкаруу системасына, банк секторуна, энергетикага, транспортко, байланыш системаларына, суу инфраструктурасына жана жарандардын маалыматтарына коркунуч жаратышы мүмкүн. 2025-жылдагы Тяньцзинь саммитинен кийин ШКУда маалыматтык коопсуздук боюнча атайын борборду түзүү процесси башталганы өзгөчө маанилүү. Кыргызстандын төрагалыгы бул процессти конкреттүү мазмун менен толуктап, төмөнкү демилгелерди алдыга чыгара алат.

Биринчиден, ШКУ мамлекеттеринин киберкоркунучтар тууралуу ыкчам маалымат алмашуу системасын түзүү.

Экинчиден, мамлекеттик жана стратегиялык инфраструктураларга жасалган киберчабуулдар боюнча биргелешкен жооп кайтаруу механизмин иштеп чыгуу.

Үчүнчүдөн, киберкылмыштарды иликтөөдө электрондук далилдерди алуу жана өткөрүп берүү боюнча мамлекеттер аралык укуктук кызматташууну күчөтүү.

Төртүнчүдөн, ШКУ өлкөлөрүнүн жана башка киберкоопсуздук борборлорунун туруктуу тармагын түзүү.

Бешинчиден, жыл сайын ШКУнун масштабында киберкоопсуздук боюнча командалык-штабдык машыгууларды өткөрүү.

Алтынчыдан, жасалма интеллектти террористтик, экстремисттик жана кылмыштуу максаттарда пайдаланууга каршы биргелешкен чараларды иштеп чыгуу. Бул Кыргызстандын төрагалыгынын артыкчылыктарына да түздөн-түз туура келет. Кыргызстан 2025–2026-жылдардагы төрагалыгынын алкагында санариптик трансформация менен катар киберкоркунучтарга каршы аракеттенүүнү артыкчылыктуу багыт катары белгилеген.

Мындан тышкары, эл аралык укуктун позициясынан алганда, бул кызматташтык мамлекеттердин санариптик эгемендигин, БУУнун Уставын жана мамлекеттердин ички иштерине кийлигишпөө принцибин сактоо менен жүргүзүлүшү керек. 2026-жылдын июль айында Чолпон-Атада өткөн ШКУга мүчө мамлекеттердин Тышкы иштер министрлер кеңешинин жыйынында да коопсуз жана адилеттүү санариптик мейкиндикти түзүү, мамлекеттердин технологиялык эгемендигин урматтоо жана БУУнун алкагында маалыматтык коопсуздуктун универсалдуу стандарттарын өнүктүрүү зарылдыгы белгиленди.

- Терроризм жана экстремизмдин алдын алууда жаштар менен иштөөдө ШКУ кандай мүмкүнчүлүктөрдү түзүп жатат?

- Бул жерде принципиалдуу маанилүү нерсе бар. Терроризм жана экстремизм менен күрөшүү күч түзүмдөрүнүн гана иши эмес. Күч түзүмдөрү коркунуч пайда болгондо аракет кылат. Ал эми коом, билим берүү системасы, үй-бүлө, жаштар саясаты жана маданият радикалдашуунун себептерин алдын ала азайтууга тийиш. ШКУнун мүмкүнчүлүгү дал ушул жерде чоң. 2026-жылы Бишкекте ШКУнун Жаштар кеңешинин 19-жыйыны өткөрүлүп, жаштар уюмдарынын кызматташуусун кеңейтүү, гуманитардык байланыштарды күчөтүү жана биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу маселелери талкууланды.

Мындан тышкары, Кыргызстанда 2026-жылы ШКУга мүчө мамлекеттердин Биринчи жаштар Дельфий оюндары өткөрүлдү. Бул маданий жана гуманитардык байланыштар аркылуу жаштардын ортосунда өз ара түшүнүшүүнү күчөтүүгө шарт түзөт. Муну коопсуздук саясаты менен дагы тыгыз байланыштырууга болот.

Мисалы:

- ШКУнун «Жаштар жана радикалдашуунун алдын алуу» программасын түзүү;
- жаштар арасында медиасабаттуулук жана санариптик коопсуздук боюнча биргелешкен программаларды өткөрүү;
- университеттер аралык илимий-изилдөө долбоорлорун колдоо;
- жаш лидерлердин ШКУ форумун системалуу өткөрүү;
- маданий, спорттук жана билим берүү долбоорлорун кеңейтүү;
- жаштардын интернеттеги радикалдык идеологияга каршы иммунитетин күчөтүү;
- дин таануучуларды, психологдорду, педагогдорду, саясат таануучуларды жана укук коргоо органдарынын өкүлдөрүн биргелешкен программаларга тартуу.

Бул жерде негизги формула «жазалоо эмес алдын алуу; бөлүп-жаруу эмес диалог; радикалдашкандан кийин гана реакция кылуу эмес анын себептерин эрте жоюу» болушу керек.

- ШКУ киберкоркунуч, баңгизат, чек ара коопсуздугу жана өзгөчө кырдаалдар сыяктуу чакырыктарга бирдиктүү жооп бере алган күчтүү региондук механизмге айланып баратабы?

- Ооба, мындай багыт байкалууда. Бирок ШКУну азырынча толук калыптанган жамааттык коопсуздук уюму деп атаганга болбойт. Бул айырмачылыкты саясий жана укуктук жактан так сактоо керек.

ШКУ НАТО сыяктуу өз ара аскердик коргонуу милдеттенмеси бар аскердик блок эмес. Уюмда жалпы аскердик командачылык же бирдиктүү кууралдуу күчтөр жок. ШКУ өзү да өзүнүн расмий материалдарында аскердик блок эместигин белгилейт. Бирок анын коопсуздук жаатындагы кызматташтыгы акырындап комплекстүү болуп жатат. Бүгүн бул системага терроризм, экстремизм, сепаратизм, трансчек аралык уюшкан кылмыштуулук, баңгизат жүгүртүү, киберкоркунучтар, чек ара коопсуздугу, өзгөчө кырдаалдар сыяктуу багыттар кирип жатат. Айрыкча 2025-жылдагы Тяньцзинь саммитинен кийинки Баңгизатка каршы борбор жана Коопсуздукка болгон чакырыктарга жана коркунучтарга каршы универсалдуу борбор сыяктуу институттардын түзүлүшү ШКУнун коопсуздук механизмдерин системалаштырууга багытталган маанилүү кадам болуп саналат.

Ал эми Кыргызстан үчүн маанилүү багыт өзгөчө кырдаалдар боюнча региондук кызматташтык. Президент Садыр Жапаров 2025-жылы ШКУнун өзгөчө кырдаалдар боюнча жардам фондун жана механизмин түзүү демилгесин көтөргөн. Бул сунуш Тяньцзинь саммитинде да белгиленген. Бул абдан маанилүү идея. Анткени бүгүнкү күндө сел, жер титирөө, жер көчкү, суу ташкыны, климаттык өзгөрүүлөр жана башка табигый кырсыктар да улуттук чек араларды тааныбайт. Ошондуктан келечектеги ШКУнун коопсуздук модели «жамааттык аскердик коргонуу» эмес, «комплекстүү жана бөлүнгүс коопсуздук» модели болушу мүмкүн.

- Геосаясий өзгөрүүлөр шартында ШКУнун кеңири курамы жана өз ара ишенимге негизделген модели анын эл аралык ролун кандай күчөтүүдө?

- ШКУнун негизги геосаясий артыкчылыгы анын кимдир бирөөгө каршы түзүлгөнүндө эмес, ар түрдүү мамлекеттердин бир аянтчада диалог жүргүзө алгандыгында. Бул жерде ШКУнун укуктук-саясий модели абдан маанилүү. ШКУнун Уставы мамлекеттердин эгемендигин, көз карандысыздыгын жана аймактык бүтүндүгүн урматтоого, ички иштерге кийлигишпөөгө, күч колдонбоого, мамлекеттердин тең укуктуулугуна жана талаштарды тынчтык жолу менен чечүүгө таянат. Чечимдер консенсус аркылуу кабыл алынат.

Ошондуктан ШКУну классикалык аскердик-саясий блок деп эмес, көп тараптуу диалогдун жана коопсуздук, өнүгүү боюнча практикалык кызматташтыктын өзгөчө форматы катары каroo туура. Уюмдун курамынын кеңейиши анын саясий салмагын да көбөйттү. 2025-жылдагы Тяньцзинь саммитине ШКУга мүчө он мамлекеттин лидерлери катышкан. Ошол саммитте ШКУнун 2035-жылга чейинки өнүгүү стратегиясы да кабыл алынган. Бул жерде дагы бир маанилүү нерсе бар. ШКУ өзүнчө жабык система болбошу керек. Анын эл аралык укуктук легитимдүүлүгүн күчөтүү үчүн БУУ менен кызматташтыкты дагы бекемдөө зарыл. ШКУнун өзүнүн документтеринде да БУУнун Уставы жана эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери негизги таяныч катары көрсөтүлүп келет. Ошондуктан ШКУнун келечектеги ролун үч сөз менен мүнөздөөр элем. Биринчиси коопсуздук, экинчиси диалог, үчүнчүсү өнүгүү. Башкача айтканда, ШКУ коопсуздукту өнүгүүдөн, ал эми өнүгүүнү коопсуздуктан бөлбөгөн Евразиялык көп тараптуу кызматташтык платформасына айланып бара жатат.

Чынайым КУТМАНАЛИЕВА

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ШКУ САММИТИ–2026

ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН САММИТИ БИЗГЕ ЭМНЕ БЕРЕТ?



Учурда Бишкек Шанхай кызматташтык уюмунун саммитин кабыл алууга даяр. Бир жыл аралыгында шаар бийлиги ички жолдорду оңдоп-түзөп, аэропортту кеңейтип, имараттардын фасаддарын жаңылады.



Тактап айтканда, Бишкек быйыл бир нече күнгө эл аралык дипломатиянын борборуна айланат. Анткени, ушул жылдын 31-августунан тартып, 1-сентябрына чейин Шанхай кызматташтык уюмунун 25 жылдык мааракелик саммити Кыргызстанда өтөт. 31-августта негизги иш-чаралар жана расмий делегациялардын келиши башталат. 1-сентябрда мамлекет башчыларынын кеңешинин негизги жыйыны болот. Ошол эле учурда борбор калаада 31-августта VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын ачылышы өтөт.

Белгилүү болгондой, саммитке ШКУга мүчө мамлекеттердин лидерлери, ошондой эле байкоочу жана өнөктөш өлкөлөрдүн өкүлдөрү болуп, жалпысынан 30дай мамлекеттен коноктор катышат. Мындай ири иш-чаралардын бир убакта өтүшү Кыргызстанды кыска мөөнөткө болсо да Борбор Азиядагы эл аралык көңүл буруунун борборуна чыгарары турган иш.

Бирок, саммиттин маанисин мамлекет башчыларынын жолугушуусу менен гана чектөөгө болбойт. “Бишкекте ага даярдык көрүү үчүн жасалган иштердин масштабы башка саммит аяктагандан кийин бул өзгөрүүлөр шаарга эмне берет?” - деген суроону жаратат.

Саммит – бул мамлекеттердин, өкмөттөрдүн же эл аралык уюмдардын жетекчилери маанилүү маселелерди талкуулоо үчүн өткөргөн жогорку деңгээлдеги жолугушуу. Жөнөкөй тил менен айтканда, саммит – мамлекет башчыларынын расмий жолугушуусу. Ал эми ШКУ саммити – Шанхай кызматташтык уюмуна кирген мамлекеттердин лидерлеринин жолугушуусу. Анда экономика, коопсуздук, соода, транспорт, энергетика жана башка маанилүү маселелер талкууланат. Жыйындын жыйынтыгында мамлекеттер келишимдерге, декларацияларга же биргелешкен чечимдерге кол коюшат. «Саммит» сөзү англис тилиндеги summit – «чоку», «эң жогорку деңгээл» деген маанини билдирген сөздөн келип чыккан. Андыктан, ШКУ саммити жөнөкөй иш-чара эмес.

БИШКЕКТЕ ДАЯРДЫКТАР КАНДАЙ?

Быйыл Бишкекте ШКУ саммитине даярдык көрүү активдүү жүрдү. Бир катар негизги объектилер жаңыланды. «Асман бизден башталат» деп «Манас» эл аралык аэропортунун ураанында айтылып жүргөндөй, алгачкы иштер аба майданды жаңылоодон башталган. Анда терминалдын аянты кеңейтилип, 39 миң чарчы метрден 59 миң чарчы метрге чейин жетип, жаңы заманбап терминал пайда болду. Ага жакын жерде 650 автоунаага ылайыкталган көп деңгээлдүү унаа токтотуучу жай курулууда. Инженердик системалар, видеокөзөмөл, өрт коопсуздугу, жөө жүргүнчүлөр үчүн аймактар жана транспорттук логистика да жаңыланды.

Шаардын көркүн чыгарууда өзгөчө үйлөрдүн фасаддарын жаңылоого көңүл бурулду. Мэриянын маалыматына караганда, жумуштар шаардын төрт районундагы негизги көчөлөрдү камтыды. Чүй проспектисинде – 16 имарат, Чыңгыз Айтматов проспектисинде – 13, Манас проспектисинде – 8, Дэн Сяопин көчөсүндө – 1 имарат. Юлиус Фучик проспектисинде да 1 имараттын сырткы көрүнүшү жаңыланды. Андан тышкары, бульварлардагы таман таштар алмаштырылып, ички жолдорду оңдоо иштери жүрдү.

Мэрия бул иштерди ШКУ саммитине гана арналган бир жолку акция катары эмес, Бишкектин көрүнүшүн системалуу түрдө жакшыртууга багытталган узак мөөнөттүү программа деп түшүндүрдү. ШКУ саммитине даярдык Бишкекте көп жылдан бери чечилбей келген айрым инфраструктуралык иштерди тездетти. Мисалы, аэропорттун кеңейиши жыл сайын Кыргызстанга келген жана өлкөдөн чыккан жүргүнчүлөр үчүн керек болгон инфраструктура. Унаа токтотуучу жай да саммиттен кийин пайдаланылат. Башкысы, Бишкек үчүн көп жылдан бери көйгөй болуп келген инфраструктуралык маселелердин айрымдары тездетилип чечилип жатканы маанилүү болду.

ЭКОНОМИКАЛЫК ПАЙДА КАЙДАН КЕЛЕТ?

ШКУ Кыргызстан үчүн дипломатиялык гана аянтча болуп калбастан, акыркы айларда өлкөдө уюмга мүчө мамлекеттердин министрлеринин жана экономикалык чөйрөнүн өкүлдөрүнүн бир топ жыйындары өтүп, пайдалуу аянтчага айланды. Алсак, июнь айында Бишкекте өткөн ШКУ-2026 инвестициялык бизнес-форумунун жыйынтыгында жалпы суммасы 150 млн доллар болгон 12 инвестициялык жана соода келишимине кол коюлду. Форумга мамлекеттик органдар, бизнес, инвестициялык фонддор, өнүктүрүү институттары жана технологиялык компаниялар катышты. Эгер кол коюлган келишимдер ишке ашып, заводдор курулуп, жаңы жумуш орундары түзүлүп, экспорт көбөйсө, анда саммиттин экономикалык таасири реалдуу болот.

Башта белгилеп кеткендей, жакынкы күндөрү өлкөгө 30дай өлкөнүн лидерлери, чет өлкөлүк туристтер, Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын катышуучулары келет. Мындай ири иш-чаралар биздин дүйнөгө дагы бир ирет таанылышыбызга шарт түзөт. Мейманкана, ресторан, транспорт, котормо, иш-чараларды уюштуруу, соода жана башка кызмат көрсөтүү тармактарына суроо-талапты жогорулатат. Өлкө кыска мөөнөттө кошумча киреше алат. Узак мөөнөттүү пайдасын айта турган болсок, Кыргызстанга кайра келчү туристтер, инвесторлор жана бизнес өнөктөштөр пайда болушу мүмкүн.

САММИТТИН БААСЫ – КАДЫР-БАРК

Саммиттин дагы бир маанилүү, бирок дароо өлчөнбөгөн баасы бар. Ал – өлкөнүн кадыр-баркы. Чет өлкөлүк делегация Кыргызстан тууралуу биринчи таасирин аэропорттон алат. Андан кийин шаардагы жолдорду, имараттарды, мейманканаларды, коомдук жайларды, транспортту жана кызмат көрсөтүүнүн сапатын көрөт. Демек, Бишкектин көрүнүшү жөн гана эстетикалык маселе эмес. Ал өлкөнүн экономикалык жана туристтик өнүгүү үлгүсүнүн бир бөлүгү.

Бул жагынан алганда, саммит Бишкекке өзүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бирок мүмкүнчүлүктүн өзү жетиштүү эмес. Аны туура пайдалануу керек. Кыргызстан эл аралык конокторго бир нече күнгө гана жакшы көрүнүп калбастан, аларга өлкөнүн туруктуу туристтик, инвестициялык жана ишкердик мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтө алса, анда саммиттин имидждик эффектиси узакка созулушу мүмкүн.

Ири эл аралык иш-чаранын пайдасы менен катар чыгымы жана убактылуу ыңгайсыздыктары да болот. Коопсуздук чаралары күчөтүлөт, айрым көчөлөрдө кыймыл чектелет, транспорттун каттамдарында өзгөрүүлөр болушу мүмкүн. Бийлик тургундарга саммит жана Көчмөндөр оюндары өтө турган күндөрү шаардагы кыймылга байланыштуу чектөөлөр болушу мүмкүн экенин эскертип келет. Мындай учурда шаардыктардын күнүмдүк жашоосуна белгилүү бир деңгээлде ыңгайсыздык жаралышы мыйзам ченемдүү. Бирок негизги маселе – бул ыңгайсыздыктын артында кандай натыйжа каларын көрүү.

Өнүккөн өлкөлөрдө да ири иш-чаралар өткөрүлүп жатканда шаар убактылуу өзгөрүүлөргө туш болот. Айрым көчөлөрдө кыймыл чектелип, коопсуздук чаралары күчөтүлүп, коомдук транспорттун каттамдарында өзгөрүүлөр болот.

Ошондуктан, саммитке даярдык менен жасалган иштердин эң негизги натыйжасы – иш-чара аяктагандан кийин эмне каларында. Жаңыланган жолдор, кеңейтилген аэропорт, оңдолгон фасаддар жана башка инфраструктуралык объектилер саммит бүткөндөн кийин да шаардыктарга кызмат кылышы маанилүү маселе.

ЖАҢЫЛЫКТАР

12 СУУ САКТАГЫЧ КУРУЛУУДА

Кыргызстанда 12 жаңы суу сактагычтын курулушу жүрүп жатат. Бул тууралуу Президенттин өзгөчө тапшырмалар боюнча атайын өкүлү Бакыт Төрөбаев Ала-Бука районундагы Чанач-Сай суу сактагычына барган учурда билдирди. Маалыматка караганда, Чанач-Сай суу сактагычын кеңейтүү пландалууда. Учурда анын көлөмү 2 миллион куб метр болсо, долбоор ишке ашкандан кийин 8,14 миллион куб метрге чейин көбөйөт. Мунун натыйжасында сугат жерлеринин аянтын азыркы 3 миң гектардан 5 миң гектардан ашыруу мүмкүн болот.

Бул иштер өлкөдөгү суу ресурстарын натыйжалуу пайдалануу, айыл чарбасын сугат суу менен камсыз кылуу жана жаңы айдоо аянттарын өздөштүрүү максатын көздөйт.

Президент Садыр Жапаров 2030-жылга чейин Кыргызстанда 106 суу сактагыч куруу тапшырмасын койгон. Учурда алардын 12синде курулуш иштери жүрүп жатса, дагы 29 долбоор даярдоо баскычында турат.

ЭСКЕРТҮҮ БЕРИЛДИ

Мамлекеттик салык кызматы Кыргызстандын жарандарына электрондук кызмат көрсөткөн чет өлкөлүк уюмдар милдеттүү түрдө салыктык каттоодон өтүүгө тийиш экенин эскертти. Мекеме 19-августта билдиргендей, Салык кодексине ылайык, электрондук кызматтарга программалык камсыздоо, онлайн-оюндар, интернет тармагында жарнама жайгаштыруу, хостинг жана маалыматтарды сактоо, санариптик контентке жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу жана башка ушул сыяктуу кызматтар кирет.

Салык кызматы кыргызстандыктарга кызмат көрсөтүп, соода кылганы үчүн арбын киреше алып, бирок милдеттүү салыктык каттоодон өтпөгөн чет өлкөлүк уюмдардын тизмесин жарыялады. Бул 11 компанияга кыргызстандыктар жалпы 13,2 млрд сомго жакын акча которушкан. "Бул компанияларга салыктык каттоодон өтүү жана салыктык милдеттенмелерди аткаруу боюнча бир нече жолу расмий каттар жөнөтүлүп, тиешелүү түшүндүрмөлөр берилген. Тийиштүү кайрылуулар Кыргызстандын Тышкы иштер министрлигинин дипломатиялык каналдары аркылуу дагы жөнөтүлгөн. Бирок, бүгүнкү күнгө чейин компаниялар расмий кайрылууларга жооп бере элек. Ошол эле учурда алар өлкө аймагында салыктык каттоодон өтпөстөн ишмердүүлүгүн улантып жатышат" деп жазылган маалыматта. Алардын ичинен акча которуулардын эң ири көлөмү Shanghai Xunmeng Information Technology Co., Ltd. — 8,89 млрд сом; Alibaba Group Holding Limited (1688) — 2,83 млрд сом; Microsoft Corporation — 1,01 млрд сом туура келген. Мекеме аталган компаниялар мындан ары дагы салыктык милдеттенмелерин аткарбаса, алардын электрондук сервистери Кыргызстанда чектелиши ыктымалдыгын эскертти. Салык кызматы 19-августка карата чет өлкөлүк 73 компания салыктык каттоодон өткөнүн билдирди.

Бетти даярдаган Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

УЛУТТУК БААЛУУЛУК



Сулайман РЫСБАЕВ, профессор:

«КӨЧМӨНДӨР ОЮНУ — ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН ЧОҢ МЕКТЕБИ»



Көк бөрү, ордо, эр эңиш, ат чабыш сыяктуу улуттук оюндар кыргыз элинин күчүн, шамдагайлыгын гана эмес, тарыхын, мүнөзүн жана дүйнө таанымын да чагылдырат. Профессор Сулайман Рысбаев Көчмөндөр оюнунун улуттук мурасты сактоодогу жана дүйнөгө жайылтуудагы мааниси тууралуу ой бөлүштү.

– Дүйнөлүк көчмөндөр оюну кыргыз элинин ата-бабадан калган кандай баалуулуктарын дүйнөгө таанытып жатат?

– Кыргыз эли өзүнүн түптүү цивилизациясын түзүп, көчмөндөргө мүнөздүү руханий, экономикалык жана социалдык системалардын негизинде жашап келген. Ошондой эле өзүнүн педагогикалык идеялары, моралдык-этикалык кодекстери менен жашаган байыркы элдердин бири болуп эсептелет. Ошол муундан-мууна өтүп келген салт-санаа, нарк-насил бүгүнкү күнгө чейин жетти. Бүгүнкү күндө «кыргыз наркы» деген түшүнүк кыргыздардын көчмөн цивилизациясынын философиясы, кыргыздын көчмөн турмушунун энциклопедиясы десек болот. Кыргыздын оозеки түрдө сакталып келген жазылбаган мыйзамдары, нарктары бүгүнкү күнгө чейин жашап келүүдө.

Кыргыз эли ошол нарктарын, моралдык-этикалык жазылбаган кодекстерин кийинки муундарга өткөрүп, дүйнөгө таанытуунун жолдорун издеп, аларды жайылтып жатат. Анын ичинде улуттук намыс, мекенчилдик, меймандостук, ар-намыстуулук, топуктуулук, айкөлдүк сыяктуу баалуулуктар бар. Кыргыз эли ушул баалуулуктардын баарын дүйнөгө таанытып жатат десек болот. Бул баалуулуктар башка элдердин нарктары менен да айкалышып, жалпы адамзаттык баалуулуктарга айланып жатат деп ишенсек болот.

– Көчмөндөр оюну сиз үчүн жөн гана спортпу же ата-бабалардын мурасын уланткан чоң маданий майрамбы?

– Көчмөндөр оюнун дүйнөлүк олимпиадалык оюндун көчмөн цивилизациядагы модели, башкача айтканда, дүйнөлүк олимпиада оюндарынын өзүнчө бир багыты катары кароого болот. Мисалы, дүйнөлүк Олимпиада оюндары байыркы гректердин Олимп тоосу, кудайлардын аймагы жөнүндөгү түшүнүктөрү менен байланышып, ошол доордогу баатырдыкты, эрдикти, шамдагайлыкты жана башка мыкты сапаттарды дүйнөгө көрсөткөн. Геракл сыяктуу баатырлардын эрдиктери бүткүл дүйнөгө таанылган.

Кыргыздарда да көк бөрү, ат чабыш, эр эңиш, кыз куумай, ордо жана башка оюндар элдин жашоо-турмушун, рухун, күчүн, шамдагайлыгын жана дүйнө таанымын чагылдырат. Мисалы, ат чабыш аркылуу кыргыздын руху, духу, эч кимден арта калбай жашоого болгон умтулуусу күлүктөрдүн сыпаты, шамдагайлыгы аркылуу көрсөтүлөт.

– Улуттук оюндар кыргыз элинин тарыхын жана улуттук өзгөчөлүгүн сактоодо кандай роль ойнойт?

– Албетте, ар бир улут өзүнүн дүйнө таанымы, тарыхы, философиясы, күндөлүк практикалык турмушу, үрп-адаты менен өзгөчөлөнөт. Тарыхсыз эч бир эл өзүнүн эл экендигин толук сактай албайт. Оюндар дагы тарыхты чагылдырат. Элдин тарыхы, жашоо-шарты оюндар аркылуу кийинки муундарга берилет. Улуттук оюндар кыргыздын өзгөчө адеп-ахлактык мүнөзүн да көрсөтөт. Америкадан, Европадан, Азиянын ар кайсы аймактарынан келген меймандар оюндар аркылуу кыргыз элинин тарыхын, улуттук өзгөчөлүгүн таанып-билиши керек.

Биз конокту тосуп алып, колуна суу куюп, ийилип таазим этип, «келиңиз» деп үйдүн эшигин ачып, босогодон аттатып, сыйлуу конокту төргө өткөрүп, дасторкон жайып, улуттук наркыбызды көрсөтөбүз. Боз үйдүн ичиндеги эр тарабын, аял тарабын, тамактануудагы каада-салттарды, ырым-жырымдарды, улуттук кийимдерди жана буюмдарды көрсөтөбүз. Конок эшикке чыгарда дагы колуна суу куюп, бата тилеп узатабыз.

Мына ушунун баары кыргыздын улуттук өзгөчөлүгү. Азиянын башка элдеринде да окшош көрүнүштөр болушу мүмкүн, бирок ар бир элдин өзүнө гана таандык өзгөчөлүгү бар. Биз ошол өзгөчөлүгүбүздү дүйнөгө көрсөтүшүбүз керек.

– Кыргыздын көк бөрү, эр эңиш, ордо сыяктуу улуттук оюндары элибиздин мүнөзүн кандайча чагылдырат?

– Оюндун түрлөрү көп. Жогоруда айткандай, күчтү, акылды, шамдагайлыкты сынаган, тамаша, шылдың мүнөзүндөгү оюндар да болгон. Баарын талдап көрсөк, ар биринин артында чоң сыр, тарых жана маани жатат. Мисалы, көк бөрү оюнунун тарыхы элдин тоолуу шарттагы жашоо-турмушу менен байланыштуу. Малга тийген карышкырларды жигиттер кармап, бири-бирине ат үстүндө берип, өздөрүнүн шамдагайлыгын, эрктүүлүгүн жана чеберчилигин көрсөтүшкөн. Кийин бул көрүнүш оюнга айланган.

Эр эңиште адам өзүнүн балбандыгын көрсөтөт. Бирок ал жөн гана кара күчкө таянбайт. Ыгы, эрежеси, сыпайылыгы жана адилеттүүлүгү менен күрөшөт. Ал эми ордо оюну аскердик өнөрдүн өзүнчө бир көрүнүшү. Ханды коргоо, сырттан келген душманга чабуул коюу, чабуулга туруштук берүү сыяктуу аскердик өнөрдүн эрежелери оюн аркылуу берилген. Кыргыздар атайын аскердик окууларды өткөрбөсө да, ушундай оюндар аркылуу элдин рухун, биримдигин, күрөшүн, саясатын, аскердик техникасын жана стратегиясын көрсөтүп келишкен. Демек, оюндардын баарында элибиздин баатырдыгы, шамдагайлыгы, күчтүүлүгү, эрктүүлүгү жана аскердик чеберчилиги чагылдырылган.

– Бүгүнкү жаштар Көчмөндөр оюнунан кандай сабак алышы керек?

– Жаштар улуулардын жолун улантып, элдин элдүүлүгүн сактап кала турган чоң күч. Ошон үчүн муундар бири-бири менен байланышат. Кийинки муун мурунку муундун салттарын, нарктарын, адеп-ахлактык эрежелерин, турмушун, социалдык мүнөзүн, каада-салтын үйрөнөт. Улуулардын мамилесинен, жүрүм-турумунан, турмуш-тиричилик маданиятынан сабак алат. Ошол сыяктуу эле көчмөн оюндар аркылуу кийинки муун баатырдык мүнөздү, эрктүүлүктү, эрдикти, акылдуулукту, күчтү, шамдагайлыкты, меймандостукту үйрөнөт. Ошол оюндар аркылуу кыргыз элинин кандай эл экенин да тааныйт.

Албетте, оюндар өткөн жерге жаштардын баары бара албайт. Катышканы да, катышпаганы да бар. Бирок аларды телекөрсөтүүлөрдөн, социалдык тармактардан көрүшөт. Ошондуктан улуттук оюндардагы эрктүүлүктү, эрдикти, маданиятты социалдык тармактарга кызыктуу, сапаттуу контент катары жайылтуу абдан маанилүү. Пайдалуу контент аркылуу жаштарга таасир берүү бул өзүнчө бир педагогика. Көчмөндөр оюну мына ошол кыргыз элинин рухун, духун көрсөтөт.

– Дүйнө элдери Көчмөндөр оюну аркылуу кыргыз элин кандай жактан таанып-билишин каалайт элеңиз?

– Көчмөндөр оюндарынын эрежеси, мүнөзү, күлүктөрүбүз, кыз-келиндердин, карыялардын улуттук кийимдери, манасчылык, комузчулук сыяктуу көптөгөн көрүнүштөр аркылуу кыргыз элин таанып-билишет. Кыргызга сырттан келген адам сенин байлыгыңа же аймагыңа гана көз артпайт. Сенин ким экениңди мамилеңден, кандай адам экениңди жүрүм-турумуңдан билет. Сенин кандай эл экениң мамиле маданиятыңдан көрүнөт. Ошондуктан Көчмөндөр оюну – кыргыз элин таанытуунун чоң каражаты. Анын ичинде кыргыз элинин руху, духу, философиясы жатат. Дүйнө кыргызды дал ошол руху, духу жана философиясы аркылуу таанып-билиши керек.

– «Ата-бабанын мурасын сактоо – келечек муундун милдети» деген сөздү Көчмөндөр оюну менен кандай байланыштырат элеңиз?

– Кыргыз эли башка элдер сыяктуу эле өзүнүн наркы, салты, үрп-адаты, каада-салты жана эрежелери менен жашап, элдүүлүгүн жоготпой келет. Мурастарды кийинки муунга өткөрүп берүү менен улуу муун жаштарды тарбиялайт. Ошондуктан ата-бабанын мурасын сактоо –келечек муундун чоң милдети. Мисалы, XI кылымдагы Махмуд Кашкари, XII кылымдагы Жусуп Баласагын, XVII кылымдагы Нурмолдо, андан кийинки Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Жеңижок сыяктуу залкарлар элибиздин ошол кездеги турмушун, мүнөзүн, баалуулуктарын чагылдыруу менен кийинки муунду тарбиялап келишкен. Мисалы, Жеңижоктун «Аккан суу» чыгармасы аркылуу аккан сууга болгон мамиледен кыргыз элинин жаратылышка болгон көз карашын билебиз. Бул да мурас.

Элди эл кылган нерсе – элдик педагогика. Улуу немис мамлекеттик ишмери Отто фон Бисмарк «Эгер согушта Пруссия жеңишке жетишсе, армиянын жеңиши эмес, Пруссия элинин элдик педагогикасы жеңди деп билем" деп айткан. Ошол сыяктуу эле биздин улуттук оюндардын баары элдик педагогика. Мисалы, куш салуу бул мүнүш-көрдүн билими менен тажрыйбасы. Атты тандоо, таптоо – саяпкердин өнөрү. Манас айтуу – Манастын күчүн, рухун кийинки муунга жеткирүү. Акындардын, комузчулардын, кыякчылардын эмгеги – ата-бабалардан калган мурасты сактап, кийинки муундарга үлгү кылып берип жаткан чоң мектеп.

Ушул жагынан алганда Көчмөндөр оюну элибиздин мурасын сактап гана калбастан, аны дүйнөгө жайылтып жатканы менен өзгөчө баалуу. Келечекте Көчмөндөр оюну дүйнөгө кеңири тарайт деп ишенем. Кийинки оюндарды башка элдер өткөрүшү мүмкүн. Бул шартка жараша чечилет. Бирок кийинки оюндар аркылуу кыргыздын жана жалпы көчмөн элдердин баалуулуктарын башка элдерге жайылтууга, кыргыз элинин рухун, духун таанытууга дагы чоң мүмкүнчүлүк түзүлөт. Көчмөндөр оюну – кыргызды дүйнөгө таанытуунун чоң каражаты, чоң жолу. Мына ушуга өзгөчө маани беришибиз керек.

Чынайым КУТМАНАЛИЕВА

Эркин-Тоо
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити



МААНИЛҮҮ МАЕК

Света НУРАЛИЕВА, Бишкек шаардык милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун аймактык башкармалыгынын сапаттык экспертиза секторунун башчысы:

“МАМЛЕКЕТТИК КЕПИЛДИКТЕР ПРОГРАММАСЫ – СТРАТЕГИЯЛЫК ДОКУМЕНТ”

Адам баласы ар дайым жашоодо медициналык кароого, изилдөөгө, дарылоого, жардамга муктаж. Андыктан ар бир жаран медициналык жардам алуу эрежелерин билиши шарт. Эгер медициналык жактан камсыздандырылган болсо, дарылануда өз каражаттарын үнөмдөйт. Медициналык камсыздандыруусу (ОМС) жок жарандар, мисалы, Үй-бүлөлүк медицина борборлорунда медициналык кызматтар үчүн жана мамлекеттик ооруканаларда дарылануда каражаттын көлөмүн толук төлөйт. Биздин өлкөдө ар бир 10-адамдын жетөө камсыздандырылган. Бул калктын 70 пайызы камсыздандырылган дегенди билдирет. Дегеле камсыздандыруу полиси кандай жеңилдиктерди берет жана аны кимдер алуу керектиги жана башка ушул сыяктуу суроолорубузга жооп алуу максатында биз Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун Бишкек аймактык башкармалыгынын сапаттык экспертиза секторунун башчысы Света НУРАЛИЕВАга кайрылып, жооп алдык.

- Света Советовна, маекти алгач Мамлекеттик кепилдиктер программасынан баштасак, бул эмне болгон программа, карапайым калкка жалпак тил менен айтып берсеңиз?

- Албетте, жөнөкөй тил менен айтсам, Мамлекеттик кепилдиктер программасы – бул КРда медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүн, түрлөрүн, шарттарын жана жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоону аныктоочу негизги мамлекеттик стратегиялык документ. МКП максаты – калктын максаттуу, аярлуу топторун толук камтуу менен негизги медициналык-профилактикалык кызматтарга жалпы жеткиликтүүлүгүн камсыздоо жана сапаттуу медициналык-профилактикалык кызматтардын элге жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, бейтаптын канааттануусу жана калктын укуктарын коргоо. Ушул программанын алкагында жаран өзүнө керек болгон медициналык жардамды алуу үчүн ар бир адам Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобуна сөзсүз түрдө каттоого туруштуу, анын инсандыгын аныктаган жана жеңилдиктерди алууга укугу бар экенин тастыктаган документинин болушу, камсыздандырылган деген статусу жана үй-бүлөлүк дарыгердин жолдомосу болушу зарыл. Ушул программанын алкагында бардык калкка Үй-бүлөлүк дарыгерлер топторунда катталган жарандар үчүн дарыгердин кабыл алуусу, кароосу жана кеңеш берүүдөн башка дагы 12 базалык лабораториялык изилдөөлөрдү акысыз ала алышат. Катталбаган болсо, ал адам саламаттык сактоо мекемесинин кассасына баалардын прейскуранты боюнча бардык медициналык кызматтар үчүн акы төлөөгө аргасыз болот. Камсыздандырылган жарандар үчүн кошумча дагы 42 лабораториялык изилдөөлөр акысыз жасалат. Ошондуктан камсыздандырылбаган жарандар сөзсүз түрдө Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин алышы керек. ММК полиси – бул мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында медициналык кызматтарды жеңилдетилген түрдө алууга укук берүүчү документ. Мамлекеттик кепилдиктер программасы медициналык-санитардык жардамдын бир канча түрүн камсыз кылат. Маселен, алгачкы медициналык-санитардык жардам, амбулатордук шарттагы шашылыш медициналык жардам (санавиация), амбулаториялык шартта адистештирилген медициналык жардам, амбулаториялык шартта дары-дармек менен камсыз кылуу, стационардык медициналык жардам, стоматологиялык жардам, дары менен камсыздоо жана вакцина менен камсыздоо жана иммунопрофилактика сыяктуу медициналык-санитардык жардамдын түрлөрүн камсыз кылат. Кыргыз жарандары, Евразия экономикалык бирлигине мүчө-мамлекеттердин КРнын аймагында мыйзамдуу жайгашкан жана мыйзамдуу түрдө эмгектенип жаткан үй-бүлө мүчөлөрү үчүн, качкындар, Кыргызстанда башпаанек издеген адамдар жана кайрылмандар үчүн ММК полиси ар башка баада. Алсак, өзүбүздүн жарандар үчүн 12 календардык айга – 1840 сомду түзөт. Чет өлкөлүк жарандар, жарандыгы жок адамдар үчүн колдонуу мөөнөтү менен 6 календардык айга – 5 955 сом, 12 календардык айга – 11 910 сом. Кыргызстанда окуп жаткан чет өлкөлүк студенттер үчүн – 12 календардык айга – 11 910 сомду түзөт.

- Медициналык камсыздандыруу полисин ар бир жаран милдеттүү түрдө алышы керекпи?

- Жок, медициналык жактан камсыздандырылган жарандардын категориясы баарлар полисти сатып алышпайт. Алар:

- иштеген жарандар, эгерде камсыздандыруу төгүмдөрү бар болсо;
- дыйкан чарба мүчөлөрү, камсыздандыруу төгүмдөрү бар болсо;
- ММК полисин алган жарандар, анын ичинде милдеттүү медициналык камсыздандырууга өз алдынча төгүм төккөн жарандар;
- пенсионерлер;
- 16 жашка чейинки балдар, 18 жашка чыкканга чейин мектеп окуучулары;
- социалдык жөлөкпул алуучулар;
- калкты иш менен камсыз кылуу мамлекеттик кызматынын органдарында расмий катталган жумушсуздар;
- күндүзгү бөлүмдө окуган студенттер, 21 жашка чейин;
- аскер кызматкерлери.

- ММК полисин жарандар кандай шартта кайсыл жерден алса болот?

- Жарандар жашаган жери боюнча катталган Үй-бүлөлүк медицина борборлорун/топторуна, ММК фондунун аймактык башкармалыгына кайрылып, Элдик банк, Бакай банк, MBANK тиркемеси, Pay-24, О-деньги терминалдары аркылуу төлөп, ММК полисин алса болот. Андан тышкары, “Түндүк” мамлекеттик электрондук кызмат көрсөтүү тиркемеси аркылуу төлөсө болот. Төлөп жаткан жаран толук аты-жөнүн, ПИНди туура киргизүү керек. ММК полисинин иштөө мөөнөтү ММКга төгүм төлөгөн күндөн тартып 5 күндөн кийин күчүнө кирет жана 12 календардык айга жарактуу болот.

- Жарандарыбыздын стационардык жана амбулатордук деңгээлде медициналык-санитардык жардамдарды алуудагы укуктары тууралуу айтсаңыз?

- Жарандардын ММК фондунун “Шыр байланыш – 113 кыска номери” аркылуу бизге байланышып, Мамлекеттик кепилдиктер, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу программасындагы дары-дармек менен камсыздоодогу жеңилдетилген рецепттер боюнча жана башка суроо-талаптарга жоопторду жана кеңештерди алууга мүмкүнчүлүктөрү бар. Андыктан жаран үй-бүлөлүк дарыгерине камсыздандырылган экенин далилдеген документти көрсөтүп кайрылат. Үй-бүлөлүк дарыгер карагандан кийин зарыл болсо ага тийиштүү дары-дармекти ММК электрондук рецептин жазып берет. Толтурулган электрондук рецепт шыр эле дарыкананын маалымат базаларына келип түшөт. Жарандар өзүнүн атына дары-дармекке болгон электрондук рецепттин номери жана паспорту менен дарыканадан жеңилдетилген дарыларды ала алышат. Дарыканага кайрылганда жарандар дары-дармектин наркын, ММК фонду төлөп бере турган сумманы жана жаран өзү төлөй турган сумманы сурап-билип, анан төлөмдү аптеканын кассасына төлөөсү зарыл.

- Ушул электрондук рецепт, жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздандыруу боюнча да кенен айтып берсеңиз?

- Жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздандыруу – Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун кошумча программасы. Бул Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун деңгээлинде камсыздандырылган жарандарды керектүү дары-дармек менен камсыз кылууга багытталган. Дары-дармектердин бир бөлүгү Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун каражатынан төлөнүп берилсе, калган бөлүгүн бейтап өзү төлөйт. ММК Фондунун Кошумча программасынын эң негизги максаты – Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун деңгээлинде камсыздандырылган жарандарды арзан, сапаттуу жана текшерилген дары-дармек менен камсыз кылуу. Талма, бронхтук астма, онкологиялык оорулар, параноялык шизофрения жана ар түрдүү генездеги аффективдүү бузулуулардан жабыркап келген бейтаптар жеңилдетилген дары-дармектер менен Мамлекеттик кепилдиктер программасынын рецепттери аркылуу камсыз болушат. Ал эми жеңилдетилген электрондук рецепт бул – калкты жеңилдетилген дары-дармек менен онлайн режимде ачык-айкын камсыз кылуу системасы. Аталган жаңы система дарыгерлердин рецепттерди жазууга кеткен убактысын үнөмдөөгө, отчеттук маалыматтарды автоматташтырууга, дарыканаларда жеңилдетилген рецепт менен сатылып жаткан дары-дармектер боюнча туура маалыматтарды алууга, дарыканалардын отчет берүүсүн автоматташтыруу аркылуу алар менен эсептешүүлөрдү тездетүүгө жана эң негизгиси коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алууга багытталган. Мында бейтаптар бир катар жагдайларды эске алуулары зарыл. Электрондук жеңилдетилген рецептти үй-бүлөлүк дарыгер бейтапка ПИН коду бар болсо, анын ден соолугуна керектүү дары-дармекти жазып бере алат. Эгерде ПИН коду жок болсо, бейтап электрондук жеңилдетилген рецептти ала албайт. Рецепт толтурулгандан кийин автоматтык түрдө электрондук рецепттердин базасына түшөт. Электрондук рецептти жазууда анын санына чектөө коюлган эмес. Чектөө каржы тарабынан коюлган. Финансылык каржылоо пландаштырылган бюджетке жана Үй-бүлөлүк медициналык борборго катталган камсыздандырылган адамдардын санына жараша белгиленет. Ар бир жаңы жазылган жана сатылган рецепттен кийин коюлган финансылык каржылоо күн сайын азая берет. Дарыканага барганда бейтап өзүнүн ПИН кодун жана рецепттин номерин көрсөтүүгө тийиш. Ушул эки көрсөткүчтү базага кийирүү менен фармацевт бейтапка жазылган рецептти базадан таап, дарыгердин оорулууга жазган дайындоосун көрө алат. Фармацевт өзүнө тиешелүү рецепттеги пункттарды толтуруп, бейтапка жазылган дары-дармекти кошумча төлөмдү төлөгөндөн кийин гана берет. Дарыканаларда бардык рецептке кагаз түрүндө жазылган рецептти талап кылууга акысы жок. Бирок, маалымдамада биздин өлкөдө атайын эсепте турган дары-дармектер бар. Ошол гана дарыларга кагаз түрүндө жазылган, дарыгердин жана медициналык мекеменин мөөрү коюлган рецепт талап кылынат. Бейтап бир рецепт менен бир эле дарыны ала алат. Дарыны алуу үчүн рецепттин номери менен ММК фонду келишим түзгөн бардык дарыканаларга кайрылса болот. Дарыны алардан мурда дарыканалардагы рецепттеги жазылган дарынын баасын билүүсү зарыл. Себеби, алардын наркы ар кайсы дарыканаларда ар башка. Дарынын баасы канчалык арзан болсо, бейтаптын кошумча төлөмү да ошончолук аз болот. Дарыгер сизге билгизбей жеңилдетилген электрондук рецептти жаза албайт жана дарыканалар ал рецепт менен дарыларды башкаларга сата албайт.

Жазнура ТОКТОБОЛОТОВА

АЙМАКТА

Президенттин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү **Эрмат ЖУМАЕВ:**

“КУРУЛУШТАР АЙМАКТЫН ЖАҢЫ ЖҮЗҮН КАЛЫПТАНДЫРАТ”



Акыркы жылдары Талас облусунда социалдык, билим берүү жана инфраструктуралык багыттагы бир нече объектте курулуш иштери жүрүп жатат. Анын ичинде Талас мамлекеттик университетинин жаңы беш кабаттуу окуу кампусу, жолдорду асфальттоо жана оңдоо иштери активдүү жүргүзүлүүдө. Аймактагы алгылыктуу иштер тууралуу соц. тармактардын колдонуучулары жылуу пикирлерин жазып жатышат. Ал эми журналист, блогерлер жеринен видео тартып, баракчаларына жүктөп, жасалып жаткан иштерди интернетке чыгарууда. Аймактагы ири иштердин жүрүшүнө карапайым калк да көз салып, жасалып жаткан иштерге алкоо айтышып, жаңы түзүлүп жаткан шарттарга кубанып турган чактары.

САПАТТУУ КУРУЛУШ – САПАТТУУ ЖУМУШ

Жаңы объектилер аймактын жаңы жүзүн калыптандырууга кызмат кылат. Аталган долбоорлор мамлекетибиздин Эгемендүүлүгүнүн 35 жылдыгына арналган салтанаттуу иш-чаралардын алкагында пайдаланууга берилип, Президент Садыр Жапаровдун катышуусунда расмий ачыларын, элибиздин келечеги үчүн курулуп жаткан ири долбоорлор өлкөбүздүн өнүгүү жолундагы маанилүү кадам экенин Президенттин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эрмат Жумаев белгилейт.

Бул багытта Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министри Нурдан Орунтаев Талас шаарындагы ири курулуштардан байма-бай кабар алып, объекттердеги иштердин сапатына көңүл буруп, жумушчу күчүн көбөйтүү боюнча подрядчы уюмдарга тапшырмаларды берүүдө. Бүгүнкү күндө Талас стадионунда курулуш-монтаждоо иштери 75 пайызга жакындап калды. Объектиде учурда 300дөн ашык жумушчу эмгектенүүдө. Долбоорго ылайык, 5000 орундуу стадиондо батыш жана чыгыш трибуналар, оюнчулар үчүн бардык шарттар, медиа жана VIP-зоналар, ошондой эле VAR системасы каралган. Мындан тышкары, футболчулар үчүн жатакана, тамактануучу жай жана административдик бөлмөлөр курулат. Эске салсак, стадиондун курулушу 2025-жылдын 9-апрелинде башталган.



“БАЛАСТАНДЫН” КУРУЛУШУ

Ал эми аймактагы “Баластан” балдар оюнзоок борборундагы курулуш иштеринин аткарылышы 85%ды түзөт. Учурда объектиде 400гө жакын жумушчу эмгектенүүдө. Жалпы аянты 6,5 гектарды түзгөн комплекс 9 корпустан турат. Долбоордо заманбап аттракциондор, балдар үчүн оюн аянтчалары, анын ичинде өзгөчө камкордукка муктаж балдар үчүн атайын зоналар, кинотеатр, конгресс-зал, коомдук тамактануу жайлары жана үй бүлөлүк эс алуу жайлары каралган. Объект пайдаланууга берилгенден кийин 200дөн ашуун жаңы жумуш орду түзүлүп, Талас шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошоору күтүлүүдө.



“МАНАС ОРДО”

“Манас Ордо” комплексиндеги реконструкциянын курулуш-монтаждоо иштери 85%га аяктап калды. Комплексте учурда 400дөн ашык куруучу эмгектенүүдө. Эми “Манас ордодо” административдик борбор, 300 орундуу конгресс-холл, улуттук стилдеги коттеджддер, жайкы жана кышкы ашканалар, галерея жана 3500 орундуу маданий иш-чаралар өтүүчү борбор эшигин ачат.

“Манас Ордо” комплексинин жалпы аянты 225 гектарды түзөт. Долбоордун алкагында музей имаратынын аянты 450 чарчы метрден 1500 чарчы метрге чейин кеңейтилди. Белгилей кетсек, “Манас Ордо” комплекси акыркы 30 жыл ичинде биринчи жолу ири масштабдагы реконструкциядан өтүүдө. Объектинин долбоору министрликке караштуу Шаар куруу жана архитектура департаменти тарабынан иштелип чыккан. Таластагы бул ири курулуштарды аяктоо убактысы Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнө карата пландалууда.

Беш-Таш айылынын тургуну
Замир Жапаркулов:

- Жасалып жаткан ишти жасалып жатат деп эле айтабыз. Чынында акыркы 2 жылда Таласта ири иштер жүрүүдө. Жолдорубуз дээрлик оңдоодон өттү. Кайсы жерди албайлы, курулуш күч алып, жумушчулар тынбай эмгектенүүдө. Мамлекет тараптан болгон бул колдоону эл билип турат. Андыктан, ири иштер улана берсин. Облусубузда “Акылман” лицейи да курулууда. Бул жаштарга болгон жаңы шарт, камкордук десек болот. Бул жерден жүздөгөн жаштарыбыз билим алышат. Келечегибиз болгон жаштарыбызга заманбап шарттарды түзүү абдан туура. Балдарыбыз билим, туура тарбия менен ийгиликтерди багынта алышат.

Таш-Арык айылынын тургуну
Бекдайыр Акматов:

- Жаңы жолдор, жаңы мектеп жана башка социалдык объекттерден сырткары бир нече айылдарга таза суу тартылууда. Буга чейин жалпы айылдыктар үчүн таза суу маселеси курч болчу. Сууну өз алдынча кудук казып тартып алганбыз. Айрымдар, аккан суудан гана иччүбүз. Чынын айтканда 35 жылдан бери чечилбей келген маселе эле. Айылыбызга таза суу келээрине аз убакыт калды. Эми ар бир үйгө таза суу кирип, жарандар үчүн жеңилдик болот деп турабыз.

Талас облусунун жашоочусу
Эмил Нурбеков:

-Чынын айталы, буга чейин Таласка ири көлөмдө каражат бөлүнбөй келген. Азыркыдай жумуштар жасалган эмес. Ири каражаттар бөлүнүп жаткандан кийин сапаттуу курулуш абдан маанилүү. Иштин натыйжасын келечек көрсөтөрү анык. Мына облусубузда бир нече жолдор оңдолууда, жол тарыбай, кеңейтилип жасалса дейбиз.

VI ДҮЙНӨЛҮК КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫ

Дизайнер Канышай МУСАЕВА:

“2000ге ЖАКЫН КОСТЮМ ТИГИЛДИ”



VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын ачылыш аземи 31-августта 51 000 орундуу жаңы салынып жаткан “Бишкек Арена” стадионунда өтөт жана ШКУнун мааракелик саммитине туш келет. VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын иш-чаралары Ысык-Көлдө уланып, 4 локацияда өтөөрү пландалууда. Оюндарга 100дөн ашуун өлкөнүн спортчулары катышат. Бул иш-чаранын кийимдер боюнча башкы сүрөтчүсү, дизайнер Канышай Мусаева. Ал командасы менен VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын 4 локациясындагы бардык катышуучулар үчүн сахналык жана салттуу кийимдерди тигүүдө. Дизайнер VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын костюмдары, образдары кандай жаралып, тигилип жатканы тууралуу ой бөлүштү.



ЖАҢЫ ЭМГЕКТЕРДИ ЖАРАТУУ – ЧОҢ ЖООПКЕРЧИЛИК

- Көчмөндөр оюндары эл аралык ири иш-чара. Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары мекенибизди, улуттук маданиятыбызды, тарыхыбызды даңазалайт. Миңдеген коноктор келет. Ал эми мен үчүн бул долбоордун командасында иш алып баруу, жаңы эмгектерди жаратуу чоң жоопкерчилик. Жаз мезгилинен бери эле тынымсыз миңдеген костюмдардын эскиздери кагазга түшүрүлдү. VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын башкы режиссеру тандап алган долбоорлордун негизинде костюмдар тигилип, соңку баскычтарга келип калдык. Биздин командадагы 20дан ашык өз ишинин чебер уз айымдары костюмдарды тигип жатышат.

САЛТТУУ ЖАНА ЗАМАНБАП ЭСТЕТИКАНЫ АЙКАЛЫШТЫРУУ

- Ар бир уз чебер ар бир образга өзгөчө кылдаттык менен мамиле жасашарын түшүнөм. Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын алкагында костюмдарды тигүүдө эки эсе жоопкерчилик бар экени анык. Мында ар бир кийимдин ар бир деталы, кездеменин сапатынан тартып улуттук оймо-чиймелерге жана аксессуарларга тарыхый тактыкты, салттуулукту, заманбап эстетиканы айкалыштыруу башкы зарылдык. Улуттук кийим ошол элдин түпкүлүгүн чагылдыруу менен катар жаркырап, заманга шайкеш нукуралуулугун сыртка берип туруусу абзел.

ЛОКАЦИЯГА КОСТЮМДАР ДАЯРДАЛУУДА

- Биздин команда Ысык-Көлдүн 4 жеринде өтө турчу VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын иш-чараларына бардык костюмдарды даярдап жатат. Уз чеберлер биринчи локация Кырчын жайлоосу, экинчи «Рух Ордо» комплексинде, үчүнчү «Көчмөндөр жаңырыгы», төртүнчү Көчмөндөр оюндарынын жабылышы аземиндеги концертке кийилүүчү костюмдарды даярдоонун соңку баскычтарына келип калды. Жалпы 2000ге жакын костюм даяр. Анын ичинде Кырчын локациясы үчүн гана 400дөн ашуун костюм тигилди. Кырчында негизи салттуу костюмдарга басым жасалат. Мисалы, костюмдардын бирин айтсам, ишчарада ал цирк өнөрлөрүн көрсөтүүдө артисттер үчүн кыргызча колорит менен жасалган костюмдар тигилүүдө. Ал эми “Рух Ордо” локациясында кыргыз музыкалык аспаптарын жараткан 5 образ бар. Алардын бири кыл кыяк. Бул образды ачуу үчүн эркек киши кийет. Ал кийүүчү кийим чыптама жана көйнөк бел боосу бар шым жана калпагы менен болот. Ушундай стилдүү образ жаралды. Өндөрү болсо кочкул кызыл жана бозомук түстө болот. Саймалар менен шөкөттөлөт. Экинчи образ комузчунун образы. Мында чыптама көйнөк шымы менен болот. Бийчилеribизге да сонун костюмдар тигилди. Белдемчи жана көйнөк болот. 30 бийчи кийип чыгат. Ушул өңдүү сахнага жана салтыбызга, кыргыз маданиятына ылайыкташкан образдарды жаратып, бизге артылган ишенич, жалпы эл алдындагы чоң жоопкерчилик үчүн бар аракетибизди көрүп жатабыз.

Бетти даярдаган Мээрим БАКТЫБЕК кызы

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

АЙТМАТОВ ААЛАМЫ

АЙТМАТОВДУН ДҮЙНӨСҮНӨ АШЫК БОЛГОН ЭРБОЛ



Күтүүсүздөн телефонума Шүгүрбай (Чаргынов) чалып калды.

- Сиз менен бир жаш жазмакерликке кызыгып жүргөн бала жолуксам деп жүрөт. Бир нече суроолору бар экен, маектешип бере аласызбы? - деди.

- Ким экен ал? Канча жашта? - деп сурадым.

- Жазуучулукка кызыгып, Чыңгыз Айтматовду өзүнө устат туткан, чыгармаларын сүйүп окуган бала экен. Бир топ журналисттер менен байланышып, айрымдарына жолугуп да жатыптыр. Убактыңыз болсо сиз менен да баарлашып, кепкеңешиңизди уксам дейт.

- Макул, жолугалы, - дедим.

Эртеси күнү жолуктук. Аты Эрбол экен. Болгону он төрт жашта. Алгач жүзүнөн тартынчаактыкты байкадым. Бирок, жаңылыпмын. Бул тартынчаактык эмес, ал анын жакшы тарбия көргөн, ыймандуу, улууну урматтаган мүнөзү экен. Чыгармачылыкка умтулган адамдардын көбүнө мүнөздүү болгон оор басырыктуулук, кыялын бийик көтөрүп жүргөн касиет анын келбетинен эле сезилип турду.

- Сиз журналистсизби? - деп сөз баштады ал.

- Ооба, журналистмин.

- Демек, жазасыз да?

- Ооба. Журналисттин түрү көп болот эмеспи. Биз ошол жазып жүргөндөрдүн катарына киребиз.

- А-а, - деп жылмайып койду.

Ошентип экөөбүздүн кызыктуу маегибиз башталды.

Эрбол аңгеме жазат экен. Жазууга болгон кызыгуусуна мектептеги мугалиминин эмгеги чоң түрткү болуптур. Айрыкча мугалиминин Чыңгыз Айтматов менен жолугушкандагы эскерүүлөрү ага күчтүү таасир калтырган экен. Айтматовдун чыгармаларын тынымсыз окуп, анын дүйнөсүнө терең сүңгүп кирүүгө аракет кылып жүргөнүн айтты.

Колубуздан келишинче билгендерибизди бөлүшүп, чыгармачылык тууралуу көпкө сүйлөштүк. Мен ага:

- Мүмкүнчүлүк болсо кыргыздын белгилүү жазуучулары, акындары, журналисттери менен жолугуп, алардын кепкеңешин ук. Ар бир жолугушуу өзүнчө мектеп. Ошол адамдардын тажрыйбасы сен үчүн чоң сабак болот, - дедим. Макул деп баш ийкеди, Эрбол.

Мени өзгөчө кубандырган бир жагдай болду. Азыр интернет заманы өкүм сүрүп, көпчүлүк өспүрүмдөр убактысын телефон менен өткөрүп, тез эле атак-даңкка жетүүнү, анын аркасы менен акча табууну эңсеп калышты. Социалдык тармактарды ачсаң эле мээнеттен эмес, бир күндө белгилүү болууну самагандар толтура. Мындай учурда Эрбол сыяктуу адабияттын босогосун аттап, китеп менен достошуп, Чыңгыз Айтматовдун асыл ойлорун, терең философиясын изденип окуп жүргөн жаштарды көрүү адамды кубандырбай койбойт экен. Он төрт жашында эле Айтматовдун дүйнөсүнө кызыгып, чыгармачылыктын татаал, бирок ыйык жолун тандап жаткаңы сейрек кездешчү көрүнүш.

Азаматсың, Эрбол! Жараткан жакшылык жолуна түрткөн жакшы жолду, залкарлар изин тандапсың. Чыныгы чыгармачылык жеңил жол эмес. Ал агын суунун шарына каршы сүзгөндөй эмгекти, чыдамкайлыкты жана чоң мээнетти талап кылат. Эгер ушул багытыңдан жазбай, тынымсыз окуп, изденип, эмгектене берсең, сөзсүз максатыңа жетесиң. Жолуң шыдыр, кадамың байсалдуу болсун. Келечекте кыргыз адабиятына өз үнүн кошкон мыкты жазуучулардын бири болушуңду каалайм.

Сөзүбүз курулай болбосун деп, Эрбол өзү менен ала келген өз мугалимине таасирленип, анын эскерүүсү аркылуу жазган бир эмгегинин бирин окурмандарга да сунуштоону туура көрдүк.

Балким, бүгүн адабият дүйнөсүнө алгачкы кадамын таштап жаткан ушул өспүрүмдүн эмгеги эртең кыргыз адабиятынын жаңы бактарын толуктап калар. Анткени, чоң жол ар дайым дал ушундай майда, бирок ишенимдүү кадамдардан башталат эмеспи.

“МУГАЛИМ – АРДАКТУУ ИНСАН”

– Бул маекти менин кыргыз тили жана адабияты сабагынан берген мугалимим Масадыкова Чолпон эжей менен болгон маектешүүнүн негизинде жаздым. Эжей Чыңгыз Айтматов менен жолугуп, анын өз колунан сыйлык жана автограф алган инсан. Баарлашуу учурунда ал мага Айтматов тууралуу көптөгөн кызыктуу окуяларды айтып берди. Ошондой эле улуу жазуучуга байланыштуу гезит-журналдарды ушул күнгө чейин чогултуп жүрөрүн белгиледи.

Алгач бул сөздөргө анчейин маани берген эмесмин. Бирок, убакыт өткөн сайын эжейимдин сабактары аркылуу Айтматовдун чыгармаларынын тереңдигин түшүнө баштадым. Айткан асыл кептери азыр да кулагымда, көкүрөгүмдө калыптыр. Аны кагазга түшүрдүм. Төмөндө Чолпон эжейдин эскерүүсүн сунуштайм.

- Бул 2008-жылдын 12-декабры болчу. Адаттагыдай эле мектепке келип, мугалимдер бөлмөсүнө кирдим. Столдун үстүндө жаткан гезитти барактап отуруп, көзүмө “Ч.Айтматовдун 80 жылдыгына карата сынак” деген жарыя урна калды. Кызыгып окуп көрсөм, “Менин биринчи мугалимим” деген темада аңгеме жазуу сынагы жарыяланыптыр. Анын негизги максаты – мугалимдердин эмгегин даңазалап, аларга болгон урмат-сыйды арттыруу эле.

Бул сынак Чыңгыз Айтматовдун 80 жылдык мааракесине арналганы мени өзгөчө шыктандырды. Анткени, мен Айтматовду кумир тутчумун. Ошентип аңгеме жазууга киришкем.

Бул тема бир жагынан жеңил көрүнгөнү менен, экинчи жагынан абдан жоопкерчиликтүү болду. Эскерүүлөргө кайрылып, ар бир сүйлөмдү жүрөктөн өткөрүп жазууга аракет кылдым. Чыгарма канчалык деңгээлде ийгиликтүү болгонун айта албайм, бирок аны кайра-кайра окуп чыгып, оңдоп-түздөп, болгон күчүмдү жумшадым. “Аракетке — берекет” дегендей, эмгегим акталды. Көп өтпөй аңгемем даяр болуп, сынакка жөнөттүм. Ошол мезгилде биз, жаштар Айтматовдун чыгармаларын сүйүп окучубуз. Анын каармандары, философиялык ойлору, адамзаттык баалуулуктар тууралуу көз карашы бизди өзүнө тартып турчу.

Чыңгыз Айтматов менен жолугуп, автограф алуу ар бирибиздин кыялыбыз эле. Кол тамга алуу үчүн узун кезектерге турчубуз. Китеп жетишпей калса, бири-бирибизден алып окуп, бир китеп бүтүндөй айылдын жаштарын кыдырып чыкчу. Бул ошол учурдагы жаштардын билимге, китепке жана адабиятка болгон сүйүүсүнүн белгиси болчу.

Ал кезде мурдагы Союздун бардык республикаларында Айтматовду урматтап, чыгармаларын сүйүп окушчу. Мен да алардын бири элем.

Бир күнү күткөн кабар келди. Сынактын жыйынтыгында үч жеңүүчүнүн катарына киргенимди билдиришти. Кубанычымда чек жок эле. Бул мен үчүн чоң сыймык болду. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземи. Чыңгыз Айтматов билим алган К.Скрябин атындагы Агрардык университетте өтөрү маалымдалды. Мен Ысык-Көлдөн Бишкекке жол тарттым. Иш-чарага келгенимде зал элге жык толгон экен. Бир аздан кийин эшик ачылып, Чыңгыз Айтматов кирип келди. Баарыбыз ордубуздан туруп, узакка кол чаптык. Баяндамалар окулуп бүткөндөн кийин сынактын жеңүүчүлөрүн сыйлоо башталды. Менин да кезегим келип, сахнага чыктым. Чыңгыз Айтматов өзү колумду кысып, грамота тапшырды. Андан сырткары өзүнүн «Кассандра тамгасы» романына автограф жазып, белек кылды. Азем соңунда бардык катышуучулар болуп эстелик сүрөткө түшүп, өз аймактарыбызга тарадык. Бул менин Чыңгыз Айтматовду биринчи жолу жакындан көрүшүм эле. Анын колун кысып, өз колунан сыйлык жана автограф алуу өмүрүмдөгү эң унутулгус көз ирмемдердин бири болуп калды.

Мен үчүн Айтматов жөн гана жазуучу эмес, терең ойчул инсан. Анын философиялык дүйнөсүн окуган сайын Лао-Цзы менен Конфуций сыяктуу улуу ойчулдарды эстейм. Кыргыз элинде көптөгөн акылман инсандар өткөнү менен Айтматовдун бийиктиги өзгөчө экенине ишенем.

Балким, келечекте ошол бийиктикти багындырган жаңы муун чыгат. Биздин коом дал ошондой руханий лидерлерге, терең ой жүгүрткөн инсандарга муктаж. Айтматов баштаган улуу жолду улай турган жаштар сөзсүз өсүп чыгат деп ишенем, - деп Чолпон эжей сөзүн жыйынтыктады

Чолпон эжейдин бул эскерүүсү жөн гана бир жолугушуунун баяны эмес. Бул – улуу жазуучунун эл арасындагы кадыр-баркын, ошол доордогу жаштардын китепке болгон сүйүүсүн жана мугалимдин жүрөгүндө өмүр бою сакталган унутулгус эстеликти чагылдырган тарыхтын бир бүктөмү. Эжейиме ааламдын атактуу жазуучусу Айтматов атабыз чоң таасир калтырган болсо, анын учкундары менен бизге баалуу болуп айтылган Чолпон эжейимдин эскерүүсү мага таасир берген болду...

Даярдаган
Күнболот МОМОКОНОВ

МЕДИЦИНАДА

ВАКЦИНА ЖАКШЫ НАТЫЙЖА КӨРСӨТТҮ



Moderna компаниясы иштеп чыккан жекелештирилген мРНК-вакцина тери рагынын агрессивдүү түрү болгон меланоманын кайра пайда болуу жана жайылуу коркунучун азайтууда оң натыйжа көрсөттү. Бул тууралуу Reuters агенттиги билдирди.

Вакцина ар бир бейтап үчүн өзүнчө даярдалат. Ал шишик клеткаларындагы өзгөчө мутацияларды аныктап, иммундук системага аларды таанып, жок кылууга жардам берүүгө багытталган.

Клиникалык сыноодо вакцина Merck компаниясынын Keytruda препараты менен бирге колдонулган. Меланома хирургиялык жол менен алынгандан кийин оорунун кайра кайталануу коркунучу жогору болгон бейтаптарда бул айкалыш Keytruda-ны жалгыз колдонууга караганда жакшы натыйжа көрсөткөн.

Изилдөөгө 1 миңден ашык бейтап катышып, жекелештирилген вакцина менен Keytrudanын айкалышы оорунун кайра кайталанышын жана башка органдарга жайылышын азайтууда артыкчылык берген.

Адистердин айтымында, бул ийгилик мРНК технологиясын рак ооруларын дарылоодо колдонууга жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Учурда ушундай жекелештирилген дарылоо ыкмалары өпкө, эмчек жана уйку безинин рагына каршы да изилденип жатат.

Ошол эле учурда адистер бул препарат азырынча клиникалык изилдөө баскычында экенин белгилешет. Демек, аны бардык рак ооруларын айыктыруучу даяр вакцина катары кабыл алууга болбойт. Бирок изилдөөнүн оң жыйынтыгы рак менен күрөшүүдө ар бир бейтаптын шишигинин өзгөчөлүгүнө жараша дарылоо ыкмаларын иштеп чыгууга чоң үмүт жаратууда.

«Эркин-Тоо» пресс

ИШ ИЛГЕРИ!

БИШКЕКТЕ КАНДАЙ ДОЛБООРЛОР ИШКЕ АШУУДА?

Бишкек мэриясынын маалыматына таянсак, ушу тапта борбор шаардын инфраструктурасын жаңылоо, транспорт системасын өнүктүрүү, жаңы жумуш орундарын түзүүгө багытталган бир катар инвестициялык жана инфраструктуралык долбоорлор ишке ашырылууда.



ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫН ӨНДҮРҮҮЧҮ ЗАВОДДУН КУРУЛУШУ

Бишкекте дагы бир маанилүү инвестициялык долбоорлордун бири – катуу тиричилик калдыктарын утилдештирүү аркылуу электр энергиясын өндүрүүчү заводдун курулушу. Бул долбоорго салынган инвестициянын көлөмү 95 млн долларды түзөт. Ишкана суткасына 1000 тоннага чейин калдыктарды кайра иштетүүгө эсептелген. Анын кубаттуулугун 1 200 тоннага чейин жогорулатууга жана 30 МВтка чейин электр энергиясын өндүрүүгө мүмкүнчүлүк бар. Бүгүнкү күндө 80 жумуш орду түзүлгөн. Ушул жылдын июль айында долбоордун экинчи баскычына кадам ташталды. Экинчи баскычта суткасына 2 000 тоннага чейин калдыктарды кайра иштетүүгө жөндөмдүү кошумча объект куруу каралган.

Мындан тышкары, Бишкек шаарынын тазалоочу курулмаларын реконструкциялоо жана модернизациялоо долбоору ишке ашырылууда. Бул ишке тартылган инвестициянын көлөмү 56 млн долларды түзөт. Иштер аяктагандан кийин саркынды сууларды тазалоонун жалпы кубаттуулугу суткасына 500 миң куб метрге чейин жетери күтүлүүдө.

300 млн ДОЛЛАРЛЫК ИНВЕСТИЦИЯ

Борбор калаада «Ак-Кула» ат майданынын мурдагы аймагында көп функционалдуу комплекс курулууда. Долбоордун инвестициялык көлөмү 300 млн доллардан ашат. Учурда курулуш жана аймакты көрктөндүрүү иштери жүрүүдө.

Аны менен катар «Бишкек-Сити» көп функционалдуу комплексинин долбоору «Туран Сити» компаниясы менен биргеликте ишке ашырылууда. Долбоорго 300 млн доллар өлчөмүндө инвестиция тартуу каралган. Долбоор заманбап шаардык жана коомдук инфраструктуранын объектилерин түзүүнү көздөйт.

“ОПТИМА” ТУРАК ЖАЙ КОМПЛЕКСИ

Ошондой эле, инвестициянын көлөмү 1 млрд 200 млн сомду түзгөн «Оптима» турак жай комплексинин долбоору ишке ашырылып чыккан. Долбоордун алкагында турак жайлар, парк, эс алуу зоналары, билим берүү жана маданий инфраструктура объектилерин түзүү каралган.

ТЕННИС: ЭКИ СПОРТ КОМПЛЕКСИНИН РЕКОНСТРУКЦИЯ ИШИ

Мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн алкагында Бишкек шаарында теннис боюнча эки спорт комплексин реконструкциялоо долбоору ишке ашырылууда. Долбоорлорго жалпы инвестициянын көлөмү 440 млн сомдон ашат. Алар заманбап спорттук инфраструктураны түзүүгө, массалык жана профессионалдык спортту өнүктүрүүгө багытталат.

Бишкекте аткарылып жаткан иштердин катарын көчө-жол тармагын өнүктүрүү жана транспорттук жол түйүндөрүн куруу долбоорлору да толуктайт. Атап айтсак, «Бишкек шаарынын көчө-жол тармагын өнүктүрүү (3-фаза)» жана «Бишкек шаарындагы транспорттук жол түйүндөрү» долбоорлорунун алкагында Курманжан Датка көчөсүн реконструкциялоо жана үч транспорттук жол түйүнүн куруу каралган. Бул долбоор гранттык каражатка каржыланып, анын көлөмү 32,6 млн доллар. Бул иш соңуна чыкса, шаардын транспорттук байланышы жакшыртылып, жол тармагынын айрым тилкелеринин өткөрүү жөндөмдүүлүгү жогорулайт.

Негизинен инвестициялык активдүүлүк Бишкектин экономикалык өнүгүүсүнө, шаардык инфраструктуранын сапатын жогорулатууга жана заманбап, ыңгайлуу шаардык чөйрөнү калыптандырууга өбөлгө түзөрү анык. Ошол эле учурда долбоорлордун олуттуу бөлүгүндө калкты иш менен камсыз кылуу үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Мээрим БАКТЫБЕК кызы

АЙМАКТАРДА

182 ЧАКЫРЫМДАН АШЫК ЖОЛ ЖАРЫКТАНДЫРЫЛДЫ


Нарын районунда жолдорду түнкү жарыктандыруу иштери улануда. Учурда райондогу жалпы узундугу 182 чакырымдан ашык жол жарыктандырылды.

Президенттин аймактагы өкүлчүлүгүнөн билдиришкендей, Эмгек-Талаа жана Хутор-Ак-Талаа айылдарында да түнкү жарыктандыруу иштери жүргүзүлүүдө. Долбоор райондук фонддун эсебинен каржыланып, айылдардын жалпы 4,5 чакырым ички жолуна жарык орнотуу каралган. Учурда иштердин 90%ы аткарылды.

Нарын районунда жолдордун жалпы узундугу 442 чакырымдан ашат. Алдыда бардык айылдардын ички жана айылдар аралык жолдорун жарыктандыруу пландалууда.



АЙНЕК ЗАВОДУ ИШКЕ КИРЕТ



Чүй облусунда айнек продукциясын өндүрүүчү «Гласс борбор» ишканасын август айынын аягында ишке киргизүү пландалууда. Бул тууралуу Экономика жана коммерция министрлиги билдирди.

Жаңы заводдо 300 жумуш орду түзүлүп, айына 12 миң чарчы метр, жылына 144 миң чарчы метрден ашык продукция өндүрүү күтүлүүдө. Ишканада айнек пакеттер жана жарыкты чагылдыруучу айнектер чыгарылат.

Долбоордун негизги максаты – ички рынокту ата мекендик продукция менен камсыздап, импорттук материалдарга көз карандылыкты азайтуу. Ишкананын ишке кириши менен Чүй облусунда өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмүн көбөйтүүгө шарт түзүлөт.

“АКЫЛМАН” ЛИЦЕЙИ, МЕКТЕПТЕР, ООРУКАНА ЖАНА СПОРТ САРАЙЫ КУРУЛУУДА



Манас шаарында бир катар ири социалдык объектилердин курулушу жүрүүдө. Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министри Нурдан Орунтаев алардын иши менен таанышты.

Иш сапардын жүрүшүндө “Акылман” президенттик лицейинин, жаңы мектептердин, Жалал-Абад облустук клиникалык ооруканасынын жаңы корпусунун жана 5200 орундуу спорт сарайынын курулушу каралды.

Министрдин айтымында, учурда республика боюнча министрликтин көзөмөлүндө 540 социалдык объекттин курулушу жүрүп жатат. Алардын басымдуу бөлүгү билим берүү тармагына тиешелүү.

Орунтаев бардык башталган объектилерде курулуш иштери графикке ылайык уланып жатканын белгилеп, сапатты сактоо жана объектилерди белгиленген мөөнөттө пайдаланууга берүү боюнча тиешелүү жетекчилерге тапшырма берди.

ЧҮЙ МЕНЕН ОШ ШААРЫ АЛДЫДА

2026-жылдын январь–июль айларында Кыргызстанда тамак-аш азыктарын, суусундуктарды жана тамеки продукцияларын өндүргөн ишканалар жалпы 69 млрд 840 млн 684,6 миң сомдук продукция чыгарышты. Бул тууралуу Улуттук статистика комитети билдирди. Өндүрүштүн эң жогорку өсүшү балык жана рак сымалдууларды кайра иштетүү жана консервалоо тармагында катталган. Бул багыттагы өндүрүш 2,6 эсеге көбөйүп, 233 млн 186,3 миң сомго жетти. Ошондой эле нан жана ундан жасалган кондитердик азыктарды өндүрүү 28,1 пайызга, минералдык суу жана алкоголсуз суусундуктарды чыгаруу 12,1 пайызга, даяр мал тоюттарын өндүрүү 10,4 пайызга, ун жана дан азыктарын чыгаруу 9,3 пайызга, эт азыктарын өндүрүү 8,2 пайызга өстү. Өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү боюнча Чүй облусу алдыда турат. Ал эми шаарлардын ичинен эң жогорку өсүү темпи Ош шаарында катталып, 77,6 пайызды түзгөн.



ЖАҢЫ ТӨРӨТ ҮЙҮ АЧЫЛАТ

Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Новопокровка айылында мурдагы ооруканандын имараты капиталдык оңдоодон өтүп жатат. Оңдоо иштери аяктагандан кийин бул жерде 100 орундуу Чүй облустук төрөт үйүн жайгаштыруу пландалууда. Бул тууралуу Саламаттык сактоо министрлиги билдирди. Учурда имаратты капиталдык оңдоо иштери акыркы баскычка жетти. Имаратты капиталдык оңдоого мамлекеттик бюджеттен 200 млн сом бөлүнгөн. Мындан тышкары, болочок төрөт үйүнө керектүү медициналык жабдууларды сатып алууга 89 млн сом каралган.

«Эркин-Тоо» пресс

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

«КЫЛЫМ БАНК» АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУНУН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

«Кылым Банк» ачык акционердик коомунун ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 70, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин «Кылым Банк» ачык акционердик коомунда акционер катары чыгуу боюнча ыйгарым укуктарын ишке ашыруу боюнча функцияларды Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинен Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына өткөрүп берсин;

2) өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы:

1) Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен биргеликте ушул Жарлыктан келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн;

2) белгиленген тартипте мамлекеттик мүлктү «Кылым Банк» ачык акционердик коомуна пайдаланууга берүү үчүн чараларды көрсүн.

3. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруусу контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 19-августу, №296

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН НАРЫН ОБЛУСУНУН АК-ТАЛАА РАЙОНУНУН АЛА-БУГА АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕЛЕРИН «АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР» КАТЕГОРИЯСЫНАН «КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ» КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жолунун курулушуна байланыштуу коомдук жана мамлекеттик муктаждыктар үчүн алынган Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Ала-Буга айыл аймагында жайгашкан жер тилкелеринин ордуна бирдей баадагы жер тилкелерин жарандарга берүү максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2026-жылдын 17-февралындагы №01-17/681 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Ак-Талаа районунун мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 11-февралындагы №01-18/1 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18, 69, 102-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Ала-Буга айыл аймагындагы №3470 контурда жайгашкан, мамлекеттик менчикте турган, жайыт жерлеринин жалпы аянты 3,36 га болгон жер тилкелери «Айыл чарба багытындагы жерлер» категориясынан «Калктуу конуштардын жерлери» категориясына которулсун (трансформациялансын).

2. Кыргыз Республикасынын Нарын облусунун Ак-Талаа районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкелеринин шаар куруу документтерин Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура жаатындагы мыйзамдарына ылайык курулуш ченемдери жана эрежелерин так сактоо менен иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

3) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкелерин максаттуу багыты боюнча пайдалануу;

4) жамгырдын жана эриген кардын сууларын коопсуз буруу системасынын иштөөсүн, башкы пландагы жер титирөөгө каршы иш-чараларды жана тиешелүү аймактагы кооптуу процесстерге жана кубулуштарга мониторинг жүргүзүү, болжолдоо боюнча колдонмону сактоону;

5) аймактын инфраструктурасынын, жашоо-тиричилигин камсыз кылуу системасынын иштөөсүн жана өнүгүүсүн, социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү жергиликтүү бюджеттин, жергиликтүү коомчулуктун жана жер тилкелеринин менчик ээлеринин каражаттарынын эсебинен уюштурууну;

6) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкелери пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аларды баштапкы абалына келтирүү боюнча чараларды көрүүнү;

7) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкелеринде тарыхый-маданий мурас объекттери табылган учурда аларды күтүүнү жана коргоону, жер казуу жана курулуш иштерин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык археологиялык көзөмөл жүргүзүү үчүн археолог адисти тартууну;

8) «Автомобиль жолдору жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык автомобиль жолунун бөлүнгөн тилкесин техникалык тейлөөнү, ошондой эле электр тармактарын коргоо эрежелерине ылайык аба электр берүү линияларынын коопсуздук зоналарын сактоону уюштырууну;

9) Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мыйзамдарына ылайык чарбалык жана башка ишти жүзөгө ашырууда экологиялык талаптарды сактоону;

10) санитардык-эпидемиологиялык эрежелердин жана ченемдердин талаптарын, ошондой эле жарандык коргонуу жаатындагы ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактоону.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруусу контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 18-августу, №558

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2020-ЖЫЛДЫН 30-АПРЕЛИНДЕГИ №227 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНИН АЛДЫНДАГЫ ДАРЫ КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА МЕДИЦИНАЛЫК БУЮМДАР ДЕПАРТАМЕНТИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинин ишин тартипке келтирүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-апрелиндеги №227 «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти жөнүндө жободо:

– 16-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

«– Департаменттин кызматкерлерине эмгек акы төлөөгө.»;

– төмөнкүдөй мазмундагы 18^1-пункт менен толукталсын:

«18^1. Департаменттин кызматкерлерине эмгек акы төлөө тартиби Министрлик тарабынан бекитилет.».

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 18-августу, №557

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 12-ИЮЛУНДАГЫ №381 «ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ ТАРАБЫНАН ЭМГЕК КЕЛИШИМИ БОЮНЧА ЖАЛДАНГАН КЫЗМАТКЕРЛЕРГЕ ЭМГЕК АКЫ ТӨЛӨӨНҮН ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 26-мартындагы №121 «Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн айрым кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы №381 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан эмгек келишими боюнча жалданган кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 2-тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруусу контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыялануага тийиш жана 2026-жылдын 1-сентябрынан тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 18-августу, №559

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 4-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №542 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЛАСТЕРЛЕРДИ УЮШТУРУУ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Агроөнөр жай комплексин туруктуу өнүктүрүүнү камсыздоо, агроөнөр жай кластерлеринин ишин коргоо жана колдоо механизмдерин өркүндөтүү, агроөнөр жай комплексин кластердик өнүктүрүү чөйрөсүндөгү кызыкдар тараптардын аракеттерин координациялоо максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 22-июлундагы №202 «Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплексин андан ары өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгын аткаруу үчүн, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-сентябрындагы №542 «Кыргыз Республикасында кластерлерди уюштуруу жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– төмөнкүдөй мазмундагы 2^1-пункт менен толукталсын:

«2^1. Кыргыз Республикасындагы агроөнөр жай кластерлери жөнүндө жобо 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.»;

– ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда 3-тиркеме менен толукталсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 19-августу, №560

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2026-ЖЫЛДЫН 29-ЯНВАРЫНДАГЫ №21 «АВТОМОТОТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫНЫН АЙДООЧУЛАРЫН ДАЯРДООНУ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУЧУ УЮМДАРДЫН АВТОМОТОТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫНЫН АЙДООЧУЛАРЫН ДАЯРДОО ЖАНА КАЙРА ДАЯРДОО ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУНУ АПРОБАЦИЯЛОО ЖАНА ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ» ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Автомототранспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо чөйрөсүндөгү билим берүү ишин жөнгө салууну өркүндөтүү боюнча апробациялык режимди толук ишке ашыруу камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 29-январындагы №21 «Автомототранспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоону жүзөгө ашыруучу уюмдардын автомототранспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо чөйрөсүндөгү ишин жөнгө салууну апробациялоо жана өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пункттагы «30-августуна» деген сөздөр «31-декабрына» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы:

– 2026-жылдын 1-сентябрына чейинки мөөнөттө апробациялык режимдин ишке ашырылышына мониторинг жүргүзсүн;

– 2026-жылдын 1-октябрына чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына апробациялык режимди ишке ашыруунун орто аралык натыйжаларын эске алуу менен даярдалган Кыргыз Республикасынын тиешелүү ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун киргизсин.».

2. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 19-августу, №297

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 24-НОЯБРЫНДАГЫ №752 «СЕЗОНДУК ЖУМУШТАРДЫН ТИЗМЕГИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

«Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 24-ноябрындагы №752 «Сезондук жумуштардын тизмегин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Сезондук жумуштардын тизмегинде:

– 1-пункттун 1-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1) жазгы-талаа жумуштары (минералдык жана органикалык жер семиртkичтерди себүү, кыртышты даярдоо, айыл чарба өсүмдүктөрүн жазгы айдап-себүү, айыл чарба өсүмдүктөрүн сугаруу, айыл чарба өсүмдүктөрүн зыянкечтерге, илдеттерге жана отоо чөптөрүнө каршы химиялык жана биологиялык иштетүүлөрдү жүргүзүү);».

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 19-августу, №561

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2025-ЖЫЛДЫН 14-МАРТЫНДАГЫ №131 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

«Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5, 9, 36-беренелерин, «Майыптыгы бар адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 29-беренесин ишке ашыруу, сапаттуу жалпы билим алууга бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу, инклюзивдик билим берүүнүн принциптерин киргизүү, ошондой эле майыптыгы бар билим алуучулардын билим алуусу үчүн зарыл шарттарды түзүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы №131 «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункттун биринчи абзацындагы «билим берүү жана илим» деген сөздөр «агартуу» деген сөзгө алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында:

– 5-пункт төмөнкүдөй мазмундагы жыйырма экинчи, жыйырма үчүнчү жана жыйырма төртүнчү абзацтар менен толукталсын:

«ыңгайлаштырылган билим берүү программасы (ЫБП) – майыптыгы бар (же) өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар билим алуучулардын белгилүү бир категориясынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен предметтик стандарттардын негизинде иштелип чыккан, класстын же топтун деңгээлинде ишке ашырылуучу, билим берүү натыйжаларына жетишүүнү жеткиликтүү формада камсыз кылууга багытталган билим берүү программасы;

ыңгайлаштырылган жекече билим берүү программасы (ЫЖБП) – конкреттүү билим алуучу үчүн анын майыптыгын жана (же) өзгөчө билим берүү муктаждыктарын, жекече өзгөчөлүктөрүн, ден соолугунун абалын жана адистердин сунуштамаларын эске алуу менен предметтик стандарттардын негизинде иштелип чыккан, билим алуучунун билим берүү натыйжаларына жетишүүсүн жеткиликтүү формада камсыз кылууга багытталган билим берүү программасы;

ассистивдик технологиялар – майыптыгы же өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар адамдарга башка билим алуучулар менен бирдей билим алууга жардам берген атайын техникалык каражаттар, программалык камсыздоо, түзүлүштөр жана инструменттер.»;

– 9-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 11-пунктча менен толукталсын:

«11) өнүгүүсүндөгү бузулуунун тибин жана даражасын эске алуу менен өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар билим алуучулар үчүн дифференцияланган жана ыңгайлаштырылган билим берүү процессин камсыз кылуу.»;

– 16-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«16. Майыптыгы жана (же) өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар билим алуучулар үчүн төмөнкүлөр иштелип чыгат жана ишке ашырылат:

1) ыңгайлаштырылган билим берүү программасы (мындан ары – ЫБП);

2) ыңгайлаштырылган жекече билим берүү программасы (мындан ары – АЖБП).

ЫБП жана ЫЖБП мектепке чейинки, башталгыч, негизги жана жалпы орто билим берүү, кесиптик башталгыч билим берүү, кошумча кесиптик билим берүү, балдарга жана эрезеге жеткендерге кошумча билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан билим берүүнүн мазмунун, окутуу шарттарын жана окутуунун пландаштырылган натыйжаларын ыңгайлаштыруу зарылдыгын эске алуу менен предметтик стандарттардын негизинде иштелип чыгат.

Билим берүүнүн мазмунун ыңгайлаштыруу негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу багытын сактоо менен окуу материалынын көлөмүн, мазмунун жана өздөштүрүү темпин өзгөртүүгө жол берет.

ЫБП жана (же) ЫЖБП төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) ыңгайлаштырылган билим берүүнүн мазмунун жана окутуунун пландаштырылган натыйжаларын;

2) билим берүүчү жана түзөтүү-өнүктүрүүчү иш-чаралардын тизмегин жана аларды ишке ашыруу планын;

3) окутуунун жана тарбиялоонун атайын шарттарынын сыпатталышын;

4) билим алуучунун жеке прогрессине мониторинг жүргүзүү системасын;

5) окуу жүктөмүн ыңгайлаштырууну;

6) окутуунун методдорун, формаларын жана каражаттарын ыңгайлаштырууну;

7) баалоонун формаларын жана жол-жоболорун ыңгайлаштырууну.

ЫБПны жана ЫЖБПны ишке ашыруу педагогикалык кызматкерлердин, коштоп жүрүүчү адистердин жана билим алуучулардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) катышуусу менен жүзөгө ашырылат.

Ыңгайлаштырылган билим берүү программаларын жана ыңгайлаштырылган жекече билим берүү программаларын түзүүнүн типтүү тартиби (мындан ары – Типтүү тартип) мектепке чейинки билим берүү, башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүү, башталгыч кесиптик билим берүү, кошумча кесиптик билим берүү жана балдар менен чоңдор үчүн кошумча билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилет.»;

– төмөнкүдөй мазмундагы 17^1 жана 17^2-пункттар менен толукталсын:

«17^1. Майыптыгы жана (же) өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар билим алуучулар үчүн билим берүү процессинде төмөнкүлөр каралышы мүмкүн:

1) окуу жүктөмүн кайра бөлүштүрүү;

2) билим берүү программасын өздөштүрүү темпин өзгөртүү;

3) билим берүүнүн мазмунун жарым-жартылай модификациялоо;

4) түзөтүү-өнүктүрүүчү сабактарды киргизүү;

5) билим алуучуларды психологиялык-педагогикалык жана социалдык коштоону уюштуруу;

6) педагогдордун жана коштоо адистеринин өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу;

7) билим алуучулардын билим алуу натыйжаларына мониторинг жүргүзүү.

Түзөтүү-өнүктүрүүчү сабактар билим берүү процессинин бир бөлүгү болуп саналат жана билим алуучулардын окуу жүктөмүн аныктоодо эске алынат.

17^2. Көрүүсү жана угуусу бузулган билим алуучулар үчүн билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн билим берүү уюмдары төмөнкүлөр каралган атайын окуу шарттарын түзөт:

1) окуу материалдарын жеткиликтүү форматтарда колдонуу, анын ичинде Брайлдын рельефтик-чекиттик шрифти менен, чоңойтулган шрифтте аткарылган, электрондук жана аудио форматтагы материалдар;

2) окуу маалыматтарын берүүнүн визуалдык, үн жана башка альтернативдүү ыкмаларын колдонуу;

3) Брайлдын рельефтик-чекиттик шрифтинин негиздерин жана (же) жаңсоо тилин билген педагогикалык кызматкерлерди жана адистерди тартуу же билим алуучуну тиешелүү коштоп жүрүүнү камсыз кылуу;

4) билим алууга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуучу атайын техникалык каражаттарды жана ассистивдик технологияларды колдонуу.»;

төмөнкүдөй мазмундагы 19^1-пункт менен толукталсын:

«19^1. Майыптыгы жана (же) өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар билим алуучулар үчүн окуу жүктөмүнүн өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөргө жол берет:

1) окуу жүктөмүнүн көлөмүн жана түзүмүн дифференциялоого;

2) окуу сааттарын кайра бөлүштүрүүгө;

3) билим берүү программасын өздөштүрүү темпин жекелештирүүгө;

4) билим берүүнүн мазмунун ыңгайлаштырууга;

5) окутуунун атайын методдорун колдонууга;

6) атайын техникалык жана программалык каражаттарды пайдалануга;

7) окуудагы жетишкендиктерди баалоонун формаларын жана жол-жоболорун ыңгайлаштырууга.

Окуу жүктөмүнүн конкреттүү параметрлери ЫБПда жана (же) ЫЖБПда окутуунун жана тарбиялоонун атайын шарттарын түзүүнүн, билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана билим алуучунун жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен окутуунун пландаштырылган натыйжаларына жетишүүнү камсыз кылуунун зарылдыгын эске алуу менен базистик окуу планынын негизинде белгиленет.

Окуу жүктөмүнүн өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле ЫБПны жана ЫЖБПны иштеп чыгууну, бекитүүнү жана ишке ашыруунун аныктоо мектепке чейинки, башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүү, башталгыч кесиптик билим берүү, кошумча кесиптик билим берүү жана балдар менен эрезеге жеткендер үчүн кошумча билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан Типтүү тартипте белгиленет.

Көрсөтүлгөн билим алуучулар үчүн билим берүү процессин уюштуруунун өзгөчөлүктөрү окутуунун жана тарбиялоонун атайын шарттарын түзүүнү, ошондой эле билим алуучунун жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен окутуунун пландаштырылган натыйжаларына жетишүүнү камсыз кылууга тийиш.»;

– төмөнкүдөй мазмундагы 24^1-пункт менен толукталсын:

«24^1. Майыптыгы жана (же) өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар билим алуучулар үчүн баалоону уюштуруунун жана жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү мектепке чейинки, башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүү, башталгыч кесиптик билим берүү, кошумча кесиптик билим берүү жана балдар менен эрезеге жеткендер үчүн кошумча билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат.

Майыптыгы жана (же) өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар билим алуучулар үчүн өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, ден соолугунун абалын, функционалдык мүмкүнчүлүктөрүн жана өзгөчө билим берүү муктаждыктарын эске алуу менен билим алуучунун жеке прогрессин жана окутуунун пландаштырылган натыйжаларына жетишүү даражасын объективдүү баалоону камсыз кылуучу баалоонун ыңгайлаштырылган формалары жана шарттары колдонулат.

Баалоонун формаларын жана шарттарын ыңгайлаштырууда төмөнкүлөр каралышы мүмкүн:

1) тапшырмаларды жана жоопторду берүү формасын өзгөртүү (оозеки, жазуу жүзүндөгү, практикалык, альтернативдүү);

2) баалоо тапшырмаларын аткаруу убактысын узартуу;

3) атайын техникалык жана программалык каражаттарды колдонуу;

4) баалоо жүргүзүүнүн уюштуруучулук шарттарын өзгөртүү;

5) баалоонун жеткиликтүүлүгүн жана объективдүүлүгүн камсыз кылууга багытталган башка чаралар.

Баалоо билим алуучунун жеке прогрессин жана ЫБПда жана (же) ЫЖБПда аныкталган окутуунун пландаштырылган натыйжаларын эске алуу менен жүзөгө ашырылат.

Өзгөчө учурларда, медициналык көрсөтмөлөр болгондо жана психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссиянын жана (же) медициналык комиссиянын корутундусунун негизинде жыйынтыктоочу баалоо жүргүзүү формасын өзгөртүүгө, баалоонун айрым түрлөрүн башка формалар менен алмаштырууга же баалоонун айрым түрлөрүнөн бошотууга мектепке чейинки, башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүү, башталгыч кесиптик билим берүү, кошумча кесиптик билим берүү жана балдар менен эрезеге жеткендер үчүн кошумча билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген, саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашылган тартипте жол берилет.».

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 20-августу, №563

Эркин-Тоо
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

АЙМАК ӨНҮКСӨ – ӨЛКӨ ӨНҮГӨТ

Аламүдүн районунун Достук а

“ИНВЕСТОР АЙМАКТЫН Э ЖАШОО-ТУР

***Б**ерекелүү Сары-Өзөндүн төрүндө, борбор калаага жакын жайгашкан Достук айыл аймагы Чүй облусундагы экономикалык мүмкүнчүлүгү кең аймактардын бири. Аймактын курамына бир нече айыл кирип, калкынын саны 20 миңден ашат. Борбор шаарга жакын жайгашканы, транспорттук мүмкүнчүлүктөрү жана өндүрүшкө ыңгайлуу шарттары Достуктун инвестициялык потенциалын жогорулатат. Бирок, экономикалык мүмкүнчүлүк менен катар чечүүнү талап кылган социалдык жана инфраструктуралык маселелер да арбын. Айрыкча таза суу көйгөйү көп жылдан бери аймактын күн тартибинен түшпөй келген. Бүгүн жергиликтүү бийлик бул маселени өз бюджетинин эсебинен чечүүгө аракет кылып жатат. Достук айыл аймагынын башчысы Тимур Джумалиев жергиликтүү бийлик тармагында үзгүлтүксүз иштеп келаткандыктан анын башкаруу ишиндеги негизги багыттардын бири - аймактын ички мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен инфраструктураны жакшыртып, экономикалык активдүүлүккө шарт түзүү. Төмөндө аймак башчысы менен бир катар маселелер боюнча маектештик.*



- Тимур Болотович, бүгүн Достук айыл аймагында иш кайнап жаткандай. Азыр негизги көңүл кайсы иштерге бурулууда?

- Чындыгында, иш абдан көп. 2024-жылы жүргүзүлгөн административдик-аймактык реформага байланыштуу Гроздь, Ленин жана Ак-Дөбө айыл өкмөттөрү биригип, Достук айыл аймагы түзүлгөн. Аймакта тогуз айыл, 20 978дей калк, 5684төй кожолук бар. Жалпы аянтыбыз 15 миң гектарга жакын.

Үч айыл өкмөт бириккенде, албетте, буга чейин топтолуп келген маселелер да бир аймакка чогулду. Ошондуктан биринчи кезекте көйгөйлөрдү иреттеп, кайсы маселени кандай жол менен чечүүгө болорун аныктап жатабыз. Учурда биз үчүн эң маанилүү маселелердин бири - таза суу. Айрыкча Ленин айылындагы суу түтүктөрү эскирип, жаңылоону талап кылып келген. Бул көйгөйдү сырттан каржылоону күтүп отурбастан, жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгүн пайдаланып чечүүгө кириштик.

2024-жылдан бери Алма-Ата көчөсүндөгү таза суу түтүктөрүн толугу менен жаңылоону жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүп жатабыз. Объездной жолунан тартып, Алма-Ата көчөсүндөгү «Ак-Жол» бажы бекетине чейинки аралыктагы жалпы узундугу 10 чакырым 600 метрди түзгөн суу түтүктөрү алмаштырылып, ошону менен катар эле бүгүнкү талапка жооп берген эсептегичтерди орнотуу иштери да жүргүзүлүүдө. Бул долбоордун сметалык баасы 64 млн сомду түзүп, каражаттын баары жергиликтүү бюджеттен каржыланууда.

Мындан тышкары, Алма-Ата көчөсүнө жанаша жайгашкан Восточная көчөсүндөгү суу түтүктөрүн да жаңыртып жатабыз. Ал жерде 3,5 чакырым түтүк алмаштырылып, бул иштерге жергиликтүү бюджеттен 31 млн сом бөлүндү. Бул жактагы жумуштар да атайын долбоордун негизинде жүргүзүлүп, учурда толугу менен аяктады. Ал эми Алма-Ата көчөсүндөгү иштерди жакынкы 2-3 айдын ичинде бүтүрүүнү пландап жатабыз. Жалпысынан таза суу инфраструктурасын жаңылоого жергиликтүү бюджеттен 100 млн сомго жакын каражат жумшалууда. Бул биз үчүн чоң сумма. Бирок элдин жашоосу үчүн маанилүү болгон маселени кийинкиге жылдыра берүүгө болбойт.

- Бул иштин өзгөчөлүгү - маселе жергиликтүү бюджеттин эсебинен чечилип жатканы окшойт?

- Туура. Аймак жаңыдан бириккенден кийин биз үчүн эң негизги милдеттердин бири - өзүбүздүн ички мүмкүнчүлүктөрүбүздү туура пайдалануу болду. Албетте, республикалык бюджеттен, тиешелүү мамлекеттик программалардан жардам алуу маанилүү. Бирок бардык маселени жогору жактан каржылоо күтүп отуруп чечүү мүмкүн эмес. Жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгүн көбөйтүү, кирешени арттыруу жана ошол каражатты элге керектүү долбоорлорго багыттоо - биздин негизги милдетибиздин бири.

- Достук айыл аймагында ар түрдүү тармакта иш алып барган ишканалар арбын экен. Өндүрүштүн болушу жергиликтүү бюджетке жана жалпы эле аймактын өнүгүшүнө кандай таасир берип жатат?

- Биздин аймактын чоң артыкчылыктарынын бири - өндүрүштү өнүктүрүүгө жана инвестиция тартууга мүмкүнчүлүктөрүбүздүн кеңдиги. Бишкекке жакын жайгашканыбыз, транспорттук инфраструктурабыз жана өндүрүш үчүн ылайыктуу жерлердин болушу инвесторлор үчүн кызыктуу шарт түзөт.

Бүгүнкү күндө аймагыбызда инвестициянын эсебинен ишке ашкан бир катар долбоорлор бар. Алардын бири - «Бек-Кабель» заводу. Мындан тышкары кирпич чыгаруучу ишкана да иштеп жатат. Бул долбоорго болжол менен 5,5 млн доллар көлөмүндө инвестиция салынган. Кирпич заводу 2023-жылы башталып, 2025-жылы ишке берилди.

Мындай долбоорлор биз үчүн бир нече жагынан маанилүү. Биринчиден, жаңы өндүрүш пайда болсо, жаңы жумуш орундары түзүлөт. Экинчиден, жергиликтүү бюджетке түшкөн кирешелер көбөйөт. Үчүнчүдөн, аймакта экономикалык активдүүлүк күчөйт.

- Азыр дагы жаңы инвесторлор келип жатканын айттыңыз. Алардын долбоорлору тууралуу айтып берсеңиз?

- Учурда дагы эки инвестор менен иш алып барып жатабыз. Алардын бири металлургиялык, башкача айтканда болот эритүүчү завод куруу боюнча долбоор каралып, азыр жер маселесин карап жатабыз. Инвестор бул долбоорго болжол менен 50 млн доллар инвестиция салууга даяр экенин билдирүүдө. Эгер бул долбоор ишке ашса, аймак үчүн олуттуу экономикалык мааниге ээ болот деп ойлойм. Мен бул маселеге коңшу айыл өкмөттөрдүн деңгээлинде да көңүл буруп жатам. Анткени инвесторду бир гана биздин аймакка байлап коюу туура эмес. Эгер Достук айыл аймагында ылайыктуу жер жок болсо, коңшу айыл аймактардан жер таап берип, инвестицияны бүтүндөй аймакка тартууга шарт түзүү керек. Ошондуктан биздин эшигибиз инвесторлор үчүн ар дайым ачык.

- Сиз АТРге чейин да айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштептирсиз. Үч айыл өкмөт бириккенден кийинки башкаруу кандай өзгөрдү?

- Албетте, иштин көлөмү кыйла көбөйдү. Үч айыл өкмөт бириккенде бир эле учурда көптөгөн маселелерди, үч аймакта топтолуп келген көйгөйлөрдү чечүү жана калкты тейлөө милдети бир айыл аймакка жүктөлдү. Бүгүнкү күндө тогуз айылдын тургундарына бирдей деңгээлде кызмат көрсөтүп, алардын көйгөйлөрүн угуп, мүмкүнчүлүккө жараша чечүү - чоң жоопкерчилик.

Бирок иштин көлөмү көбөйгөнү менен мүмкүнчүлүк да кеңейди деп эсептейм. Эң негизгиси - туура башкаруу жана айылдык кеңештин депутаттары менен биргеликте иш алып баруу. Биз бүгүн айылдык кеңештин депутаттары менен тыгыз кызматташып, ынтымакта иштеп келебиз. Анткени жергиликтүү бюджеттин каражатын кайсы багытка жумшоо керек, кайсы долбоор биринчи кезекте ишке ашырылышы зарыл деген маселелерде айылдык кеңештин ролу чоң.

Биз айылдык кеңештин депутаттары менен биргеликте кеңешип, тогуз айылдын ар бирине жыл сайын жок дегенде бирден көчөнү асфальттап берүүгө аракет кылуудабыз. Бүгүн бул багытта конкреттүү иштер жүрүп, Кайырма айылында Актюбинский көчөсүнө асфальт төшөө иштери жүргүзүлсө, Восточная көчөсүнүн 3,5 чакырым бөлүгүн асфальттоо пландалууда. Луговое айылында Аламедин көчөсү, Константиновка айылында Цветочная көчөсүнүн 1 чакырым 200 метр бөлүгү боюнча асфальттоо иштери аткарылды. Гроздь айылында Садовое жана Юбилейная көчөлөрү, Бирдик айылында Почтовая жана Школьная көчөлөрү боюнча да асфальттоо иштерин жүргүзүп жатабыз. Бул иштердин баары мүмкүн болушунча жергиликтүү бюджеттин эсебинен аткарылып атат.

- Жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгү кандай? Инвестиция тартуу бюджеттин кирешесине таасир берип жатабы?

- Таасири чоң. Бюджеттин аткарылышына карасак, муну ачык эле көрүүгө болот. Мисалы, жылдын биринчи жарым жылдыгына карата бюджеттин планы 78 млн сом болсо, иш жүзүндө 145 млн сомго аткарылып, план 200 пайызга жакын аткарылды. Биздин максат – бул каражатты туура пайдаланып, аймактын өнүгүүсүнө жумшоо. Бюджет көбөйгөн сайын элге керектүү инфраструктуралык жана социалдык долбоорлорду көбүрөөк ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

- Акыркы жылдары Достук айыл аймагына улуттук маанидеги ири долбоорлор тартылып жатканын айттыңыз. Бул багытта кайсы долбоорлорду өзгөчө белгилейт элеңиз?

- Акыркы жылдары аймакка бир катар жаңы инвестициялык долбоорлор келүүдө. Алардын арасында «Wildberries», эмерек жасоо өндүрүшүн өнүктүрүүгө



Эмгек жамааты менен

йыл аймагынын башчысы Тимур ДЖУМАЛИЕВ:

ГО ШАРТ ТҮЗҮЛСӨ, КОНОМИКАСЫ, ЭЛДИН РМУШУ ДА ӨЗГӨРӨТ”



багытталган кластердик долбоорлор, «Silk Way» жана башка инвесторлор бар. Биз үчүн алардын ар бири маанилүү. Мындан тышкары, азыркы учурда кыргыз-кытай инвестициялык холдинги тарабынан ишке ашырылып жаткан «Манас» соода-логистикалык шаарынын долбоору да аймак үчүн өзгөчө маанилүү. Бул абдан чоң долбоор. «Манас» соода-логистикалык шаары болжол менен 700 гектар жерге курулуп, ири соода жана логистикалык инфраструктураны камтыйт. Долбоордо соода борборлору, кампалар жана логистикалык комплекстер, көргөзмө борбору, турак жай жана башка объектилерди куруу каралган. Бүгүнкү күндө долбоордун жалпы инвестициялык көлөмү 4,2 млрд долларга чейин жетери, ал эми биринчи этабына 700 млн доллар каралары айтылган.

- Элдин күнүмдүк жашоо-турмушун жакшыртууга багытталган иштерди айтып өттүңүз. Аймактагы социалдык маселелер боюнча кандай иштер аткарылууда?

- Биздин айыл аймак тогуз айылдан тургандыктан, социалдык маселелер да ар түрдүү. Айрым айылдар чакан жана негизги социалдык объектилерден алысыраак жайгашкан. Ошондуктан биз үчүн калктын, өзгөчө балдардын мектепке жетүүсү сыяктуу күнүмдүк маселелер да маанилүү. Мисалы, Жогорку Ат-Башы, Лесное сыяктуу чакан айылдар мектептен болжол менен 5 чакырым алыстыкта жайгашкан. Балдардын мектепке барып-келүүсү ата-энелер үчүн да көйгөй жаратып келген. Бүгүнкү күндө айыл аймактын карамагында окуучуларды ташыган беш микроавтобус бар. Алар алыскы чакан айылдардан балдарды мектепке алып келип, кайра үйлөрүнө жеткирүүдө.

Ошондой эле, аймагыбызда майыптыгы бар жарандардан кайрылуулар түшүп жатат. Алар үчүн атайын окуу борборун ачуу мүмкүнчүлүгүн карап жатабыз. Гроздь айылында мурда мектеп катары пайдаланылган эски имаратты оңдоп-түздөп, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар үчүн окуу борборуна айландыруу боюнча пландарыбыз бар. Биздин максат - бул жарандарга жөн гана жардам берүү эмес, аларга билим алып, кесип үйрөнүп, коомго активдүү аралашуусуна мүмкүнчүлүк түзүү.

- Достук айыл аймагынын калкы көп, Бишкекке да жакын жайгашкан. Мындай шартта жер маселеси да курч экени түшүнүктүү...

- Ооба, жер маселеси - эң чоң көйгөйлөрдүн бири. Күн сайын айыл аймакка кайрылган жарандардын болжол менен 50 пайызы бул маселе боюнча кайрылат. Бүгүн мамлекеттин саясаты да калктуу конуштарды мындан ары горизонталдык эмес, вертикалдык багытта өнүктүрүүгө, башкача айтканда көп кабаттуу турак жай курууга көбүрөөк басым жасоого багытталып жатат. Бул жагынан алганда, биздин аймакта ишке ашып жаткан ири долбоорлордун бири - «Манас» соода-логистикалык шаары. Инвестициялык макулдашуунун алкагында даяр турак жайдын белгилүү бир бөлүгүн Мамлекеттик ипотекалык компания аркылуу жарандарга берүү каралууда. Ошондуктан мен бул долбоор биздин аймактын аймагында ишке ашып жаткандыгын эске алып, жер маселеси боюнча кезекте турган Достук айыл аймагынын тургундарына да мүмкүнчүлүк түзүлөт деп ишенем. Эгер долбоордун алкагында даяр турак жайдын белгилүү бир бөлүгү жергиликтүү тургундарга багытталса, бул биз үчүн чоң колдоо болмок. Айрыкча көп жылдан бери жер кезегинде турган үй-бүлөлөр үчүн маани чоң.

- Достук айыл аймагынын тургундары негизинен кайсы тармактарда эмгектенишет? Айыл жеринде жумуш менен камсыздоо кандай?

- Биздин аймакта эмгекке жарамдуу калк ар кандай тармакта иштейт. Айрыкча жаштардын басымдуу бөлүгү Бишкек шаарына барып эмгектенишет. Мындан тышкары, жергиликтүү аймактагы ишканаларда иштеп, айыл жеринде мал чарбачылыгы жана айыл чарбасы менен алектенгендер бар. Мисалы, «Жайчыбек» аттуу сүт багытындагы чакан ишкана сүт, сыр өндүрүп, продукциясын коңшу Казакстанга экспорттойт. Бул ишкана Гроздь, Константиновка жана Бирдик айылдарынын тургундарынан сүт азыктарын чогултушат.

- Бишкекке жакын жайгашкандыктан, көптөгөн тургундар шаарга каттап иштеши да көп экен. Коомдук транспорт маселеси кандай чечилген?

- Бул дагы биз үчүн маанилүү маселе. Аймак борборго жакын болгондуктан, көптөгөн тургундар күн сайын шаарга барып-келишет. Айрыкча жаштардын басымдуу бөлүгү борбор калаада эмгектенгендиктен, транспорттун жеткиликтүү болушу зарыл. Айылдык кеңештин депутаттары менен биргеликте бул маселеге көңүл буруп келебиз. Бүгүнкү күндө шаардык №34 жана №51 автобустар биздин аймакка чейин кирип, «Ак-Жол» бажы бекетине чейин каттап жатышат.

- Аймакта мектеп, бала бакча жана медициналык мекемелер жетиштүүбү?

- Бул багытта чечүүнү талап кылган маселелер бар. Мисалы, Ленин айылынын калкы көп, ири айылдардын бири. Бирок азырынча бул жерде бир гана мектеп бар. Мектеп 720 орунга ылайыкталганы менен бүгүнкү күндө анда 2200 бала билим алып жатат. Ошондуктан мектеп үч сменде иштөөгө аргасыз. Бул, албетте, балдарга, мугалимдерге да чоң күч келтирет.

Учурда бул багытта мурда 240 орундуу бала бакча жайгашкан имарат жараксыз абалга келген экен. Азыр ошол имарат бузулуп, анын ордуна республикалык бюджеттин эсебинен 275 орундуу мектеп курулуп жатат. Бул жаңы мектеп пайдаланууга берилсе, негизги мектептеги окуучулардын жүгү азайып, балдардын билим алуусуна бир топ жакшы шарт түзүлөт.

- Ал эми медициналык тейлөө боюнча абал кандай?

- Медициналык тейлөөдө да көйгөйлөр бар. Учурда биздин аймактын тургундары ооруканага кайрылыш үчүн көбүнчө Кант шаарына барышат. Айыл аймагында жалпы үй-бүлөлүк дарыгерлик тобу борбору – ГСВ бар. Биздин оюбузча, Ленин айылында райондук деңгээлдеги ооруканага курулса, калк үчүн абдан чоң жеңилдик болмок. Себеби калкыбыз көп, борбор шаарга жакын болгону менен медициналык тейлөө боюнча чоң муктаждык бар. Бул маселеге Саламаттык сактоо министрлиги көңүл буруп, тиешелүү деңгээлдеги медициналык мекеме куруу мүмкүнчүлүгүн карап берсе жакшы болмок. Айыл өкмөт өзүбүз куралы десек, медициналык объектилерди курууга байланыштуу мыйзамдык жана каржылык чектөөлөр бар. Ошондуктан бул маселеде тиешелүү мамлекеттик органдардын колдоосу керек. Ошол эле учурда ГСВнын материалдык-техникалык базасын жакшыртууга жергиликтүү деңгээлде колдон келишинче жардам берип келебиз. Мисалы, пандемия мезгилинде «Салих» ишканасы ГСВга тез жардам унаасын алып берген. Мындан тышкары, УЗИ аппараты жана флюорографиялык жабдуу алып берип, колдон келген жардамды көрсөтүүдөбүз.

Муну менен катар эле бизде медициналык кызматкерлердин жетишсиздигинен тез жардам кызматынын тейлениши да көйгөйлүү болууда. Ошондуктан медициналык инфраструктураны жакшыртуу менен катар адистерди тартуу маселесин да чечүү зарыл.

- Социалдык инфраструктура менен катар жаштардын бошубактысын туура уюштурууга да көңүл буруп жатканыңыздарды айттыңыз. Бул багытта кандай иштер жүрүүдө?

- Жаштар маселесине өзгөчө маани беришибиз керек деп эсептейм. Айылда жаштардын бош убактысын туура уюштуруп, спортко, чыгармачылыкка жана башка пайдалуу иштерге тартсак, бул алардын келечегине салынган инвестиция болот. Мен спортту жакшы көрөм, өзүм да футболдун чоң күйөрманымын. Ошондуктан спортко өзгөчө көңүл буруп жатам. Буга чейин аймагыбызда эки бий ийрими бар экен. Биз бул сыяктуу ийримдерди төмөнкү айылдардагы мектептерге да жеткирүүгө аракет кылып жатабыз. Мындан тышкары, үч спорт инструкторун ишке алып, ар кандай спорттук секцияларды уюштуруу иштерин баштадык.

- Демек, сиздин алдыдагы планыңыз бир гана инфраструктуралык маселелерди чечүү менен чектелбейт экен?

- Албетте. Жол, суу, мектеп, оорукана - булар абдан маанилүү. Бирок аймакты өнүктүрүү деген бир гана курулуш эмес. Элдин жашоо сапаты жогорулашы үчүн балдар билим алышы, жаштар спорт менен машыгуусу, чыгармачылыкка аралашуусу, адамдардын ден соолугуна кам көрүлүшү керек. Ошондуктан алдыда инфраструктуралык долбоорлор менен катар социалдык багыттагы иштерди да күчөтөбүз.

Кенже ОСМОНАЛИЕВА





Аймактагы алгылыктуу иштер

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ПАТОГЕНДҮҮ БИОЛОГИЯЛЫК АГЕНТТЕРДИ МАМЛЕКЕТТИК ЭСЕПКЕ АЛУУ СИСТЕМАСЫН УЮШТУРУУ ТАРТИБИН ЖАНА ПАТОГЕНДҮҮ БИОЛОГИЯЛЫК АГЕНТТЕР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТЫ КОРГООНУ КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖАНА ЖЕКЕ ЖАКТАРГА ПАТОГЕНДҮҮ БИОЛОГИЯЛЫК АГЕНТТЕР ЖАНА ЗАМАНБАП БИОТЕХНОЛОГИЯ ПРОДУКТУЛАРЫ МЕНЕН ИШТӨӨГӨ УРУКСАТ БЕРҮҮ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасындагы биологиялык коопсуздук жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11, 13-беренелерин ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Патогендүү биологиялык агенттерди мамлекеттик эсепке алуу системасын уюштуруу тартиби 1-тиркемеге ылайык;

2) Патогендүү биологиялык агенттер тууралуу маалыматты коргоону камсыз кылуу жана жеке жактарга патогендүү биологиялык агенттер жана заманбап биотехнология продуктулары менен иштөөгө уруксат берүү тартиби 2-тиркемеге ылайык.

2. Бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн тартиптерди координациялоо жана ишке ашыруу төмөнкүлөргө жүктөлсүн:

1) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине патогендүү биологиялык агенттердин жайылуу коркунучунда профилактикалык жана санитардык-эпидемиологиялык чараларды көрүү, ведомстволор аралык координациялык кеңешке катышуу жана калктын ден соолугуна потенциалдуу коркунуч туудурган патогендер жөнүндө маалымат алмашууну камсыз кылуу бөлүгүндө;

2) Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине патогендүү биологиялык агенттердин жайылуу коркунучунда профилактикалык жана эпизоотияга каршы чараларды көрүү, ведомстволор аралык координациялык кеңешке катышуу жана айыл чарба чөйрөсүнө потенциалдуу коркунуч келтирген патогендер жөнүндө маалымат алмашууну камсыз кылуу бөлүгүндө;

3) Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине химиялык, биологиялык, авиациялык жана ядролук чөйрөлөрдө патогендүү биологиялык агенттердин жайылуу коркунучунда айлана-чөйрөнү коргоо бөлүгүндө.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 20-августу, №562

КАРА МЕТАЛЛДАРДЫН СЫНЫКТАРЫН ЖАНА КАЛДЫКТАРЫН, КАЙРА ЭРИТҮҮ ҮЧҮН КАРА МЕТАЛЛДАРДЫН КУЙМАЛАРЫН (ШИХТ КУЙМАЛАРЫН) КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНАН ТАШЫП ЧЫГУУГА УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 29, 47-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. ЕАЭБ ТЭИ ТН 7204 коду менен классификациялануучу кара металлдардын сыныктарын жана калдыктарын, кайра эритүү үчүн кара металлдардын куймаларын (шихт куймаларын) Кыргыз Республикасынан ташып чыгууга ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күн өткөндөн кийин киргизилүүчү алты айлык мөөнөткө убактылуу тыюу салуу белгиленсин.

2. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күндөн кечиктирбестен ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө Дүйнөлүк соода уюмуна жана Евразия экономикалык комиссиясына белгиленген тартипте кабарласын.

3. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ушул токтом күчүнө кирген датадан тартып үч күндөн кечиктирбестен ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу киргизилгендиги жөнүндө Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине белгиленген тартипте кабарласын.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматы ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн товарларды мыйзамсыз ташып чыгууга бөгөт коюуга багытталган зарыл чараларды көрсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 18-февралындагы №117 «Кара металлдардын сыныктарын жана калдыктарын, кайра эритүү үчүн кара металлдардын куймаларын (шихт куймаларын) Кыргыз Республикасынан ташып чыгууга убактылуу тыюу салууну киргизүү жөнүндө» токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 20-августу, №564

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 22-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №93 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛЫК КОДЕКСИНИН 99, 100, 120, 125, 302 ЖАНА 324-БЕРЕНЕЛЕРИНИН ТАЛАПТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

«Калктын жана ишкердик субъекттердин салыктык түйшүгүн азайтуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-февралындагы №93 «Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 99, 100, 120, 125, 302 жана 324-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Товарлардын импортуна кошумча нарк салыгын шарттуу эсептөө режимин колдонуу тартиби жана шарттары жөнүндө жободо:

– 1-пункт «324-беренесине» деген сөздөрдөн кийин «жана 430-беренесинин 5^1-бөлүгүнө» деген сөздөр менен толуктасын;

– 3-пункттун 11-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«11) жылуулук энергиясын, электр энергиясын, газ жана автомобиль транспорт каражаттарын берүүчү субъекттерге.»;

– 4-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 324-беренесинде белгиленген режимди колдонгон салык төлөөчү Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык жеңилдиктерди жана бошотууларды эске алуу менен бюджетке импортко КНС төлөө менен Кыргыз Республикасынын аймагында негизги каражаттарды, товарларды жана материалдык эмес активдерди түздөн-түз өзү пайдалануу үчүн сатып алууну жана/же импорттоону кошпогондо, ушул режимге ылайык товарларды импорттоо жана экспорттоо боюнча гана иш жүргүзөт.»;

– 5-пунктта:

биринчи абзац «324-беренесинде» деген сөздөрдөн кийин «жана 430-беренесинин 5^1-бөлүгүндө» деген сөздөр менен толуктасын;

4-пунктча төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4) ушул режимге ылайык импорттолгон товарларды экспорттоодо ТЭИ ТН кодун он орундуу белгинин жана өлчөө бирдигинин деңгээлинде өзгөртүүсүз жана/же бул өлчөө бирдигинин эквивалентинде көрсөтүүгө.

Ушул пунктчанын максаттарында эквиваленттүү өлчөө бирдиги деп төмөнкүлөр түшүнүлөт:

– грамм (г) – килограмм (кг) – тонна (т);

– миллилитр (мл) – литр (л);

– сантиметр (см) – узундук метр (ум) – метр (м) – километр (км);»;

төмөнкүдөй мазмундагы 6-пунктча менен толуктасын:

«6) Кыргыз Республикасынын аймагында импорттолгон жана/же сатып алынган күндөн тартып 60 айлык мезгил өткөнгө чейин өзү пайдалануу үчүн түздөн-түз сатып алган активдерди эсептен ажыратпоого.»;

– 6-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«6. Ушул Жобонун 3, 4-пункттарында жана 5-пунктунун 1, 2-пунктчаларында белгиленген шарттарга ылайык келбеген учурда жана Кыргыз Республикасынын аймагында товарларды сатып өткөрүү учурунда салык төлөөчү өткөн салыктык мезгилден кийинки айдын 1инен тартып жалпы салыктык режим боюнча салыктарды эсептөөгө жана төлөөгө өтөт.

Ушул Жобонун 5-пунктунун 6-пунктчасы сакталбаган учурда салык төлөөчү мындай актив эсептен ажыратылган айдан кийинки айдын 1инен тартып жалпы салыктык режим боюнча салыктарды эсептөөгө жана төлөөгө өтүүгө милдеттүү.»;

– 7-пунктта «бир жыл» деген сөздөр «алты календардык ай» деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 11-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«11. Салык төлөөчүнүн Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 324-беренесинде белгиленген режимди колдонуу күнү болуп бул режимде салыктык катталган күнү саналат.»;

– 13-пункт «324-беренесинде» деген сөздөрдөн кийин «жана 430-беренесинин 5^1-бөлүгүндө» деген сөздөр менен толуктасын;

–15-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«15. Бажы органы ушул Жобонун 8-10-пункттарында каралган, аткарылган жол-жоболордун, ошондой эле товарларды чыгаруу менен байланышкан бажы операцияларын жасоо үчүн зарыл болгон, берилген документтердин негизинде ички керектөө үчүн чыгаруу бажы жол-жобосуна ылайык товарларды чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алат.»;

– 16, 18-пункттар «324-беренесинин 4-бөлүгүнө» деген сөздөрдөн кийин «жана 430-беренесинин 5^1-бөлүгүнө» деген сөздөр менен толуктасын;

– 19, 20-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«19. Депозиттик каражаттарды кайтарып берүү максатында салык төлөөчү 210 календардык күндүн ичинде тиешелүү арыз менен төмөнкүлөргө кайрылат:

– салык органына – ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан бекитилген форма боюнча импорттолгон товарларды эсепке алынган күндөн тартып;

– бажы органына – бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген форма боюнча чыгаруу бажы жол-жобосуна ылайык товарлар чыгарылган күндөн тартып.

Арызга салык төлөөчү күбөлөндүргөн төмөнкүдөй документтердин көчүрмөлөрү тиркелет:

– үчүнчү өлкөлөргө экспорттоодо:

бардык импорттолуучу товарларга экспорттук декларация;

товарды коштоочу документтер;

электрондук эсеп-фактура;

товарларды жеткирүүгө келишим;

– ЕАЭБге мүчө мамлекеттерге экспорттоодо:

аймагына товарлар импорттолгон ЕАЭБге мүчө мамлекеттин ыйгарым укуктуу органы тарабынан ырасталган товарларды ташып кирүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арыз;

товарды коштоочу документтер;

электрондук эсеп-фактура;

товарларды жеткирүүгө келишим.

20. Тиешелүү салык/бажы органы салык төлөөчү берген документтерди изилдейт (текшерет) жана алар ушул Жобонун талаптарына ылайык келген учурда салык төлөөчү арыз берген күндөн тартып 30 календардык күндөн кечиктирбестен, товарлардын импортуна карата КНСтин шарттуу эсептелген суммалары боюнча милдеттенмелерди аткаруунун эсебине төлөнгөн депозиттик каражаттарды кайра кайтаруу жөнүндө чечим чыгарат.

Эгерде ушул пунктта башкача каралбаса, депозиттик каражаттар багытталган өлкөдөгү экспорттолгон товарлардын жалпы саны ырасталган шартта, алар боюнча багытталган өлкөдө ТЭИ ТН коддорунун бардыгы же бир бөлүгү боюнча он белгинин деңгээлинде кыйыр салыктар төлөнгөндүгү ырасталган экспорттолгон товарларга карата кайра кайтарылууга тийиш.

Депозиттик каражаттар салыктардын башка түрлөрү боюнча салыктык карыздары жана товарлардын импортуна КНС боюнча милдеттенмени кошо алганда бажы төлөмдөрү, атайын, демпингге каршы, компенсациялык алымдар боюнча карыздары жок болсо гана кайра кайтарылууга тийиш.

Ыйгарым укуктуу салык органы, бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү жолу менен салыктык карызы, бажы төлөмдөрү, атайын, демпингге каршы, компенсациялык алымдар боюнча карызы бар же жок экендиги жөнүндө жазуу жүзүндөгү ырастоону сурайт.

Салыктык карызы, бажы төлөмдөрү, атайын, демпингге каршы, компенсациялык алымдар боюнча карызы бар же жок экендиги жөнүндө маалыматтар ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү аркылуу ырасталган учурда жазуу жүзүндөгү ырастоо берилбеши мүмкүн.»;

– 22-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«22. Товарлардын экспорту ЕАЭБге мүчө мамлекеттерден импорттолгон товарлар эсепке алынган күндөн тартып же чыгаруу бажы жол-жобосуна ылайык бажы органдары тарабынан товарлар чыгарылган күндөн тартып эсептелүүчү 180 календардык күндүн ичинде ырасталбаган учурда, салык төлөөчүдө кыйыр салыктарды төлөө боюнча милдеттенме пайда болот.

Ушул Жобонун 13, 17-пункттарына ылайык депозиттик эсепке киргизилген импортко КНСтин шарттуу эсептелген суммасы салык мыйзамдарына жана бажы иши чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык туумду эсептөө менен бюджетке которулат, төмөнкү учурларда:

– белгиленген мөөнөттө товарлардын экспорту ырасталбаса;

– экспорттолгон товарлардын жалпы көлөмүндө багытталган өлкөдөгү ТЭИ ТН коддорунун бардыгына же бөлүгүнө карата кыйыр салыктарды төлөө ырасталбаса;

– салык төлөөчү депозиттик каражаттарды кайра кайтарууга арыз бербесе;

– ушул Жобонун 5-пунктунун шарттары сакталбаса.

Ушул Жобонун максаттары үчүн кыйыр салыктардын төлөнгөндүгүн ырастоо деп 2009-жылдын 11-декабрындагы Евразия экономикалык бирлигине мүчө мамлекеттердин салык органдарынын ортосунда кыйыр салыктардын төлөнгөн суммалары жөнүндө электрондук түрдө маалымат алмашуу тууралуу протоколдо белгиленген, аймагына товарлар импорттолгон ЕАЭБге мүчө мамлекеттин ыйгарым укуктуу органы тарабынан ырасталган товарларды ташып кирүү жана кыйыр салыктарды төлөө жөнүндө арыз берүү түшүнүлөт.».

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин
Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 20-августу, №565

КАБАРЛАР

ЖАҢЫ ОКУУ ЖЫЛГА ДАЯРДЫК



Агартуу министрлиги жаңы окуу жылына даярдык көрүнү улантууда. Өлкө боюнча даярдык маселелерине арналган кеңешмелер өткөрүлүүдө.

Агартуу министри Догдуркүл Кендирбаева жаңы окуу жылын уюшкандыкта баштоо жана билим берүү уюмдарынын даярдыгын камсыз кылууну белгилөөдө. Оңдоп-түзөө иштери аяктай элек мектептер боюнча маалыматтарды өз убагында берүү, медиа мейкиндигине мониторинг жүргүзүү жана көйгөйлүү маселелерди аныктап, аларды чечүү боюнча иштерди күчөтүү тапшырылды.

Ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан, мектептерде окуу процесси 15-сентябрга чейин башталбашы жана мектеп формасы тиешелүү бирдиктүү токтомдун талаптарына ылайык болушу керектиги белгиленди.

Жаңы окуу жылынын башталышына байланыштуу 1–10-сентябрь аралыгында 10 күндүк Ата-энелер декадасын өткөрүү, мектептердеги психологдордун штаттык орундарын тиешелүү квалификациясы бар адистер менен камсыз кылуу, мамлекеттик символикаларды бирдиктүү талаптарга ылайык жайгаштыруу маселелерине да көңүл бурулууда. Мындан тышкары, билим берүү системасындагы коррупциялык көрүнүштөрдү жарандардын кайрылуулары аркылуу аныктап, ар бир факты боюнча тиешелүү иштерди жүргүзүү зарылдыгы белгиленүүдө.

КЫТАЙ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫНЫН КӨРКӨМ КӨРГӨЗМӨСҮ

Бишкектеги Улуттук тарых музейинде «Гармония сулуулукту жаратат: Байыркы Кытай цивилизациясынын көркөм көргөзмөсү» аталышындагы эл аралык көргөзмөнүн ачылыш аземи өттү. Көргөзмө Улуттук тарых музейи менен Кытайдын Тяньцзинь музейинин кызматташуусунун негизинде уюштурулду.



Көргөзмөнүн ачылышына КР Мамлекеттик катчысы Арслан Койчиев, Кытайдын Кыргызстандагы элчиси Лю Цзянпин жана бир катар өлкөлөрдүн элчилери катышышты. Иш-чарада музейлер аралык кызматташтыктын мамлекеттер аралык маданий байланыштарды өнүктүрүүдөгү мааниси белгиленди. Экспозицияга Кыргыз Республикасынын Улуттук тарых музейинин, Кытай Эл Республикасынын Тяньцзинь музейинин жана Ички Монголия музейинин коллекцияларынан алынган уникалдуу тарыхый жана көркөм экспонаттар коюлуп, 2026-жылдын 15-ноябрына чейин уланат.

Мээрим БАКТЫБЕК кызы

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 14-АВГУСТУНДАГЫ №409 «УСТАВДЫК КАПИТАЛЫНДА КАТЫШУУНУН МАМЛЕКЕТТИК ҮЛҮШҮ БАР ЧАРБАЛЫК КООМДОРДУН, МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАЛАРДЫН ФИНАНСЫЛЫК-ЧАРБАЛЫК ИШИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТТУУЛУГУ ЖАНА МААЛЫМАТТАРДЫ АЧУУ МАСЕЛЕЛЕРИ ТУУРАЛУУ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 22-апрелиндеги №270 «Мамлекеттик катышуу үлүшү бар ишканаларды башкаруу реформалоонун негизги багыттарын бекитүү жөнүндө» токтому менен бекитилген 2026–2029-жылдарга мамлекеттик катышуу үлүшү бар ишканаларды башкаруу реформалоонун негизги багыттарын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын аткаруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-августундагы №409 «Уставдык капиталында катышуунун мамлекеттик үлүшү бар чарбалык коомдордун, мамлекеттик ишканалардын финансылык-чарбалык ишинин жыйынтыктары жөнүндө отчеттуулугу жана маалыматтарды ачуу маселелери тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 4-пунктта «июлуна» деген сөз «сентябрына» деген сөзгө алмаштырылсын;

2) төмөнкүдөй мазмундагы 4^1, 4^2, 4^3-пункттар менен толукталсын:

«4^1. Мамлекеттин атынан акционердин (катышуучунун) укуктарын жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдар мамлекеттик ишканалардын жана катышуунун мамлекеттик үлүшү бар чарбалык коомдордун мезгилдүү жыйынды отчетторун чогултуу жана түзүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга катышуунун мамлекеттик үлүшү бар ишканалардын иши жөнүндө жыйынды отчетторду түзүү үчүн зарыл болгон маалыматты жана отчеттуулукту берүү боюнча милдетти катышуунун мамлекеттик үлүшү бар чарбалык коомдордун уставдарында бекитүү боюнча чаралардын көрүлүшүн камсыз кылсын.

4^2. Мамлекеттик ишканалардын жана уставдык капиталында катышуунун мамлекеттик үлүшү бар чарбалык коомдордун жетекчилери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мезгилдүү жыйынды отчетторду чогултуу жана түзүү боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берилүүчү финансылык-чарбалык иштин жыйынтыктары жөнүндө маалыматтын жана отчеттуулуктун толуктугу, аныктыгы жана өз убагында берилиши үчүн жоопкерчилик тартат деп белгиленсин.

4^3. Мамлекеттик ишканалардын жана катышуунун мамлекеттик үлүшү бар чарбалык коомдордун мезгилдүү жыйынды отчетторун чогултуунун жана түзүүнүн жыйынтыгы боюнча алынган маалымат мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан системалаштырылууга, иштетилүүгө жана талдануга тийиш жана аталган ишканалардын жана чарбалык коомдордун ишинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүн түзүүдө, актуалдаштырууда жана ага жетишүүнү баалоодо пайдаланылат.».

2. Катышуунун мамлекеттик үлүшү бар чарбалык коомдордо мамлекеттин атынан акционердин функцияларын жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдар, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып он эки айдын ичинде катышуунун мамлекеттик үлүшү бар чарбалык коомдордун уставдарын ушул токтомго ылайык келтирүүнү камсыз кылсын.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын
Министрлер Кабинетинин Төрагасы **А.КАСЫМАЛИЕВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 20-августу, №566

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН 2025-ЖЫЛДЫН 28-ИЮЛУНДАГЫ №37 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООНУ ӨТКӨРҮҮДӨ ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ҮГҮТ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүнүн тартибин жана шарттарын жөнгө салуу жана шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин бирдей колдонуу максатында, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 28-июлундагы №37 “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) Жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Жободо:

- 42-пункттун 3-абзацындагы үгүт маалында шайлоочулар арасында акысыз таратууга уруксат берилген үгүт материалдарынын жана товарларынын тизмеси төмөнкүдөй тизме менен алмаштырылсын:

“1. Үгүт басма материалдары (гезиттер, баракчалар, плакаттар, буклеттер, календарлар, открыткалар, талапкердин визиттик карточкалары, текстиль шопперлери (экобаштыктар).

2. Талапкердин сүрөтү жана/же талапкердин аты-жөнү же саясий партиянын символикасы бар белгилер.

3. Талапкердин сүрөтү жана/же талапкердин аты-жөнү же саясий партиянын символикасы бар футболкалар, жилеттер.

4. Талапкердин сүрөтү жана/же талапкердин аты-жөнү же саясий партиянын символикасы бар баш кийимдер.

5. Талапкердин сүрөтү жана/же талапкердин аты-жөнү же саясий партиянын символикасы бар жоолуктар.

6. Талапкердин сүрөтү жана/же талапкердин аты-жөнү же саясий партиянын символикасы бар желекчелер.

7. Талапкердин сүрөтү жана/же талапкердин аты-жөнү же саясий партиянын символикасы бар аба шарлары.

8. Талапкердин сүрөтү жана/же талапкердин аты-жөнү же саясий партиянын символикасы бар калемдер, карандаштар, кружкалар, блокноттор”;

- 45-пункттун биринчи абзацындагы “эстеликтерге” деген сөздөн кийин “кирүү аркалары (стелалар),” деген сөздөр менен толуктасын.

2. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын “Эркин-Тоо” мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Р.Ш.Жакышовго жүктөлсүн.

Төрага **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 19-августу, №86

АРАВАН ЖАНА АЙТМАТОВ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН КУРАМДАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

“Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине, 22-беренесинин 10-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

1. Араван аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан Алибекова Феруза Кадыралиевна берген арызына ылайык комиссиянын курамынан чыгарылсын;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан Сайибжанов Талибжон резерврден комиссиянын курамына киргизилсин.

2. Айтматов аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– “Замандаш” саясий партиясынан Асанбеков Куватбек Асанбекович берген арызына ылайык комиссиянын курамынан чыгарылсын;

– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан Торобекова Наргиза Медетбековна резерврден комиссиянын курамына киргизилсин.

3. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын “Эркин-Тоо” мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Р. Ш. Жакышовго жүктөлсүн.

Төрага **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 19-августу, №89

Эркин-Тоо
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН ШАЙЛООДО АРАЛЫКТАН ДОБУШ БЕРҮҮНҮ УЮШТУРУУ, ӨТКӨРҮҮ ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН ЧЫГАРУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4 жана 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо аралыктан добуш берүүнү уюштуруу, өткөрүү жана жыйынтыктарын чыгаруу тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жана Кыргыз Республикасынын "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жарыялансын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Р. Ш. Жакышовго жүктөлсүн.

Төрага **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 19-августу, №83

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2026-жылдын 19-августундагы №83 токтомуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо аралыктан добуш берүүнү уюштуруу, өткөрүү жана жыйынтыктарын чыгаруу тартиби жөнүндө ЖОБО

1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо аралыктан добуш берүүнү уюштуруу, өткөрүү жана жыйынтыктарын чыгаруу тартиби жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 31-1, 36-1-беренелерине ылайык иштелип чыкты.

1.2. Жобо Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо аралыктан добуш берүүнү уюштуруу жана өткөрүү, ошондой эле аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу тартибин аныктайт.

1.3. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо аралыктан добуш берүү добуш берүү күнү өзүнүн шайлоо участогунан тышкары жүргөн жарандардын, анын ичинде өлкөнүн чегинен тышкары жашаган же жүргөн жарандардын добуш берүүгө катышуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагы бирдиктүү республикалык шайлоо округу болуп саналат.

Аралыктан добуш берүү мүмкүнчүлүгү шайлоочулардын тизмесине киргизилген, бирок добуш берүү күнү өзүнүн шайлоо участогунан же болбосо өлкөнүн чегинен тышкары (чет жакта) жүргөн шайлоочулар өзүнүн шайлоо укугун ишке ашырып алуусу үчүн берилет.

Аралыктан добуш берүү:

1) Кыргыз Республикасынын аймагындагы бардык шайлоо участокторунда;

2) чет жакта түзүлгөн шайлоо участокторунда;

3) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) чечими менен түзүлгөн аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо участокторунда колдонулат.

1.4. Өлкөнүн чегинен тышкары жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн да аралыктан добуш берүү жеткиликтүү болот, бирок кошумча шарттарды сактоону талап кылат.

Биометрикалык каттоонун жана Кыргыз Республикасында актуалдуу ички каттоо дарегинин (каттоосу) болушу милдеттүү шарт болуп саналат.

Чет өлкөдө аралыктан добуш берүү аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо участогунда онлайн идентификация аркылуу ишке ашырылып, андан кийин тиешелүү бюллетенди басып чыгаруу жолу менен жүзөгө ашырылат.

1.5. Аралыктан добуш берүү жүргүзүлгөндө шайлоочунун эркин билдирүүсүн жүзөгө ашыруу жана шайлоочунун эркин билдирүүсүнүн жыйынтыктарынын шифрленген түрдө өзгөртүлбөстүгүн, добуш берүүнүн купуялуулугунун сакталышын, шайлоочунун жеке маалыматтары менен анын эркин билдирүүсүнүн натыйжасынын ортосундагы байланышты аныктоонун мүмкүн эместигин эске алуу менен аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу маалыматтарды түзүү, ошондой эле жарандык контроль жана мониторинг инструментин камсыздоо мүмкүнчүлүгү камсыз кылынат.

1.6. Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими менен мекемелерде, уюмдарда, жарандар убактылуу жүргөн жайларда, шайлоочулар көп топтолгон жерлерде (аэропорттор, соода борборлору, базарлар ж. б.) жана башка жерлерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана иш цикли үзгүлтүксүз болгон (вахталык иштерде) ишканалардын жетекчилеринин сунушу боюнча аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо участокторун түзүлүшү мүмкүн.

1.7. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо шайлоочу өзүнүн шайлоо участогунан тышкары каалаган шайлоо участогунда добуш берүүгө укуктуу.

1.8. Эгерде шайлоочу өзүнүн шайлоо участогунун чегинен тышкары убактылуу жүргөн болсо, ал кайсы шайлоо участогунда болбосун, анын ичинде аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо участогунда добуш берүүгө укуктуу.

Жайдан тышкары добуш берүү жүргүзүлгөндө аралыктан добуш берүү колдонулбайт. Аралыктан добуш берүү добуш берүү күнү гана жүргүзүлөт.

2. Аралыктан добуш берүүнү уюштуруу

2.1. Аралыктан добуш берүү онлайн-идентификациялоону жүргүзүүнү жана коргоону, добуштарды контролдоону жана эсепке алууну камсыз кыла турган Борбордук шайлоо комиссиясынын маалыматтык тутумдарын пайдалануу менен уюштурулат.

2.2. Аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо участогунун Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо дайындалгандан кийин муктаждыктарды жана логистикалык шарттарды талдоонун негизинде Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими менен түзүлүшү мүмкүн.

Борбордук шайлоо комиссиясы аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо участогун уюштурууну тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына жүктөөгө укуктуу.

Аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо комиссияларын түзүү аларды түзүү жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин түздөн-түз тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан жүзөгө ашырылат.

Аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо комиссияларынын курамы аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын резервдеринен; шайлоочулардын топторунан; аймагында/жайларында ошол аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо комиссиясы түзүлгөн уюмдардын, мекемелердин, ишканалардын, коомдук уюмдардын жумушчуларынын арасынан түзүлөт.

Аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо комиссиясынын сандык курамы кеминде жети адамдан турууга тийиш.

2.3. Аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо комиссиялары мыйзамдарда жана ушул Жободо белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде аралыктан добуш берүү тартибин уюштурушат, добуш берүү үчүн жайларды жана жабдууларды даярдашат.

Аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо комиссияларынын укуктук абалы, уюштурулушу жана иш тартиби, ошондой эле көз карандысыздыгынын кепилдиктери участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү менен бир тең-катар белгиленет.

2.4. Аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо участогунда жарыктандыруу тутуму менен жабдылган жана жазуу куралдары, байкоо монитору, автоматтык эсептөөчү урналар (мындан ары – АЭУ), принтери бар идентификациялоочу түзүлүш (мындан ары – ПИТ), видеобайкоо түзүлүшү, үзгүлтүксүз азыктандыруу булагы, ошондой эле тармактык жабдуулар менен камсыздалган добуш берүү үчүн кабиналар жайгаштырылат.

Аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо участогунун жайы АЭУ, ПИТ жана байкоо монитору бир убакта шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, талапкерлердин өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын көрүү талаасында тургандай жабдылууга тийиш.

Шайлоочуларды идентификациялоо процессинин жана добуш берүүнүн жүрүшүнүн ачык-айкындуулугун камсыз кылуу максатында шайлоо участокторунда видеобайкоо түзүлүштөрү орнотулат.

3. Шайлоочулардын тизмелери

3.1. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо аралыктан добуш берүүгө добуш берүү күнүнө карата активдүү шайлоо укугуна ээ болгон Кыргыз Республикасынын жарандары катыша алышат.

Шайлоочулардын аралыктан добуш берүүгө катышуу үчүн арыз берүүсү талап кылынбайт.

Шайлоочулардын – аралыктан добуш берүүнүн катышуучуларынын өзүнчө тизмелери добуш берүү күнүнө чейин түзүлбөйт. Шайлоочулардын – аралыктан добуш берүүнүн катышуучуларынын тизмелери шайлоочулар идентификациялоодон өткөндөн кийин добуш берүү күнү түзүлөт.

Аралыктан добуш берүүнүн катышуучулары жөнүндө маалыматтар шайлоочунун добуш берүү күнү аралыктан добуш берүүгө катышкандыгынын негизинде Борбордук шайлоо комиссиясынын борборлоштурулган маалыматтык тутумунда сакталат.

3.2. Аралыктан добуш берүүгө катышуу маалыматтык тутумда катталат жана идентификациялоодон кайрадан өтүүнү четтетет.

3.3. Идентификациялоодон өткөн шайлоочулардын тизмелери добуш берүү күнүнөн кийин 7 (жети) календардык күндөн кечиктирилбестен "Тизме" мамлекеттик порталында жарыяланат.

4. Аралыктан добуш берүү тартиби

4.1. Аралыктан добуш берүү добуш берүү күнү шайлоо участогу жайгашкан жердин жергиликтүү убактысы боюнча саат 08:00дөн 20:00гө чейин жүргүзүлөт.

4.2. Аралыктан добуш берүү жол-жобосу төмөнкү этаптарды камтыйт:

1) Шайлоочунун инсандыкты ырастоочу документти (идентификациялык карта (ID), жалпы жарандык паспорт, дипломатиялык паспорт, кызматтык паспорт же "Түндүк" киргизүү документи) көрсөтүүсү;

2) Инсандыкты ырастоочу документтеги сүрөттү шайлоочунун сырткы келбети менен визуалдык салыштыруу;

3) Шайлоочунун шайлоочулардын тизмесине киргизилгендигин текшерүү;

4) Сканерлөө үчүн камеранын жардамы менен шайлоочуну жеке маалыматтары боюнча идентификациялоо – паспортунун машина окуй турган зонасын (MRZ) сканерлөө. Жеке маалыматтар боюнча идентификациялоодон ийгиликтүү өткөндөн кийин шайлоочуну колдорунун манжаларынын издери боюнча биометрикалык идентификациялоодон өткөрүү жүргүзүлөт. Колдорунун манжаларынын издерин сканерлөө аракеттеринин саны 10 (он) жолудан ашпайт. Колдорунун манжаларынын издери боюнча идентификациялоодон өтпөй калган учурда шайлоочу идентификациялоо үчүн камераны колдонуу аркылуу жүзүнүн геометриясы боюнча идентификациялоодон өтөт;

5) Шайлоочу биометрикалык идентификациялоо жол-жобосунан ийгиликтүү өткөн учурда шайлоочуга чек жана шайлоо бюллетени басып чыгарылат;

6) Идентификациядан өткөндүгү жөнүндө чек шайлоочу тарабынан шайлоочуну аралыктан добуш берүүгө катышкандардын тизмесине каттаган шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө берилет. Шайлоочу жүргүзүлгөн жазуунун тууралыгын текшерип, өзүнүн колун коёт;

7) Шайлоо бюллетени добуш берүү үчүн кабинада толтурулат, анда добуш берүүнүн купуялуулугу сакталат жана башка адамдардын катышуусуна жол берилбейт;

8) Шайлоо бюллетени АЭУга салынат.

4.3. Шайлоочуну анын жеке жана биометрикалык маалыматтары боюнча идентификациялоо үчүн шайлоочунун макулдугу талап кылынбайт.

Талапкерлердин өкүлдөрү, байкоочулар үчүн көрүнөө жерге орнотулган байкоо мониторунда төмөнкү маалыматтар көрсөтүлөт:

- идентификациялоодон өткөн шайлоочулардын саны;
- идентификациялоодон өтүп жаткан жана (же) өткөн шайлоочулардын сүрөттөрү.

4.4. Эгерде шайлоочу шайлоо бюллетенин толтурууда ката кетирдим деп эсептесе, ал аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо комиссиясынын төрагасына бузулган шайлоо бюллетенинин ордуна ага кайталанган шайлоо бюллетенин берүү өтүнүчү менен кайрылууга укуктуу.

Аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо комиссиясынын төрагасы атайын СМАРТ-картанын жардамы менен кайталанган шайлоо бюллетенин басып чыгарат, мында кайталанган шайлоо бюллетенин басып чыгаруу үчүн ПИТке бузулган шайлоо бюллетенинин QR-кодун киргөө зарыл. Аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү кайталанган шайлоо бюллетенин берүү (себебин көрсөтүү менен) жана бузулган шайлоо бюллетенин жокко чыгаруу жөнүндө акт түзүшөт. Бузулган шайлоо бюллетенин жокко чыгаруу төмөнкү оң жана жогорку сол бурчтарындагы QR-коддорду жеринде кесүү жолу менен жокко чыгарылат. Шайлоочулардын тизмелери үчүн жооптуу болгон аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо комиссиясынын мүчөсү шайлоочунун – аралыктан добуш берүүнүн катышуучусунун аты-жөнүнүн тушуна тиешелүү белги коёт.

Кайталанган шайлоо бюллетени бир гана жолу басып чыгарылат.

5. Аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу тартиби

5.1. Шайлоочулардын добуштарын саноо добуш берүү аяктагандан кийин дароо башталат жана шайлоочулардын добуш берүүсү өткөрүлгөн ошол эле жайда добуш берүүнүн жыйынтыктары чыгарылганга чейин тынымсыз жүргүзүлөт. Шайлоочулардын добуштарын түздөн-түз саноо жүргүзүлгөн жер участкалык шайлоо комиссиясынын бардык мүчөлөрүнө, байкоочуларга жана талапкерлердин өкүлдөрүнө жеткиликтүү боло тургандай жабдылууга тийиш. Ошону менен бирге добуштарды саноодо катышып жаткан бардык адамдар үчүн участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн аракеттерине толук сереп камсыздалууга тийиш.

Аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо комиссиясынын төрагасын жана катчысын кошпогондо, аралыктан добуш берүү боюнча комиссиянын башка мүчөлөрүнө добуштарды саноодо жазуу куралдарын пайдалануу тыюу салынат.

5.2. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо аралыктан добуш берүү бюллетендерин саноо белгиленген формадагы шайлоо бюллетендери боюнча өзүнчө жүргүзүлөт. Андан кийин бюллетендер ар бир талапкер боюнча жана "Баарына каршы" позициясы боюнча өз-өзүнчө эсептелет.

Саноо шайлоочунун белгисин саноого катышып жаткандардын баары көрө алышы жана жыйынтыкты уга алышы үчүн бюллетендерди бир таңгактан башкасына бирден алып коюу жолу менен үн чыгарып жүзөгө ашырылат. Ар башка таңгактардагы шайлоо бюллетендерин бир убакта саноого жол берилбейт.

Жараксыз бюллетендерди жарактууларга алып коюуга жол берилбейт.

Ар бир талапкер боюнча жана "Баарына каршы" позициясы боюнча шайлоо бюллетендерин саноонун жыйынтыктары боюнча алынган маалыматтар жарыяланат жана аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго киргизилет.

5.3. Аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорго кол коюлгандан кийин аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо комиссиясы талапкерлердин өкүлдөрүнүн, байкоочулардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн алдында аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктарын дароо жарыялайт.

5.4. Шайлоо бюллетендери, шайлоочулардын – аралыктан добуш берүүнүн катышуучуларынын тизмелери, чектер, АЭУнун баштапкы жана жыйынтык отчёттору, идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтык отчёттор өзүнчө пакеттерге салынат, аларда шайлоо участогунун номери, шайлоо бюллетендеринин жана чектердин саны жана шайлоочулардын тизмелеринин аталышы көрсөтүлөт. Пакеттер мөөр басылып жабылат, аларга аралыктан добуш берүү боюнча шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү кол коюшат жана өзүнчө капка же кутуга салынып, тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына өткөрүлүп берилет.

5.5. Маалыматтык шайлоо тутумунда (мындан ары – МШТ) ар бир шайлоо участогу боюнча аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө электрондук протокол (мындан ары – электрондук протокол) түзүлөт, ал өзүнүн аймагында Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарууда аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан эске алынат.

Аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары МШТнын расмий сайтында чагылдырылат.

Шайлоо комиссияларынын системалык администраторлору электрондук протоколдорду басып чыгарышат жана аларды тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасына өткөрүп беришет.

5.6. Электрондук протокол төмөнкү маалыматтарды камтыйт:

- аралыктан добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын саны;
- жарактуу бюллетендердин саны;
- жараксыз бюллетендердин саны;
- алган добуштарынын саны көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмеси;
- "Баарына каршы" позициясына берилген добуштардын саны.

5.7. Аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө отчётторду басып чыгаруу процессинде талапкерлер, талапкерлердин өкүлдөрү, байкоочулар, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү тарабынан сүрөткө, видеого тартуу жүргүзүлүшү мүмкүн.

5.8. Эгерде аралыктан добуш берүүнү өткөрүүдө аралыктан добуш берүүнүн катышуучуларынын эркин билдирүүсүнүн натыйжаларын ишенимдүү аныктоого мүмкүндүк бербеген кандайдыр бир бузууларга жол берилген болсо, шайлоо мыйзамдарына ылайык ошол шайлоо участогундагы аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктары жогору турган шайлоо комиссиясы тарабынан жараксыз деп таанылышы мүмкүн. Бул учурда шайлоо мыйзамдарына ылайык шайлоонун натыйжалары жараксыз деп таанылган аралыктан добуш берүүнүн жыйынтыктарын эсепке албастан, шайлоо участокторундагы добуш берүүнүн жыйынтыктарынын негизинде аныкталат.

5.9. Аймактык шайлоо комиссиялары өздөрүнүн жыйналыштарында участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун, ошондой эле электрондук протоколдун негизинде тиешелүү аймактардагы Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарышат жана документтерди Борбордук шайлоо комиссиясына дароо беришет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА КАТТАЛГАН ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ОРТОСУНДА ШАЙЛОО БЮЛЛЕТЕНИНЕ КИРГИЗҮҮНҮН КЕЗЕКТҮҮЛҮГҮН АНЫКТОО БОЮНЧА ЧҮЧҮКУЛАК ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ НУСКАМАНЫ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4 жана 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна катталган талапкерлердин ортосунда шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүү тартиби жөнүндө нускама тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2011-жылдын 10-октябрындагы №357 "Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин арасында шайлоо бюллетенине киргизүү кезегин аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүүнүн тартиби жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

3. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Р.Ш.Жакышовго жүктөлсүн.

Төрага **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 19-августу, №85

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын
2026-жылдын 19-августундагы
№85 токтомуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна катталган талапкерлердин ортосунда шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүү тартиби жөнүндө

НУСКАМА

Ушул Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна катталган талапкерлердин ортосунда шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүү тартиби жөнүндө нускама "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесине ылайык иштелип чыкты.

Нускама Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна катталган талапкерлердин ортосунда шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүү тартибин жөнгө салат.

Шайлоо бюллетенинин тексти жана формасы добуш берүү күнүнө 25 календардык күн калгандан кечиктирилбестен Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилет. Талапкерлерди шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгү чүчүкулак менен аныкталат. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) чүчүкулакты өткөрүү датасын жана убактысын өз алдынча аныктайт. Чүчүкулак Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйындар залында өткөрүлөт.

Борбордук шайлоо комиссиясы катталган талапкерлерге чүчүкулакты өткөрүү датасы, убактысы жана жайы жөнүндө маалымдайт.

Катталган талапкерлердин ортосунда шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулакка:

- катталган талапкерлер, ыйгарым укуктары тиешелүү документтер менен тастыкталган талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү (Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан берилген талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүн каттоо күбөлүгү жана инсандыкты ырастоочу документ);

- Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун (мындан ары – Жумушчу топ) мүчөлөрү катышат.

Жайды, барабанды, лотторду, башка зарыл атрибуттарды, ошондой эле чүчүкулактын протоколун даярдоо Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратына жүктөлөт.

Чүчүкулак төмөнкүдөй тартипте өткөрүлөт:

- Номерлери бар шариктер түрүндөгү лоттор бата турган лототрон орнотулат. Лоттордун саны катталган талапкерлердин санына дал келиши керек. Жумушчу топ тарабынан аныкталган алып баруучу номерлери бар шариктерди бардык катышуучуларга алдын ала көрсөтүп, лототронго салат;

- Андан соң алып баруучу чүчүкулакка катышуунун кезектүүлүгүн аныктоо, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер кылып көрсөтүү үчүн документтерди тапшыруу тартибинде талапкерлерди же талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн чакырат. Натыйжалар "Талапкерлердин же талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн чүчүкулакка катышуусунун кезектүүлүгүн аныктоо жөнүндө" протоколго (№1 тиркеме) киргизилет. Андан ары чүчүкулакка катышуунун белгиленген кезектүүлүгү боюнча ар бир талапкер же талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү лотту алып чыгат жана лотту катышып отургандардын бардыгына көрсөтүп, "Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна катталган талапкерлердин ортосунда шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүүнүн натыйжалары жөнүндө" протоколго (№2 тиркеме) киргизиле турган номерди жарыялайт.

Талапкерлерден же алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнөн чүчүкулакты бир этапта өткөрүү жөнүндө сунуштар келип түшкөн жана бардык катышып отурган катталган талапкерлер же алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү макул болгон учурда №1 тиркемеде каралган чүчүкулакка катышуунун кезектүүлүгүн алдын ала аныктабастан, анын натыйжаларын "Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна катталган талапкерлердин ортосунда шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүүнүн натыйжалары жөнүндө" протоколдо (№2 тиркеме) тариздөө менен түздөн-түз талапкерлерди шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүүгө жол берилет.

Талапкер же талапкердин өкүлү келбей калган учурда анын ордуна залда отурган жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн ичинен көз карандысыз адамды чүчүкулак процессине катышуу үчүн чакырууга болот.

Өткөрүлгөн чүчүкулактын натыйжалары боюнча маалыматтар тиешелүү протоколдорго киргизилет.

Протоколдорго Жумушчу топтун мүчөлөрү, Борбордук шайлоо комиссиясынын катышып отурган мүчөлөрү, талапкерлер же талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кол тамга коюшат.

№1 тиркеме

Талапкерлердин же талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн чүчүкулакка катышуусунун кезектүүлүгүн аныктоо жөнүндө ПРОТОКОЛ

№	Талапкерлердин аты-жөнү	Талапкер катары көрсөтүү үчүн документтерди тапшырган күнү жана убактысы	Талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аты-жөнү	Талапкерлердин чүчүкулакка катышуусунун кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулактын натыйжалары	Кол тамгасы
1					
2					
3					
4					
5					
6					
7					
8					
9					
10					

* Талапкер же талапкердин өкүлү келбей калган учурда анын ордуна залда катышып отурган жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн ичинен лотту сууруп алган адам кол тамга коёт.

№2 тиркеме

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна катталган талапкерлердин ортосунда шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүүнүн натыйжалары жөнүндө ПРОТОКОЛ

№	Талапкердин аты-жөнү	Талапкер катары көрсөтүү үчүн документтерди тапшырган күнү жана убактысы	Чүчүкулактын натыйжалары	Талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аты-жөнү	Кол тамгасы
1					
2					
3					
4					
5					
6					
7					
8					
9					
10					

* Талапкер же талапкердин өкүлү келбей калган учурда анын ордуна залда катышып отурган жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн ичинен лотту сууруп алган адам кол тамга коёт.

Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун мүчөлөрүнүн кол тамгалары:

Аты-жөнү _____
Аты-жөнү _____
Аты-жөнү _____
Аты-жөнү _____
Аты-жөнү _____
Аты-жөнү _____

Катышып отурган Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн кол тамгалары:

Аты-жөнү _____
Аты-жөнү _____
Аты-жөнү _____
Аты-жөнү _____
Аты-жөнү _____
Аты-жөнү _____
Аты-жөнү _____

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН ШАЙЛООДО ТАЛАПКЕРЛЕР ТАРАБЫНАН БЕРИЛГЕН ШАЙЛОО ДОКУМЕНТТЕРИН КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ТЕКШЕРҮҮ БОЮНЧА ЖУМУШЧУ ТОП ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4 жана 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 20-июнундагы №169 "Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча жумушчу топ жөнүндө" Жобону бекитүү тууралуу" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 20-июнундагы №170 "Кол коюу барактарын кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ жөнүндө" Жобону бекитүү тууралуу" токтому.

3. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жана Кыргыз Республикасынын "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жарыялансын.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Р. Ш. Жакышовго жүктөлсүн.

Төрага **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 19-августу, №84

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2026-жылдын 19-августундагы №84 токтомуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ жөнүндө ЖОБО

1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун (мындан ары – Жумушчу топ) максаттарын, милдеттерин, ыйгарым укуктарын жана иш тартибин аныктайт.

Жумушчу топ Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилине түзүлөт.

2. Жумушчу топ жарандардын, талапкерлердин жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын шайлоо укуктарынын кепилденишин камсыз кылуу, ошондой эле талапкерлердин шайлоо документтеринин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына шайкештигин жана аныктыгын текшерүү максатында түзүлөт.

3. Жумушчу топ өз ишмердигинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарын, башка ченемдик укуктук актыларды, ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

2. Жумушчу топтун милдеттери жана ыйгарым укуктары

4. Шайлоо документтеринин, анын ичинде талапкерлерди каттоо үчүн шайлоо комиссиясына электрондук жана/же кагаз алып жүрүүчүдө берилген кол коюу барактарынын аныктыгын жана алардын "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын жана Борбордук шайлоо комиссиясынын башка ченемдик укуктук актыларынын талаптарына шайкештигин текшерүү Жумушчу топтун милдеттери болуп саналат.

5. Бул милдеттерди ишке ашыруу үчүн Жумушчу топ:

- бардык шайлоо документтеринин бар экендигин жана Президенттин кызмат ордуна талапкерлер жөнүндө маалыматтардын аныктыгын текшерүүнү;

- талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн каттоо үчүн документтерди кабыл алууну жана каттоо күбөлүктөрүн даярдоону;

- талапкерлердин ишенимдүү адамдарын каттоо үчүн документтерди кабыл алууну жана каттоо күбөлүктөрүн даярдоону;

- талапкерлердин өкүлдөрүн шайлоо комиссияларына дайындоого документтерди кабыл алууну жана каттоо күбөлүктөрүн даярдоону;

- ыйгарым укуктуу өкүлдөрдөн талапкерлерди колдогон шайлоочулардын колу коюлган кол коюу барактарын кабыл алууну;

- талапкерди колдогон колдорду чогултуу боюнча автоматташтырылган маалыматтык түтүм аркылуу шайлоочулардын колдорунун аныктыгын текшерүүнү;

- кол коюу барактарында камтылган колдорду жана шайлоочулар тууралуу маалыматтарды текшерүүдө талапкерлерге бирдей шарттарды камсыз кылууну;

- кол коюу барактарын текшерүүнүн натыйжалары боюнча отчёт даярдоону;

- Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналыштарында талапкерлерди каттоо жөнүндө чечимдерди же каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөлүү чечимдерди каroo жана кабыл алуу үчүн шайлоо документтериндеги маалыматтардын аныктыгын текшерүүнүн натыйжалары боюнча корутундуларды даярдоону;

- документтерди кабыл алуудан, талапкерди каттоодон баш тартуу жөнүндө чечимдер даттанылган учурда зарыл болгон материалдарды даярдоону;

- талапкерлер же алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан берилген бардык шайлоо документтерин белгиленген тартипте жана мыйзамдарда белгиленген мөөнөттөрдө даярдоону жана Борбордук шайлоо комиссиясынын архивине өткөрүп берүүнү жүзөгө ашырат.

6. Талапкердин документтеринде талапкерди каттоо үчүн тоскоолдук болуп саналган дал келбестиктер табылган учурда Жумушчу топ документтерди алгандан кийин 48 сааттын ичинде талапкерге бул дал келбестиктер тууралуу кабарлоого милдеттүү. Талапкер кабарлама алган учурдан тартып 48 сааттын ичинде зарыл өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана оңдолгон документтерди берүүгө укуктуу.

7. Иштин натыйжалары боюнча Жумушчу топ корутундулардын жана башка документтердин негизинде талапкерди каттоо жөнүндө, талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн, ишенимдүү адамдарын каттоо жөнүндө же аларды каттоодон баш тартуу жөнүндө чечимдердин долбоорлорун даярдайт жана Борбордук шайлоо комиссиясынын кароосуна киргизет.

3. Жумушчу топтун курамы жана анын ишмердигинин уюштурулушу

8. Жумушчу топтун курамы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан так эмес санда бекитилет.

Жумушчу топтун жетекчиси Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн арасынан дайындалат.

Жумушчу топтун мүчөлөрү Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлеринин, ошондой эле мыйзамдарда белгиленген тартипте ишке тартылган адистердин арасынан дайындалат.

Жумушчу топтун курамын өзгөртүү аны түзүү тартибиндей эле тартипте жүзөгө ашырылат.

9. Жумушчу топтун ишмердигин камсыздоо жана анын милдеттерин аткаруу үчүн Борбордук шайлоо комиссиясы калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын өкүлдөрүн жана соттук-эксперттик ишмердик чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын эксперттерин тартууга укуктуу.

10. Жумушчу топтун иши үчүн тартылуучу адистердин курамы Жумушчу топтун милдеттерине, талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтеринин көлөмдөрүнө, Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналыштарында кароо үчүн зарыл материалдарды даярдоого кеткен убакытка жараша аныкталат жана Жумушчу топтун ишмердигинин ар кандай этаптарында өзгөрүшү мүмкүн.

11. Жумушчу топтун жетекчиси Жумушчу топтун ишмердигин жетектөөнү жүзөгө ашырат, зарылчылыкка жараша аны чакырат жана топтун мүчөлөрүнө тапшырмаларды бөлүштүрөт, ошондой эле кошумча адистерди жана эксперттерди ишке тартуу маселелерин чечет.

12. Жумушчу топтун жетекчисинин оозеки жана жазуу жүзүндөгү көрсөтмөлөрү Жумушчу топтун мүчөлөрү, анын ичинде келишимдик негизде ишке тартылган адистер тарабынан аткарылууга тийиш.

13. Жумушчу топтун чечимдери Жумушчу топтун жыйналыштарында Жумушчу топтун мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүгү тарабынан добуш берүү жолу менен кабыл алынат.

14. Жумушчу топтун бардык мүчөлөрү бирдей укуктарга ээ.

15. Жумушчу топтун жыйналышында анын ар бир мүчөсү бир добушка ээ.

16. Жумушчу топ кабыл алган чечим менен макул болбогон Жумушчу топтун мүчөсү Жумушчу топтун чечимине тиркеле турган өзгөчө пикирин жазуу жүзүндө билдирүүгө укуктуу.

17. Жумушчу топтун ишмердиги аяктаганда Жумушчу топтун бардык документтери Борбордук шайлоо комиссиясынын архивине мыйзамда белгиленген тартипте жана көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө өткөрүлүп берилет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН 2025-ЖЫЛДЫН 29-АВГУСТУНДАГЫ №66 "ШАЙЛООЧУЛАРДЫ ЖАНА ШАЙЛОО ПРОЦЕССИНИН БАШКА СУБЪЕКТТЕРИН МААЛЫМДОО МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА ҮГҮТ ЖҮРГҮЗҮҮ ЭРЕЖЕЛЕРИ БОЮНЧА ЖУМУШЧУ ТОП ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү тартибин жана шарттарын жөнгө салуу жана шайлоо мыйзамдарынын ченемдерин бирдей колдонуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4 жана 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 29-августундагы №66 "Шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо маселелери жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча Жумушчу топ жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) Жогоруда аталган токтом менен бекитилген "Шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо маселелери жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча Жумушчу топ жөнүндө" Жободо:

- 6-пункттун экинчи сүйлөмүндөгү "кабыл алынган чечимдердин жыйынтыгы боюнча" деген сөздөрдөн кийин "Жумушчу топ" деген сөздөр "Жумушчу топтун жетекчиси" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 11-пункттун үчүнчү абзацындагы "Борбордук шайлоо комиссиясынын, округдук" деген сөздөрдөн кийин "/аймактык" деген сөз менен толукталсын;

- 15-пункт төмөнкү мазмундагы сүйлөм менен толукталсын:

- "Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйынында баяндамачы болуп Жумушчу топтун жетекчиси, ал жок болгон учурда Жумушчу топтун курамына кирген жана Жумушчу топтун жетекчисинин милдетин аткарып жаткан Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн бири саналат.

2. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Р. Ш. Жакышовго жүктөлсүн.

Төрага **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 19-августу, №87

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН АЙРЫМ ТОКТОМДОРУН КҮЧҮН ЖОГОТТУ ДЕП ТААНУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын (2026-жылдын 28-июлундагы №137) 2-беренесине ылайык жана "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 5, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

1. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2013-жылдын 26-декабрындагы №191 "Бишкек жана Ош шаарларынын мэрлерин шайлоо жөнүндө" Жобону бекитүү тууралуу" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 6-январындагы №3 "Шаар мэрин шайлоо тартиби жөнүндө" жана "Айыл өкмөт башчысын шайлоо тартиби жөнүндө" токтому.

2. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Р. Ш. Жакышовго жүктөлсүн.

Төрага **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

Бишкек ш., 2026-жылдын 19-августу, №88

«Кыргызсуудолбоор» ААКсынын

акционерлеринин кезексиз чогулушунун чечими

18.08.2026-ж. **Бишкек ш.,**

Кворум-97,78% **Курманалиев көч., 1а/1**

Биринчи маселе боюнча чечим кабыл алынды:

Эсептөө комиссиясы төмөндөгү курамда шайланды:
Е.Н. Волыгина;
Ж.Т. Калакулов;
А.Джаныбаева.

Экинчи маселе боюнча чечим кабыл алынды:

Жалпы суммасы 70 000 000 (жетимиш миллион) сомдон ашпаган инженердик-геологиялык изилдөөлөр, курулуштар үчүн лабораториялык жабдууларды жана химиялык лабораторияны сатып алууга макулдук берилсин.

Башкармалык бекитилген сумманын чегинде сатып алууга, тиешелүү келишимдерди түзүүгө жана сатылып алынган жабдуулардын акысын төлөөгө байланыштуу зарыл чараларды көрсүн.

Үчүнчү маселе боюнча чечим кабыл алынды:

Коомдун уставдык капиталы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 22-июлундагы №549-т тескемеге ылайык номиналдык наркы 33,3333 сомдук 300 000 000 (үч жүз миллион) сом өлчөмүндөгү 9 000 009 (тогуз миллион тогуз) бирдик жөнөкөй акцияларды чыгаруу жолу менен көбөйтүлсүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин атынан акцияларды сатып алууга артыкчылык укугун колдонбостон, жабык тартипте жайгаштырылсын.

Төртүнчү маселе боюнча чечим кабыл алынды:

Коомдун уставдык капиталы 4 388 155,38 (төрт миллион үч жүз сексен сегиз миң бир жүз элүү беш,38) бирдик өлчөмүндөгү 33,3333 сомдук номиналдык акцияларды кошумча чыгаруу жолу менен 146 271 700 (бир жүз кырк алты миллион эки жүз жетимиш бир миң жети жүз) сом өлчөмүндө көбөйтүлсүн.

• Бишкек шаарынын Совет көчөсү, 1а дарегинде жайгашкан имарат жанаша жер участогу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте уставдык капиталды көбөйтүү үчүн негиз катары коомдун балансына киргизилсин.

• Баланска кабыл алынган активдердин наркы белгиленген тартипте түзүлгөн документтерге жана баалоого ылайык 146 271 700 (бир жүз кырк алты миллион эки жүз жетимиш бир миң жети жүз) сом аныкталсын.

• Коомдун акцияларынын кошумча эмиссиясын тиешелүү суммага чыгаруу жана аны акцияларды сатып алууга артыкчылык укугун ишке ашырбастан жабык тартипте Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги көрсөткөн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин карамагына берсин.

Бешинчи маселе боюнча чечим кабыл алынды:

• Финансылык-кредиттик мекемелердеги депозиттик эсептерге коомдун убактылуу бош акча каражаттарын талап кылуу тартибинде жайгаштырууга макулдук берүү.

• Коомдун Башкармалыгына коомдун кызыкчылыктарын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын эске алуу менен финансы-кредиттик мекемелерди, акча каражаттарынын өлчөмүн жана жайгаштыруу мөөнөттөрүн аныктоо укугу берилсин.

Алтынчы маселе боюнча чечим кабыл алынды:

Коомдун уставдык капиталынын өлчөмүн өзгертүүнү жана коомдун банктардагы жана башка финансы-кредиттик мекемелердеги депозиттик эсептерге убактылуу бош акча каражаттарын жайгаштыруу укугун караган жоболорду эске алуу менен коомдун уставынын жаңы редакциясы кабыл алынсын.

Жетинчи маселе боюнча чечим кылды:

Коомдун Директорлор кеңешинин төрагасына жана мүчөлөрүнө, аудиторуна жана катчысына сый акы жана компенсациялар жөнүндө жобо бекитилсин.

Курманалиев көчөсү, 1а/1 дареги боюнча акционерлер коомдун Уставы менен тааныша алышат.

C/O-960

Решение

Внеочередного собрания акционеров

ОАО «Кыргызсуудолбоор»

18.08.2026 г. **г.Бишкек,**

Кворум-97,78% **ул.Курманалиева, 1а/1**

По первому вопросу решили:

Выбрать счетную комиссию в составе:
Е.Н.Волыгина;
Ж.Т.Калакулов;
А.Джаныбаева.

По второму вопросу решили:

Дать согласие на закупку лабораторного оборудования для инженерно-геологического изыскания, строительства и химической лаборатории на общую сумму не более 70 000 000 (семьдесят миллионов) сом.

Правлению провести необходимые мероприятия, связанные с проведением закупки, заключением соответствующих договоров и оплатой приобретаемого оборудования в пределах утвержденной суммы.

По третьему вопросу решили:

Увеличить уставный капитал Общества путем дополнительного выпуска простых акций номинальной стоимостью 33,3333 сом в количестве 9 000 009 (девять миллионов девять) единиц на сумму 300 000 000 (триста миллионов) сомов в соответствии с распоряжением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 22.07.2026 года №549-т и разместить его за Кабинетом Министров Кыргызской Республики в лице Министерства водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики в закрытом порядке, без применения приоритетного права приобретения акций.

По четвертому вопросу решили:

Увеличить уставный капитал Общества путем дополнительного выпуска простых акций номинальной стоимостью 33,3333 сом в количестве 4 388 155,38 (четыре миллиона триста восемьдесят восемь тысяч сто пятьдеся пять, 38) единиц на сумму 146 271 700 (сто сорок шесть миллионов двести семьдесят одна тысяча семьсот) сом.

• В качестве основания для увеличения уставного капитала принять на баланс Общества здание, расположенное по адресу: г. Бишкек, ул. Советская, 1а, с прилегающим земельным участком, в установленном законодательством Кыргызской Республики порядке.

• Определить стоимость принимаемого на баланс имущества в размере 146 271 700 (сто сорок шесть миллионов двести семьдесят одна тысяча семьсот) сом в соответствии с документами и оценкой, оформленными в установленном порядке.

• Осуществить дополнительный выпуск акций Общества на соответствующую сумму и разместить его за Кабинетом Министров Кыргызской Республики в лице министерства водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики в закрытом порядке, без применения приоритетного права приобретения акций.

По пятому вопросу решили:

• Дать согласие на размещение временно свободных денежных средств Общества на депозитных счетах финансово-кредитных организаций на условиях до востребования.

• Предоставить Правлению Общества право определять финансово-кредитные организации, суммы и условия размещения денежных средств с учетом интересов Общества и требований законодательства Кыргызской Республики.

По шестому вопросу решили:

Принять Устав Общества в новой редакции, учитывающей изменения размера уставного капитала Общества и положения предусматривающим право Общества размещать временно свободные денежные средства на депозитных счетах в банках и иных финансово-кредитных организациях.

По седьмому вопросу решили:

Утвердить Положение о вознаграждении и компенсации Председателя и членов Совета директоров, аудитора и секретаря Общества.

Акционеры смогут ознакомиться с уставом общества по адресу: **ул.Курманалиева, 1а/1.**

Решения, являющиеся существенными фактами, принятые на внеочередном общем собрании акционеров

ОАО «ОРТА АЗИЯ ИНВЕСТМЕНТ ХОЛДИНГ»

состоявшемся 14 августа 2026 г. в 15.00 ч.:

1. Утвердить увеличение количества обращаемых простых именных акций ОАО «Орта Азия Инвестмент Холдинг» путем увеличения дополнительного второго выпуска и закрытого (частного) размещения простых именных акций в количестве 584 900 (пятьсот восемьдесят четыре тысячи девятьсот) штук простых именных бездокументарных акций номинальной стоимостью 1 000 (одна тысяча) сомов, а цена размещения 1 500 (одна тысяча пятьсот) сом на общую сумму 877 350 000 (восемьсот семьдесят семь миллионов триста пятьдесят тысяч) сомов.

Установить следующие сроки размещения акций:

дата начала размещения – со следующего рабочего дня после даты государственной регистрации второго выпуска акций уполномоченным государственным органом;

дата окончания размещения – в течении 1 (одного) года со дня государственной регистрации выпуска акций.

2. Утвердить Устав Общества в новой редакции.

3. Провести государственную перерегистрацию Общества, находящегося по адресу: **Кыргызская Республика, г. Бишкек, Ленинский район, пр. Айтматова, 243,** в органах юстиции Кыргызской Республики в связи с увеличением размера уставного капитала.

Решением Совета директоров от **17 августа 2026 г.**, Нурбек Матай уулу освобожден от должности члена Совета директоров Общества **с 21 июля 2026 г.**

Кроме того, произошли изменения в составе и структуре акционеров Общества. По состоянию на **19 августа 2026 года** акции Общества распределены между акционерами следующим образом: Гезер Селчук 45% акций, АО «Ихлас Холдинг» 50% акций, ОсОО «ОРН Холдинг» 5% акций.

C/O-946

ОАО «Централ Азия Авто»

публикует решения, принятые на внеочередном собрании единственного акционера, от 14 августа 2026 года

Вид собрания: **внеочередное**
Форма проведения: **очное собрание**
Дата проведения: **14 августа 2026 года**
Место проведения: **г.Бишкек, ул.Панфилова, 178, 302**
Кворум собрания: **100%**

Единственный акционер решил:

1. Утвердить бюджет Общества на 2026 год в соответствии с Приложением №1 к настоящему решению.

2. Преобразовать Общество в Закрытое акционерное общество.

3. Выйти из статуса публичной компании, уведомить соответствующие государственные органы.

4. Перерегистрировать Общество в органах юстиции Кыргызской Республики в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

5. Утвердить новое фирменное наименование:

Полное фирменное наименование:
- на государственном языке: «Централ Азия Авто» жабык акционердик коому
- на официальном языке: Закрытое акционерное общество «Централ Азия Авто»
- на английском языке: “Central Asia Auto” Closed Joint Stock Company

Сокращенное фирменное наименование:
- на государственном языке: «ЦАА» ЖАК
- на официальном языке: ЗАО «ЦАА»
- на английском языке: “CAA” CJSC

6. Юридический адрес Общества оставить без изменений.

7. Утвердить и подписать Устав Общества в новой редакции.

8. Уставный капитал Общества оставить без изменений в размере 200 000 (двести тысяч) кыргызских сом, что составляет 100% уставного капитала, принадлежащий единственному акционеру Сыщикову Максиму Михайловичу.

9. Полномочия Генерального директора оставить без изменений за Тороховым Анатолием Владимировичем.

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей серия №300 (от 08.02.1999 г.) на имя Ягузовой Ащиян Щилабеевны считать недействительным.

КИКБ

Шаршеналы кызы Аянага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы сериясы Ч №841425 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

КИКБ

Абдиев Мейманбайга тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануга укук берүүчү күбөлүгү №4229 (23.02.1996-жылы катталган), иден. коду 3-04-03-0006-0198 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Д-05

Ибраимова Гульсана Махмудовнага тиешелүү диплому сериясы УВ150350363, каттоо номери 6304 (25.08.2015-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Д-05

В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей №193828 (от 20.01.2025 г.) на имя Джалалиева Ибрагима Гогушевича считать недействительным.

Н-621

Мырзаев Замирбек Камчыбековичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик актысы сериясы Ч №473873 (07.10.2013-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

КИКБ

В связи с утерей свидетельства о праве собственности на земельную долю №0352 (от 03.03.1999 г.) на имя Бейшенкуловой Курманкул считать недействительным.

КИКБ

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ЗАО «Мурас Банк»

ОТЧЕТ О ФИНАНСОВОМ ПОЛОЖЕНИИ

НА 30 ИЮНЯ 2026 ГОДА (ВКЛЮЧИТЕЛЬНО)

	30 июня 2026 г.	31 декабря 2025 г.
	тыс. сом	тыс. сом
АКТИВЫ		
Денежные средства	-	-
Счета и депозиты в Национальном банке Кыргызской Республики	1 351 309	1 400 000
Счета и депозиты в банках и других финансовых институтах	1 428	24 592
Инвестиции в ценные бумаги, учитываемые по амортизированной стоимости		
- Находящиеся в собственности Банка	45 282	-
Основные средства	137 057	115 937
Нематериальные активы	68 443	72 088
Прочие активы	5 447	37 367
Итого активов	**1 608 966**	**1 649 984**
ОБЯЗАТЕЛЬСТВА		
Прочие привлеченные средства	108 458	103 995
Прочие обязательства	54 538	55 899
Итого обязательств	162 996	159 894
Капитал		
Акционерный капитал	1 500 000	1 500 000
Нераспределенная прибыль	(54 030)	(9 910)
Итого капитала	**1 445 970**	**1 490 090**
Итого обязательств и капитала	**1 608 966**	**1 649 984**
Потенциальные и условные обязательства	-	-
* по стандартам НБКР		

ОТЧЕТ О ПРИБЫЛИ ИЛИ УБЫТКЕ И ПРОЧЕМ СОВОКУПНОМ ДОХОДЕ

НА 30 ИЮНЯ 2026 ГОДА (ВКЛЮЧИТЕЛЬНО)

	30 июня 2026 г.
	тыс. сом
Процентные доходы	4 026
Процентные расходы	(4 463)
Чистый процентный доход	**(437)**
Комиссии полученные	-
Комиссии уплаченные	(12)
Чистый комиссионный доход	**(12)**
Чистая прибыль (убыток) от операций с иностранной валютой	(2)
Прочие доходы	-
Операционный доход /убыток	**(451)**
Прочие операционные расходы	(10 000)
Расходы на персонал	(14 311)
Расходы на аренду основных средств	(5 026)
Прочие административные расходы	(14 332)
Прибыль до налогообложения	**(44 120)**
Расход по налогу на прибыль	-
Чистая прибыль	**(44 120)**
Итого совокупный доход	**(44 120)**

ОТЧЕТ ОБ ИЗМЕНЕНИЯХ В СОБСТВЕННОМ КАПИТАЛЕ

НА 30 ИЮНЯ 2026 ГОДА (ВКЛЮЧИТЕЛЬНО)

(в тысячах кыргызских сом)

	Уставный капитал	Дополнительный капитал внесенный акционерами	Нераспределенная прибыль	Всего собственный капитал
На 1 января 2026 года	**1 400 000**	**100 000**	**(9 910)**	**1 490 090**
Увеличение уставного капитала	-	-	-	-
Чистая прибыль (убыток)	-	-	(44 120)	(44 120)
Объявленные дивиденды	-	-	-	-
на 30 июня 2026 года	**1 400 000**	**100 000**	**(54 030)**	**1 445 970**

ОТЧЕТ О ДВИЖЕНИИ ДЕНЕЖНЫХ СРЕДСТВ

НА 30 ИЮНЯ 2026 ГОДА (ВКЛЮЧИТЕЛЬНО)

(в тысячах кыргызских сом)

	30.06.2026
ДВИЖЕНИЕ ДЕНЕЖНЫХ СРЕДСТВ ОТ ОПЕРАЦИОННОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ:	
Проценты полученные	3 613
Проценты уплаченные	-
Комиссии полученные	-
Комиссии уплаченные	(12)
Чистые доходы (убыток) от операций с иностранной валютой	(2)
Прочие операционные расходы	(10 000)
Административные расходы	9 499
Движение денежных средств от операционной деятельности до изменений операционных активов и обязательств	**3 098**
Изменение в операционных активов и обязательств	
(Увеличение) уменьшение в операционных активах	
Кредиты и средства, предоставленные клиентам	-
Увеличение (уменьшение) в операционных обязательствах	
Текущие счета и вклады клиентов	-
Денежные средства, (использованные в) / полученные от операционной деятельности до уплаты налога на прибыль	**3 098**
Налог на прибыль, уплаченный	-
Денежные средства, (использованные в) / полученные от операционной деятельности	**3 098**
ДВИЖЕНИЕ ДЕНЕЖНЫХ СРЕДСТВ ОТ ИНВЕСТИЦИОННОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ:	
Приобретение инвестиционных ценных бумаг	(45 244)
Погашение инвестиционных ценных бумаг	-
Приобретение основных средств и нематериальных активов	(29 709)
Продажа основных средств и нематериальных активов	-
Денежные средства, (использованные в) / полученные от инвестиционной деятельности	**(74 953)**
ДВИЖЕНИЕ ДЕНЕЖНЫХ СРЕДСТВ ОТ ФИНАНСОВОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ:	
Увеличение уставного капитала	-
Выплата дивидендов	-
Денежные средства, (использованные в) / полученные от финансовой деятельности	**-**
ВЛИЯНИЕ ИЗМЕНЕНИЙ КУРСОВ ВАЛЮТ НА ДЕНЕЖНЫЕ СРЕДСТВА И ИХ ЭКВИВАЛЕНТЫ	-
ИЗМЕНЕНИЕ ДЕНЕЖНЫХ СРЕДСТВ И ИХ ЭКВИВАЛЕНТОВ	(71 855)
ДЕНЕЖНЫЕ СРЕДСТВА И ИХ ЭКВИВАЛЕНТЫ, НА НАЧАЛО ПЕРИОДА	**1 424 592**
ДЕНЕЖНЫЕ СРЕДСТВА И ИХ ЭКВИВАЛЕНТЫ, НА КОНЕЦ ПЕРИОДА	**1 352 737**

СВЕДЕНИЯ О СОБЛЮДЕНИИ ЭКОНОМИЧЕСКИХ НОРМАТИВОВ, УСТАНОВЛЕННЫХ НБКР ПО СОСТОЯНИЮ ЗА 30 ИЮНЯ 2026 ГОДА

№ п\п	Наименование нормативов		Установленное значение норматива	Фактическое значение норматива
1	Максимальный размер риска на одного заемщика, не связанного с банком	К1.1	не более 20%	0,0%
2	Максимальный размер риска на одного заемщика, связанного с банком	К1.2	не более 20%	0,0%
3	Максимальный размер риска по межбанковским размещениям, не связанного с банком	К1.3	не более 30%	0,0%
4	Максимальный размер риска по межбанковским размещениям, в связанных банках	К1.4	не более 20%	0,0%
5	Коэффициент адекватности капитала	К2.1	не менее 12%	не применим
6	Коэффициент адекватности капитала	К2.2	не менее 7,5%	1003,9%
7	Коэффициент адекватности капитала	К2.3	не менее 6%	931,0%
8	Коэффициент адекватности капитала	К2.4	не менее 6%	89,4%
9	Норматив ликвидности банка (К 3)	К3.1	не менее 45%	не применим
10	Дополнительный запас капитала банка (показатель "буфер капитала")		-	не применим
11	Показатель ликвидности в иностранной валюте		не менее 8%	не применим
12	Количество дней нарушений по суммарной величине длинных открытых валютных позиций (К4.2)	К4.2	не более 20%	-
13	Количество дней нарушений по суммарной величине коротких открытых валютных позиций (К4.3)	К4.3	не более 20%	-
14	Количество дней нарушений по суммарной величине длинных открытых позиций драгоценных металлах (К4.5)	К4.5	не более 20%	-
15	Количество дней нарушений по суммарной величине коротких открытых позиций драгоценных металлах (К4.6)	К4.5	не более 20%	-

С/О-956

ЗАО «Мурас Банк»

ДОПОЛНИТЕЛЬНАЯ ИНФОРМАЦИЯ, ПОДЛЕЖАЩАЯ ПУБЛИКАЦИИ ПО СОСТОЯНИЮ НА 30 ИЮНЯ 2026 ГОДА

Информация о всех ценных бумагах, выпущенных банком в течение отчетного квартала	**Банк не выпускал ценных бумаг в течении отчетного квартала**
Существенные факты, затрагивающие финансово-хозяйственную деятельность Банка и подлежащие обязательному раскрытию по состоянию на 30 июня 2026 года (включительно)	
- изменения в списке лиц, входящих в выборные органы управления банка (за исключением общего собрания участников)	изменений в отчетном квартале не было
- изменения в размере участия лиц, входящих в выборные органы управления банка, в капитале банка, а также его дочерних и зависимых компаний;	изменений в отчетном квартале не было
- изменения в списке владельцев 5 и более процентов акций (долей), а также об изменениях доли владельцев 5 и более процентов акций (долей);	изменений в отчетном квартале не было
- изменения в списке юридических лиц, в которых банк владеет 20 и более процентами уставного капитала;	изменений в отчетном квартале не было
- появление в реестре банка, владеющего более чем 5 процентами его голосующих акций (долей, паев);	изменений в отчетном квартале не было
- разовые сделки банка, размер которых либо стоимость имущества по которым составляют 10 и более процентов от активов банка на дату сделки;	Размещение депозитов овернайт в НБКР 1,39 млрд сом за период с 19/06/26 по 30/06/26
- факт (факты), повлекший разовое увеличение или уменьшение стоимости активов банка более чем на 10 процентов;	в отчетном периоде не было
- факт (факты), повлекший разовое увеличение чистой прибыли или чистых убытков банка более чем на 10 процентов;	вступительный взнос в АЗД 10 млн сом
- реорганизация банка, его дочерних и зависимых обществ;	в отчетном периоде не было
- начисленные и (или) выплачиваемые (выплаченные) доходы по ценным бумагам банка;	начисления и выплат по ценным бумагам банка за отчетный квартал не было
- решение общих собраний;	
- погашение ценных бумаг банка;	погашения ценных бумаг банка не было
- величина созданного РППУ по активам, начисленным процентам по кредитам и финансовой аренде банкам и клиентам в соответствии с требованиями, установленными в нормативных правовых актах Национального банка на отчетную дату, а также отдельно сумму корректировки величины РППУ за отчетный квартал;	в отчетном периоде не было

С финансовой отчётностью в полном объёме можно ознакомиться в головном офисе ЗАО "Мурас Банк", расположенного по адресу: г. Бишкек, проспект Ч. Айтматова, 97/1 в, а также на сайте банка www.murasbank.kg

Приложение 2 к Положению о требованиях к формированию финансовой отчетности коммерческих банков КР

Список лиц, оказывающих существенное (прямое или косвенное) влияние на решения, принимаемые органами управления банка

Полное фирменное наименование банка:	**Закрытое акционерное общество "Мурас Банк"**
Сокращенное фирменное наименование банка:	**ЗАО "Мурас Банк"**
Регистрационный номер банка:	**316656-3301-ЗАО**
Почтовый адрес банка:	**Кыргызская Республика, г. Бишкек проспект Ч. Айтматова, 97/1 в**

Акционеры (участники) банка, владеющие 5 и более процентами (%) акций			Лица, оказывающие косвенное (через третьи лица) существенное влияние на решения, принимаемые органами управления банка	Взаимосвязи между акционерами (участниками) банка и лицами, оказывающими косвенное (через третьи лица) существенное влияние на решения, принимаемые органами управления банка
№ п/п	Полное и сокращенное фирменное наименование юридического лица с указанием юридического и фактического адресов/ ФИО физического лица с указанием гражданства	Принадлежащие акционеру (участнику) акции (доли) банка (процент голосов к общему количеству голосующих акций (долей) банка)		
1	2	3	4	5
1	Ентц Сергей Леонидович, гражданин Кипра	100,00%		

СВЕДЕНИЯ ОБ ИЗМЕНЕНИЯХ В СОСТАВЕ ПРАВЛЕНИЯ И СОВЕТА ДИРЕКТОРОВ ОАО "МУРАС БАНК"

№ п\п	**ФИО**	**Занимаемая должность**	**Дата ввода в состав Правления/Совета директоров**	**Дата вывода из состава Правления/Совета директоров**
	-	-	-	-

Председатель Правления **Омуралиев А.А.**
Главный бухгалтер **Аширахманова Р.И.**

С/О-956

ЗАО "Микрофинансовая Компания "Элет-Капитал"

Решения, принятые общим собранием акционеров.

Дата проведения общего собрания - **07.08.2026 г.**
Вид общего собрания - **внеочередное.**
Форма проведения общего собрания – **очная.**
Место проведения общего собрания - **Кыргызская Республика, г.Бишкек, ул.Московская, 125**
Кворум общего собрания - **100%**

На собрании приняты следующие решения:

1. Утвердить состав счетной комиссии.

2. Избрать и утвердить аудиторскую компанию ЗАО «В.Якобс-Аудит» для проведения независимой аудиторской проверки финансовой отчетности ЗАО «МФК «Элет-Капитал» за 2026 год и заключить договор.

Избрать и утвердить аудиторскую компанию ОсОО «Бейкер Тилли Бишкек», для проведения независимого аудита информационных систем ЗАО «МФК «Элет-Капитал» за 2026 год и заключить договор.

Уполномочить Председателя Правления – Генерального директора ЗАО «Микрофинансовая Компания «Элет-Капитал» Камчыбекова Э.С. на подписание от имени ЗАО «Микрофинансовая Компания «Элет-Капитал» всех договоров, дополнительных соглашений, а также любых других договоров и документов с аудиторскими компаниями ЗАО «В.Якобс-Аудит» и ОсОО «Бейкер Тилли Бишкек».

С/О-946

«Ишкердикти өнүктүрүү фонду» МКК ААКсы

2026-жылдын 10-сентябрында саат 10.00дө Бишкек шаары, Абдрахманов көчөсү, 175-үй. дарегинде акционерлердин кезексиз жалпы чогулушун өткөрүү жөнүндө билдирет.

КҮН ТАРТИБИ:

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тышкы аудиторду шайлоонун (дайындоонун) шарттарын жана тартибин тактоо бөлүгүндө «Ишкердикти өнүктүрүү фонду» МКК ААКнын уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө.

2. «Ишкердикти өнүктүрүү фонду» МКК ААКнын Корпоративдик башкаруу кодексине коомдун башкаруу органдарынын компетенциясынын маселелери боюнча коомдун уставына болгон карама-каршылыктарды четтетүү бөлүгүндө өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө.

3. «Ишкердикти өнүктүрүү фонду» МКК ААКсынын Директорлор кеңеши жөнүндө жобого 2.1-пунктту жана Директорлор кеңешинин компетенциясын жөнгө салуучу жоболорду «Акционердик коомдор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана коомдун уставына ылайык келтирүү бөлүгүндө өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө.

4. "Ишкердикти өнүктүрүү фонду" ААКнын 2026-жылга бюджетине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду бекитүү жөнүндө.

Акционерлердин кезексиз жалпы чогулушунун формасы: жеке добуш берүү (акционерлердин биргелешип катышуусу).

Чогулуштун өтчү жери: **Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Абдрахманов көчөсү, 175-үй.**

Акционерди (же алардын өкүлүн) каттоо 2026-жылдын 10-сентябрында саат 9.00дө башталат.

Акционерди (же алардын өкүлүн) каттоо 2026-жылдын 10-сентябрында саат 10.00дө аяктайт.

Акционерлердин кезексиз жалпы чогулушуна катышууга укуктуу акционерлердин тизмеси түзүлгөн күн: **2026-жылдын 18-августу.**

Акционерлердин кезексиз жалпы чогулушунун материалдары менен **Бишкек шаары, Абдрахманов көчөсү, 175 дареги** боюнча жайгашкан МКК "Ишкердикти өнүктүрүү фонду" ААКсынан таанышууга болот.

Сурап-билүү үчүн **(0703) 32 30 32** телефону аркылуу кайрылыңыз.

Эскертүү: Акционерлер паспортун жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык берилген ишеним катын (өкүлүн) алып келиши керек.

С/О-955

ОАО МКК «Фонд развития предпринимательства»

сообщает о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится 10 сентября 2026 года в 10.00 часов по адресу: г.Бишкек, ул.Абдрахманова, д. 175.

ПОВЕСТКА ДНЯ:

1. О внесении изменений и дополнений в Устав ОАО МКК «Фонд развития предпринимательства» в части уточнения условий и порядка избрания (назначения) внутреннего аудитора в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

2. О внесении изменений и дополнений в Кодекс корпоративного управления ОАО МКК «Фонд развития предпринимательства» в части устранения имеющихся противоречий с Уставом Компании по вопросам компетенции органов управления Компании.

3. О внесении изменений и дополнений в Положение о Совете директоров ОАО МКК «Фонд развития предпринимательства» в части приведения пункта 2.1 и положений, регулирующих компетенцию Совета директоров, в соответствие с Законом Кыргызской Республики «Об акционерных обществах» и Уставом Компании.

4. Об утверждении изменений и дополнений в Бюджет ОАО МКК «Фонд развития предпринимательства» на 2026 год.

Форма проведения внеочередного общего собрания акционеров: очное голосование (совместное присутствие акционеров).

Место проведения: **Кыргызская Республика, г.Бишкек, ул.Абдрахманова, д. 175.**

Время начала регистрации акционеров (их представителей): **9.00 часов 10 сентября 2026 года.**

Время окончания регистрации акционеров (их представителей): **10.00 часов 10 сентября 2026 года.**

Дата составления списка акционеров, имеющих право на участие во внеочередном общем собрании акционеров: **18 августа 2026 года.**

С материалами к внеочередному общему собранию акционеров можно ознакомиться в ОАО МКК «Фонд развития предпринимательства», по адресу: **г.Бишкек, ул.Абдрахманова, д. 175. Телефон для справок: (0703) 32-30-32.**

Примечание: Акционерам иметь при себе паспорт и доверенность (представитель) - оформленную в соответствии с действующим законодательством Кыргызской Республики.

«ФинансКредитБанк» ААКсы

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, 2026-жылдын 17-августунда өткөн акционерлердин кезексиз жалпы чогулушу өткөнү жөнүндө билдирет. Акционерлердин кезексиз жалпы чогулушу төмөнкү дарек боюнча өттү: Бишкек шаары, Үсөнбаев көчөсү, 2. Чогулушту өткөрүүнүн формасы - ачык. Жыйындын кворуму - 88,28%. Кворум бар. Чогулушту өткөрүү убактысы саат 11.00дө.

ДОБУШ БЕРҮҮГӨ КОЮЛГАН МАСЕЛЕЛЕР, КАБЫЛ АЛЫНГАН ЧЕЧИМДЕР ЖАНА ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ:

Биринчи маселе боюнча: «ФинансКредитБанк» ААКсынын Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү жөнүндө.

Чечим кабыл алынды:

Эсептөө комиссиясы төмөнкүдөй курамда бекитилсин:

1. Кованов Александр Васильевич.
2. Сакелова Айжан Шайдылдаевна.
3. Өмуралиев Айдар Болотбекович.

"Макул" - катышкандардын 100% добушу.

Экинчи маселе боюнча: "ФинансКредитБанк" ААКсынын жүгүртүүдөгү акцияларынын санын көбөйтүү боюнча кошумча эмиссиянын жыйынтыгын кароо жөнүндө.

Чечим кабыл алынды:

«ФинансКредитБанк» ААКнын 120 000 000 (бир жүз жыйырма миллион) нускадагы акциясынын жалпы суммасы 120 000 000 (бир жүз жыйырма миллион) сомго жүгүртүүдөгү акцияларынын санын көбөйтүү боюнча тогузунчу кошумча чыгаруунун жыйынтыгы бекитилсин.

"Макул" – катышкандардын 88,28% добушу.

Үчүнчү маселе боюнча: "ФинансКредит Банк" ААКсынын Уставына өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Токтом кабыл алынды:

1. Уставдык капитал 1 064 815 657 (бир миллиард алтымыш төрт миллион сегиз жүз он беш миң алты жүз элүү жети) сомдон 1 024 815 657 (бир миллиард жыйырма төрт миллион сегиз жүз он беш миң алты жүз элүү жети) сомго чейин өзгөртүлсүн.

2. «ФинансКредитБанк» ААКсынын Уставы жаңы редакцияда бекитилсин.

3. Банктын Башкармасы уставдык капиталынын 1 064 815 657 (бир миллиард алтымыш төрт миллион сегиз жүз он беш миң алты жүз элүү жети) сомдон 1 024 815 657 (бир миллиард жыйырма төрт миллион сегиз жүз он беш миң алты жүз элүү жети) сомго өзгөргөндүгүнө байланыштуу банктын уставына өзгөртүүлөрдү киргизсин жана Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарында "ФинансКредитБанк" ААКсын кайра каттоодон өткөрсүн. 2026-жылдын 17-апрелиндеги Юридикалык жактарды, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө жобого ылайык төмөнкүдөй формадагы чечим кабыл алынсын:

Кайрадан каттоодон өтүп жаткан юридикалык жактын фирмалык аталышы мамлекеттик жана расмий тилдерде	«ФинансКредитБанк» ачык акционердик коому Открытое акционерное общество «ФинансКредитБанк»
Юридикалык дареги	Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Абдрахманов көч, 105
Уюштуруучулар жөнүндө маалымат, фирманын толук аталышы, ИНН, юридикалык дареги (юридикалык жактар үчүн);	«А Плюс» камсыздандыруу компаниясы" жабык акционердик коому ИНН: 02009200610017 Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Усенбаев көч, 2
Юридикалык жактын уставдык капиталынын (үлүштүк фондунун) өлчөмү жана ар бир уюштуруучунун уставдык капиталындагы (үлүштүк фондундагы) үлүштөрүнүн (үлүштөрүнүн) өлчөмү;	1 024 815 657 (бир миллиард жыйырма төрт миллион сегиз жүз он беш миң алты жүз элүү жети) сом. Уставдык капитал бир акциянын номиналдык наркы 1 (бир) сомду түзгөн 1 024 815 657 (бир миллиард жыйырма төрт миллион сегиз жүз он беш миң алты жүз элүү жети) жөнөкөй акциялардан турат. «А плюс» камсыздандыруу компаниясы» жабык акционердик коому 88,2879% акцияга ээ.
Аткаруу органынын жетекчисинин фамилиясы, аты, атасынын аты (бар болсо), ПИН-коду	Башкармалыктын төрагасы – Сарбанов Санджар Болотович, ПИН: 20911197400972
Мамлекеттик реестрде камтылган маалыматтарга өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө маалыматтар.	Мамлекеттик реестрдеги маалыматтарга өзгөртүүлөр киргизилген эмес.
Фамилиясын, атын, атасынын атын (бар болсо), жарандыгын, ПИН-кодун, жашаган жерин (жеке адамдар үчүн) көрсөтүү менен юридикалык жактын ар бир бенефициардык ээси жөнүндө маалымат	Таштемир уулу Эркин, Кыргыз Республикасы, 22503197400691, Бишкек ш.

4. Ушул чечимде көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик кайра каттоо үчүн берилген документтерде камтылган маалыматтардын аныктыгы ырастalсын.

"Макул" – катышкандардын 88,28% добушу.

C/O-961

ОАО «ФинансКредитБанк»

в соответствии с законодательством Кыргызской Республики, сообщает о прошедшем Внеочередном общем собрании акционеров 17 августа 2026 года. Внеочередное общее собрание акционеров состоялось по адресу: г.Бишкек, ул.Усенбаева, 2. Форма проведения – очная. Кворум собрания – 88,28%. Кворум имеется. Время проведения собрания: 11.00 ч.

ВОПРОСЫ, ПОСТАВЛЕННЫЕ НА ГОЛОСОВАНИЕ, ПРИНЯТЫЕ РЕШЕНИЯ И ИТОГИ ГОЛОСОВАНИЯ:

По первому вопросу: Об утверждении состава счетной комиссии ОАО «ФинансКредитБанк».

Принятое решение:

Утвердить Счетную комиссию в следующем составе:

1. Кованов Александр Васильевич.
2. Сакелова Айжан Шайдылдаевна.
3. Омуралиев Айдар Болотбекович.

«За» - 100% голосов от присутствующих.

По второму вопросу: О рассмотрении итогов проведенной дополнительной эмиссии по увеличению количества обращаемых акций ОАО «ФинансКредитБанк».

Принятое решение:

Подтвердить итоги девятой дополнительной эмиссии по увеличению количества обращаемых акций ОАО «ФинансКредитБанк» в количестве 120 000 000 (сто двадцать миллионов) экземпляров на общую сумму 120 000 000 (сто двадцать миллионов) сом.

«За» - 88,28% голосов от присутствующих.

По третьему вопросу: О внесении изменений в Устав ОАО «ФинансКредитБанк».

Принятое решение:

1. Внести изменения в Уставный капитал с 1 064 815 657 (один миллиард шестьдесят четыре миллиона восемьсот пятнадцать тысяч шестьсот пятьдесят семь) сом на 1 024 815 657 (один миллиард двадцать четыре миллиона восемьсот пятнадцать тысяч шестьсот пятьдесят семь) сомов.

2. Утвердить Устав ОАО «ФинансКредитБанк» в новой редакции.

3. Правлению Банка провести перерегистрацию ОАО «ФинансКредитБанк» в уполномоченных государственных органах Кыргызской Республики в связи с внесением изменения в Уставном капитале с 1 064 815 657 (один миллиард шестьдесят четыре миллиона восемьсот пятнадцать тысяч шестьсот пятьдесят семь) сом на 1 024 815 657 (один миллиард двадцать четыре миллиона восемьсот пятнадцать тысяч шестьсот пятьдесят семь) сомов, и внесением изменений в Устав Банка. Согласно Положения о порядке государственной регистрации юридических лиц, филиалов и представительств от 17.04.2026 г. предоставить Решение по нижеследующей форме:

Фирменное наименование перерегистрируемого юридического лица на государственном и официальном языках	«ФинансКредитБанк» ачык акционердик коому Открытое акционерное общество «ФинансКредитБанк»
Юридический адрес	Кыргызская Республика, г.Бишкек, ул.Абдрахманова, 105
Сведения об учредителях, полное фирменное наименования, ИНН, местонахождения юридического адреса (для юридических лиц);	Закрытое акционерное общество «Страховая компания «А Плюс» ИНН: 02009200610017 Юридический адрес: Кыргызская Республика, г.Бишкек, ул.Усенбаева, 2
Размер уставного капитала (паевого фонда) и размер долей (паев) каждого учредителя в уставном капитале (паевом фонде) юридического лица;	1 024 815 657 (один миллиард двадцать четыре миллиона восемьсот пятнадцать тысяч шестьсот пятьдесят семь) сом. Уставный капитал складывается из 1 024 815 657 (один миллиард двадцать четыре миллиона восемьсот пятнадцать тысяч шестьсот пятьдесят семь) штук простых именных акций, номинальной стоимостью 1 (один) сом за каждую акцию. Владельцем 88,2879% акций является Закрытое акционерное общество «Страховая компания «А Плюс»
Фамилия, имя, отчество (при наличии), ПИН руководителя исполнительного органа	Председатель Правления – Сарбанов Санджар Болотович, ПИН: 20911197400972
Информация об изменениях и дополнениях сведений, содержащихся в государственном реестре.	Изменений данных содержащихся в государственном реестре не имеется
Сведения о каждом бенефициарном собственнике юридического лица с указанием фамилии, имени, отчества (при наличии), гражданства, ПИН, места жительства (для физических лиц)	Таштемир уулу Эркин, Кыргызская Республика, 22503197400691, г.Бишкек.

4. Подтвердить, что указанные в данном решении, а также сведения, содержащиеся в представленных для государственной перерегистрации документов, достоверны.

«За» - 88,28% голосов от присутствующих.

C/O-961

Жер мыйзамдарынын аткарылышын көзөмөлдөө боюнча прокуратура органдары тарабынан көрүлгөн чаралар

Прокуратура органдарындагы эң негизги артыкчылыктуу тармактарынын бири болуп бул жер мыйзамдары эсептелгендиктен, 2025-жылы жана 2026-жылдын 6 айына карата жер мыйзамдарынын аткарылышы боюнча жүргүзүлгөн 222 текшерүүлөрдө 746 мыйзам бузуучулук аныкталып, аларды жоюу үчүн 6 каршылык билдирүү, ченемдик укуктук актыны четтетүү жөнүндө 52 сунуштама, 65 талап кылуу, 7 алдын ала эскертүү, 115 доо арыз келтирилген, 7 укук бузуу өндүрүш жана 25 кылмыш иштери козголгон.

Прокурордук актылардын негизинде 33 кызматчы тартиптик жоопкерчиликке тартылышып, мамлекеттин пайдасына 16 853 087 сом акчалай, 2 189 804 761 натуралай түрдө өндүрүлгөн.

Жер мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө боюнча тийиштүү иш аракеттер улантыла бермекчи.

Э.НИЯЗБАЕВ, Ош областынын прокуратурасынын бөлүмүнүн улук прокурору.

Начисленные и (или) выплачиваемые (выплаченные) доходы по ценным бумагам эмитента

ОАО «МФК «АБН»

объявляет о выплате доходов за восьмой процентный период по именным процентным облигациям по первому траншу пятого выпуска (KG 0205211517). Выплата доходов, будет осуществляться с 2 сентября 2026 года.

• Номинальная стоимость облигации – **5 000 сом;**

• Размер дохода на одну облигацию (5 выпуск) – **18%;**

Список владельцев облигаций, имеющих право на получение процентного дохода, определяется на дату **26 августа 2026 г.**

Форма выплаты – **денежные средства.**

Выплата процентов будет осуществляться путем перечисления денежных средств на банковский счет держателя облигаций, согласно поданного им заявления, либо в офисе ОАО «МФК «АБН» по адресу: **г. Бишкек, ул. Юсупа Абдрахманова, 136.**

Справочная информация по тел.: **51-11-51 или 2810; www.abn.kg**

Пятый выпуск облигаций ОАО «МФК «АБН» зарегистрирован Службой регулирования и надзора за финансовым рынком при Министерстве экономики и коммерции Кыргызской Республики **19 августа 2024 г. (KG 0205211517).**

C/O-958

ОАО «МФК «ИнвесКор СА»

информирует о выплате доходов по восьмому процентному периоду первого транша по именным процентным облигациям второго выпуска

- Номер выпуска: **KG 0202224612;**
- Ставка доходности: **18% годовых;**
- Номинальная стоимость облигаций: **5000 пять тысяч) сом;**
- Дата начала выплат дохода: **26 августа 2026 года;**
- Дата составления списка владельцев ценных бумаг для получения дохода: 26 августа 2026 г.;
- Форма выплат: **денежные средства;**
- Место выплаты: **ОАО «МФК «ИнвесКор СА», г.Бишкек, ул.Коенкозова, 75** либо путем перечисления на банковский счет держателя облигаций согласно поданного заявления.

C/O-959

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на зем. уч. №1138926 (от 19.08.2022 г.) на имя Ботирова Муйдинжона Абдигапировича считать недействительным.
Н-613

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок №634499 на имя Иманова Байыша считать недействительным.
П/П-517

В связи с утерей адвокатского удостоверения №2446 на имя Арыкбаевой Нуризат Идрисовны считать недействительным.
Н-618

В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей серия ЧА №381 на имя Бертошева Жийдегуль считать недействительным.
Н-619

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок серия Ч №713057 (от 12.06.2017 г.), дог. купли-продажи (без. нот. удост.) №2017/5353 (от 12.06.2017 г.) на имя Акунова Айбека Аалыбековича считать недействительным.
КИКБ

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок Ч №499626 (от 09.12.2013 г.) на имя Долоткулова Улана Дыйканалиевича считать недействительным.
КИКБ

Рыскулов Таалайбек Жоробаевичке таандык сериясы ТА №353 жер үлүшүнөн пайдалануу боюнча күбөлүгүнүн жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
П/П-017

Шадыканова Ажаркуль Шекеровнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы сериясы Ч №753913 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
КИКБ

Абышева Толкун Ташиевнага тиешелүү диплому сериясы УС №230157903 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
КИКБ

Омралиева Джылдыз Абышовнага тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануга укук берүүчү күбөлүгү ЧА №047205 (16.08.2003-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
КИКБ

Табалдиева Айгул Омуркалиевнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы сериясы Ч №553126 жана тартуулоо келишими ГМ №81449 (03.02.2021-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
КИКБ

Джумабаев Даниел Жеңишбековичке тиешелүү тех. паспорту 1-04-17-0015-0238-01-016 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
КИКБ

Султанкулов Айбек Кушбаковичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы сериясы Ч №317192, иден. коду 1-02-10-0037-0104 жана турак жайдын белекке берүү келишими №2011/127286 (03.10.2011-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
КИКБ

Кадамжай районуна караштуу Үч-Коргон айылынын тургуну Абдурахманов Одил Олимовичке таандык жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы сериясы Ч №445387 (28.02.2013-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Н-616

Токтогул районунун Бала-Чычкан айылынын тургуну Джумалиев Анарбек Карагозуевичтин жерге тиешелүү үлүш күбөлүгү сериясы I-III-2-3 №0168 (28.06.1996-ж.б.), №380, ИНН код: 3-07-03-0031-0429, 3-07-03-0043-0389 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Н-617

Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа айылынын тургуну Эшбаев Суранбай Апилаевичке таандык сериясы МВ №122341 диплому жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
П/П-734

Акжолов Барсбек Айтбаевичке тиешелүү диплому сериясы UC №250135775 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
КИКБ

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок №614089 (от 01.10.2015 г.), договор купли-продажи (от 26.12.2005 г.) на имя Таштанбекова Абалкана считать недействительным.
КИКБ

Абдрасулова Тахмина Бекмуратовнага тиешелүү диплому сериясы ТС №220225349 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
КИКБ

Кара-Кулжа районунун Бий Мырза айылынын тургуну Абдырахманов Абдыманапка тиешелүү жер үлүшү боюнча күбөлүгү сериясы СТ №0043 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
КИКБ

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок №0039612 на имя Юсупова Кадыржана Насыржановича считать недействительным.
КИКБ

Өзгөн шаарында жайгашкан Ташимбетов Манас Балтабаевичке тиешелүү квартиранын документи иден. коду №5-0618-0003-0006.3430-01-019 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
КИКБ

Курбанбеков Элмар Курбанбековичке тиешелүү турак жайынын техникалык паспорту иден. коду 3-02-02-0002-1015-01-001 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Д-05

Кушназаров Чынгыз Адановичке тиешелүү диплому сериясы ГТ07663, (каттоо номери 161, 25.07.2000-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Д-05

Болотбекова Назира Асылбековнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик актысы сериясы Ч №073283, (катталган күнү 27.03.2007-ж.), иден. коду 3-10-10-1007-1272 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Д-05

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок серия Ч №0049565 на имя Аматовой Махабат Кубанычбековны считать недействительным.
КИКБ

Эргешова Гулбара Усөновнага тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы сериясы Ч №204215 (28.09.2009-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Д-05

Ала-Бука районунун Ала-Бука айыл аймагынын Соломо участогунда жайгашкан муниципалдык менчиктеги 1,87 га жер тилкеси конкурс аркылуу ижара берет. Конкурска катышуу үчүн тиешелүү арыздарды 10.09.2026-жылга чейин Ала-Бука айыл өкмөтүнө тапшырууңуздарды эскертебиз. Конкурс Ала-Бука айылы М.Мамырбеков көчөсү №52 Ала-Бука айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өтөт. Сурап-билүү үчүн тел.: (0777) 09-30-03.
КИКБ

Умаров Азимжон Анваровичке тиешелүү жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик актысы сериясы Ч №308361, иден. коду 3-10-01-0017-1601 (катталган күнү 20.05.2011-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.
Д-05

В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей серия №0122408 (от 21.10.2019 г.) на имя Койчиевой Жылдыз Жунусовны считать недействительным.
КИКБ

В связи с утерей свидетельства на право пользования земельной долей серия ЧК №1330 (от 09.12.1981 г.), код 7-4-10-0 на имя Абакировой Ольги Михайловны считать недействительным.
Н-620

ОБЪЯВЛЕНИЕ
О ПРОВЕДЕНИИ АУКЦИОНА
ЗАО «Кыргызская фондовая биржа»

аукцион по продаже недвижимого имущества — торгового павильона, расположенного по адресу: г. Бишкек, 8 микрорайон, с земельным участком площадью 0,022 га.

Право на земельный участок удостоверяется государственным актом о праве частной собственности серии №0017181 от 8 мая 2003 года, идентификационный код 1-04-08-0028-0140. Срок пользования земельным участком установлен на 49 (сорок девять) лет — **с 9 января 2018 года по 9 января 2067 года.**

Публичные торги состоятся 22 сентября 2026 года в 11.00 по адресу: город Бишкек, улица Московская, 172.

Стартовая цена объекта составляет 3 203 500 (три миллиона двести три тысячи пятьсот) сомов.

Для участия в торгах необходимо внести 1% от стартовой цены, что составляет 32 035 (тридцать две тысячи тридцать пять) сомов, в качестве гарантийного взноса путем перечисления денежных средств в ОАО «Демирбанк», БИК 118005, на расчетный счет ЗАО «Кыргызская фондовая биржа»: 1181000300048339.

Прием заявок и документов, подтверждающих внесение гарантийного взноса осуществляется по электронному адресу: **office@kse.kg** и заканчивается за один день до даты проведения аукциона.

Победитель публичных торгов обязан в течение 3 (трёх) календарных дней со дня завершения аукциона перечислить на расчетный счет ЗАО «Кыргызская фондовая биржа» покупную цену недвижимого имущества за вычетом суммы внесенного гарантийного взноса.

Телефон: **+996 (0700) 75-55-57 Оморов Улукбек Тимурович**
С/О-954

"Кыргыз инкассациясы" ЖАКтын

«Автоматташтырылган программалык камсыздоо системасы ЖАК «КЫРГЫЗИНКАС» иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүүчүлөрдү тандоо боюнча конкурс өткөрөт.

Конкурстук документтерди берүү 2026-жылдын 11-сентябрында саат 17.00гө чейин жүргүзүлөт. Дареги: Бишкек ш., Токтогул көчөсү, 9-үй, 6-батир.

Сынактык сунуштарды кабыл алуу **2026-жылдын 21-сентябрында саат 12.00дө** аяктайт.

Уюштуруу маселелери боюнча техникалык координаторго (**0707) 43-30-95** телефону менен же: **asadykov@rui.kg** электрондук почтасы аркылуу кайрылууга болот.
С/О-957

ЭРКИН-ТОО Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

Биздин реквизиттер: р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактор
КАРБОСОВА
Жазгүл Жузуповна

Кабылдама 62-38-75

Башкы редактордун 1-орун басары
КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77

Башкы редактордун орун басары
РЫСПАЕВ Курманбек – 62-38-78

Жооптуу катчы
КУЛАТАЕВА Бактыгүл – 62-38-71

БӨЛҮМДӨР:
Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-18-64
Жарнама жана аймактар менен иштөө бөлүмү – 62-19-06
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87 (0773) 11-75-87
Веб-сайт – (0705) 08-71-79
Коммерциялык бөлүм – 62-19-06
"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

АЙМАКТАР:
Ош облусу (0709) 27-44-27
Жалал-Абад облусу (0772) 12-82-67
Нарын облусу (0702) 87-87-79
Талас облусу (0700) 90-62-61
Ысык-Көл облусу (0702) 87-98-79
Чолпон-Ата шаары (0500) 20-89-70
Токтогул шаары (0220) 70-71-32
Кербен шаары (0773) 39-07-95

Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет. Кол жазмалар жана сүрөттөр кайтарылбайт.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

Биздин даректер:
Бишкек шаары, 720040, Тыныстанов көчөсү, 249.
erkintoo777@mail.ru

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592
Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.
Индекси: 68451
"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма 359. Нускасы 4231
Басууга 20.08.2026-ж. саат 18.00дө берилди
Сатык келишим баада

Эркин-Тоо
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ПИКИР



“АЙЫМПААШАНЫН” НЕГИЗГИ КӨРКӨМ ӨЗӨГҮ – КААРМАНДАРДЫН КАЙРА ЖАРАЛУУСУ

Кээде адамдын өмүрүндөгү эң маанилүү бурулуш жалындаган жаш куракта эмес, өмүрдүн кыроо баскан кеч күзүндө да келерин ким жокко чыгара алат. Кээде сүйүү да жеке эле жаш жүрөктөрдүн энчисине гана берилбей, турмуштун далай сыноосунан өтүп, жан дүйнөсү жараланган адамдардын акыркы үмүтүнө айланат. Кээде коом “жаман”, “жексур”, “кара жолтой” деп акыркы өкүмүн чыгарып койгон адамдардын ичинде али өчө элек адамдык нурду бир гана боорукер жүрөк көрө алат. Жазуучу Рахат Аманованын “Айымпааша” аңгемеси мына ушундай адамзат тагдырынын аянычтуу кесилишинде жаралган чыгарма. Чыгарманын башында эле окуя окурманга таң калтырган кабар менен төмөнкүдөй абалда эшик ачат.

“Айымпааша өзү айттырып, баягы жексурга ника кыйдырып, кечээ түнү тийиптир, ботом?..” Ушул бир сүйлөм чыгарманын драмалык негизги өзөгүнө айланып, окуяны окурмандын аң-сезимине локоматив сыяктуу, психологиялык принциптин динамикалык темпи менен сүйрөп кирип келип, токтоосуз жүрүп отурат. Бирок автор окурманды сырттан айтылган ушактын деңгээлинде калтырбайт. Тескерисинче, “жексур” деген коомдук бааны талкалап, анын артында турган адамдын ички дүйнөсүн ачууга киришет. “Жексур” ким? Автор чыгармачылыктагы эң кызыктуу көркөм анонимдүүлүк жана аны кийин ачуу – идентификациялоочу көркөм ыкмаларды ийкемдүү колдонуп, баш каарман Чоронун өз атын көпкө чейин атабай, анын ордуна эл өкүмзордук менен койгон “жексур” деген ат менен окуяны өнүктүрөт.

Чоро жаш кезинде киши өлтүрүп, 27 жыл түрмөдө отурат. Бирок түрмөдөн чыккандан кийин эле анын жазасы бүтпөйт. Тескерисинче, коомдук жээрүү, эл тарабынан четтетүү башталат. Тууганда-ры да андан баш тартышат. “...Тууган-уругу мунун бузулган түрүн көрүп тууганчылыктан кечип коюшту...” Ошентип, Чоронун чыныгы түрмөсү темир тор артында эле эмес, айыл элинин, тууганда рынын жээрүүсүнө түшкөнүндө да уланат. Мыйзам алдында жазасын түрмөдө өтөгөндөн кийин ал коом алдында өмүр бою жазаланган адамга айланат. Мына ушул жерде чыгарманын эң маанилүү гуманисттик суроосу жаралат. Адам өзүнүн бир жолу жасаган күнөөсү менен өмүр бою күнөөлүү бойдон калууга тийишпи?

Автор бул суроого түз жооп бербейт. Анын ордуна Чоронун кийинки жашоосун сүрөттөөгө өтөт. Ал элден бөлүнүп, жардын оюгуна кепе жасап алып жашайт. Өз колу менен кепе курат. Устачылык кылат, ар кимге жалданып, ар түрдүү иште иштейт. Эң негизгиси, кандай жоготууларга учурабасын туулган жерине болгон сүйүүсүн, урматын жоготпойт. Анын адамдык өзөгү дал ушул мекенге болгон сүйүүсү менен урматында сакталат. “...Жыйырма жети жыл бою туулган жерин сагынып, канча жолу өз өмүрүнө кол салгысы келгенин бир өзү билет!.. Бирок ушул кусасы үчүн кайра жашагысы келди...” Бул жерде калемгер абдан таасирдүү психологиялык параллель түзөт. Адамды коом четке какса да, туулган жер адамды четке какпайт. Бир бооруну кабыл албай жээрисе, туулган жер өз койнунан жай берип, бооруна батырып алат. Мекен, жер эне адамзатка ошон үчүн ыйык!

Айымпаашанын образы да чыгарманын чоң көркөм табылгаларынын бири. Ал өз тагдырын өзү тандоого эрки жеткен күчтүү аял. Анын трагедиясы күйөөлөрүнүн өлүмү менен гана чектелбейт. Коомдун ага койгон “кара жаздык”, “кара жолтой катын” деп жаман атты кылган басмырлоосу баарынан оор экенин туюнтат. Айымпаашанын эжесине айткан, “...Эрден эрге тийгенден тажадым!.. Көрүнгөн чочун үйдө жүрүп чарчадым! Көрүнгөн эркекке аял болгондон чарчадым! Эми өзүмө эр таап, өзүм чечем. Азыр мен үчүн ошо жардын оюгунда жашаган жексур бардыгынан артык!.. Мен үчүн айырмасы канча дейсиз?..” деген сөздөрү чыгарманын эң күчтүү психологиялык абалын түзөт. Бул сөздөрдөн аялдын жөн гана турмушка чыгууга болгон каалоосун эмес, өз тагдырын өзү чечүүгө болгон укугун сезип, чечкиндүү кадамга барган майтарылбас эркин көрүүгө болот.

Айымпааша ага чейин эжесинин кеңеши менен жашаган. Эл эмне дейт деп жашаган. Күйөөлөрүнүн үйүндө “өгөй эне” катары жашаган. Соңунда ал биринчи жолу өзүнүн жашоосуна өзү кожоюн болууну чечет. Ошондуктан анын Чорону тандашы бир караганда күтүүсүз кадам болгону менен, чыгарманын ички логикасында мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ал Чорону коом көргөндөй “жексур” катары эмес, өзүнө окшош жан дүйнөсү жараланган адам катары, тагдыр менен тизгиндешип, эч убакта сынбаган эрктүү адам катары көрөт. Айымпааша менен Чоронун ортосундагы мамиле кадимки сүйүү баяны эмес. Тагдырдан тизгин талашкан эки эрктүү адамдын жолугушуусу. Бул жан дүйнөсү жабыркаган эки адамдын бири-биринен адамдык жылуулук, жан эргиткен мээрим табышы. Ошондуктан Чоро менен Айымпааша экөөнүн никеси жөн гана ника эмес, эки жаман атты болгон адамдын бири-бирин реабилитациялап акташы.

Чоронун жуунуп-тазаланып, аялдын алдына таза барууга даярданып жатканын көргөн Күлүмкан кемпирдин ички дүйнөсүндө чоң өзгөрүү пайда болот. Аны автор, “Аа, адам экен! Аял кишинин алдына бою-башы таза барайын деген турбайбы?” деп Күлүмкан кемпирдин сөзү менен Чоронун экинчи өмүрүндөгү алгачкы кадамын абдан кылдат сүрөттөп, алгачкы реабилитациялоо жолун ачып берген. Ушул жерде чыгарманын гуманисттик идеясы өтө так көрүнөт. Адамдык нарк – улуу иштерден гана эмес, күнүмдүк майда мамилелерден да көрүнөрүн калемгер чеберчилик менен мыкты далилдеген.

Чоро Айымпаашаны сыйлайт. Анын көңүлүн тебелеп-тепсегиси келбейт. Никелешкен түндүн өзүндө да Айымпаашанын абалын түшүнүп, анын ички дүйнөсүнө аяр мамиле кылып, башка бөлмөгө жатат. “Көңүлгө убал деди Чоро...” Бул Чоронун ички өзгөрүүсүнүн өзөгү. Сүйүү Чоронун ички сезимдерин кайра ойготот. Чоронун кайра жаралуусу Айымпаашанын мээрими аркылуу акырындап ачылып жүрүп отурат. Айымпааша Чоронун өткөнүн сурakka албайт. Аны өзгөртүүгө аракет да кылбайт. Аны адам катары кабыл алат. Анын дасторкону Чоронун жүрөгүнө жылуулук алып келет. “Айымпааша алдына дасторконду жайнатып салган сайын ыраазы болуп ичи жылыйт...”

Бул жерде дасторкон жөн гана турмуштук деталь эмес, мээримдин, үйдүн, аялдык назик жылуулуктун, сүйүүнүн, адамдын адамга болгон ишениминин символу. Жыйырма жети жыл бою сый мамиледен ажырап калган Чоро кайрадан бир өөнүн үйүндө өзүн сыйлуу адам катары сезе баштайт. Ошол эле учурда анын Айымпаашага болгон мамилеси да сүйүүгө айланат. Мунун эң ишенимдүү далили катары, калемгердин экөөнүн бири-бирине болгон кызганычын жеткиликтүү сүрөттөп бергенинде. “Анын кайсы маалда Айымпааша көңүлүн ээлеп алганы эсинде жок...” Кечээ гана жалгыз жашоону каалаган Чоро, бүгүн Айымпаашанын 2-3 күн жоктугунан үйүнө батпай калганы, аны түнөп калчу жерге мындан ары жалгыз жөнөпөйм деп кызганганы, ага болгон сүйүүнүн далили. Мына ушул штрих автор тарабынан өтө чебер иштелген.

Чыгармадагы өзгөчө маанилүү дагы бир деталь Чоронун “биздин эл” деген сөзү. “Биздин эл” чыгарманын маанилүү сөздөрүнүн бири. Ал мурда элден бөлүнгөн, эл жээриген адам эле. Өзүн элге тиешеси жок адам катары сезип келген. Бирок Айымпааша менен жашап, үйүн оңдоп, кошуналар жардамга келгенде анын жан дүйнөсүндө жаңы сезим пайда болот. Чоро ошол жерде, “Биздин элди деги билесиң...” дейт. Ушул “биздин” деген сөз аркылуу калемгер Чоронун руханий реабилитациясынын экинчи этаптагы эң чоң белгисин ачып берген. Кечээ эле “жексур” аталып, элден бөлүнгөн адам бүгүн кайрадан “биз” деген түшүнүктүн ичине кирип жатат. Четтетилген адамды кайра коомго кайтарып алып келген мындан артык дагы кандай сөз, кандай ыкма болушу мүмкүн?

Аңгемедеги эски үйдүн образы өзүнчө сөз кылууга татыктуу. Эски үй чыгармадагы мыкты символ. Ал башында Айымпаашанын жалгыз калган, жараланган жашоосунун символу сыяктуу көрүнөт. Чоро үйдү оңдоону Айымпаашага сунуш кылат. Ал макул болуп, иш башталат. Коңшу-колоң чогулат. Эл келип жардам берет. Ошентип, үйдү оңдоо эки адамдын мамилесин оңдоого, андан ары коомдун мамилесин кайра жаңылоого айланат. Өзгөчө таасирдүү учур Чоронун “Үйдү” дебей, “үйүбүздү” деп бата тилеши. Бир эле “үй” менен “үйүбүздүн” деген сөздүн ортосунда Чоронун бүтүндөй ички эволюциясын калемгер чеберчилик менен кылдат сүрөттөгөнүн көрүүгө болот. Ал эми элдин “Чоронун үйү” деп атай башташы да символдук мааниге ээ. “Элдин баары бул үйдү “Чоронун үйү” дегенге өткөн...”

Чыгарманын кийинки бөлүгүндө автор сүйүүнү идеалдаштырып гана тим койбойт. Анын табигый карама-каршылыгын да ачып берет. Каармандардын бири-бирине болгон кызганычы, экөөнүн тең сүйүүнү мойнуна алганынын аныктамасы. Чоро Айымпаашаны кызганат. Айымпааша Чорону кызганат. Чоро шаарга кеткенде Айымпааша түнү бою жол карайт. Анан кызганычын жашыра албай, “Сиз мени сагындыңызбы? Сагынганыңыз чынбы, айтыңызчы?..” деп сурайт. Бул жерде автор эки улгайган адамдын сүйүүсүн абдан табигый берет. Алардын сезими жаштардыкындай романтикалуу эмес. Анда турмуштук тажрыйба, коркуу, кызганыч, тартынуу, сый-урмат кынтыксыз жуурулушуп турат. Кеч келген сүйүү ошонусу менен ишенимдүү көрүнөт.

Чоронун, “...Сени менен Кудай канча өмүр берсе бирге жашайм...” деген сөзү чыгармадагы мамиленин жаңы баскычын белгилейт. Бул убактылуу ника эмес. Бул эки адамдын бири-бирин түбөлүк тандагандыгы. Чоро Айымпаашага өзүнүн уулу бар экенин айтат. Айымпааша баланы көргөндө өзүнүн энелик инстинкти дароо ойгонуп, баланы бооруна басып эркелете баштайт. “Карадым, кулунум десе, мен келбедимби?..” деген сөзү анын бүтүндөй өмүрүндөгү чоң боштуктун мелт-калт толгон абалын билдирет. Чыгарманын башында Айымпааша “кара жолтой катын” деген коомчулук тарабынан берилген жаманатты көтөрүп турган аял болуп келип, аягында ал сүйүктүү жарга, “апа” деген ыйык атка ээ болот. Ал эми “жексур” деген ат менен коомдон сүрүлгөн Чоро чыгарманын соңунда ата, күйөө, үйдүн ээси, коомдун олуттуу бир сыйлуу мүчөсү болуп калат. Бул чыгарманын эң чоң гуманисттик, агартуучулук жеңиши.

Аңгеменин акыркы сүйлөмдөрү өзгөчө символдук күчкө ээ. “...Аска-зоолуу тоо койнундагы айылдагы, “аталап”, “апалаган” наристенин кылык-жоругуна толуп-ташыган эски үйдүн түбөлүгү түгөл боло, жарыгы жанып турду...” Бул жерде үйдүн жарыгы адамдардын ички жарыгы. Башында түрмө, жалгыздык, жаманатты, коомдон четтөө, өлүм, кайгы өкүм сүргөн дүйнөнүн ордуна чыгарманын акырында сый-урмат, сүйүү, бала үнү, ата-эне мээрими, үй-бүлө жана жаркын келечек келет. Ошондуктан “Айымпааша” аңгемесинин негизги идеясы – адамды анын өткөнү менен гана өлчөбөө, адамга экинчи мүмкүнчүлүк берүү, мээрим, сүйүү жана ишеним аркылуу жараланган адамдын кайрадан инсандык турмуш-тиричиликке кайтып келишине жол ачкан багыт.

Автор Чоронун кылмышын актабайт. Айымпаашанын тагдырын да идеалдаштырбайт. Бирок адамдын кетирген каталыгынан да, жасаган жакшылыгынан да олуттуу нерсе анын адамдык тубаса мыкты сапаты бийик турарын ачып берген. Ал эми коомдун эң чоң милдеттеринин бири, бир кезде жаңылган адамды өмүр бою четке какпай, анын кайра оңолушуна мүмкүнчүлүк берүү зарылдыгын көрсөтөт. “Айымпааша” сүйүү жөнүндө гана жазылган чыгарма эмес. Бул адамды кайра адам кылган мээрим жөнүндө, ниеттин түздүгү, адамдык сапаттын бийиктиги жөнүндө жазылган чыгарма. Айымпааша Чоронун өткөнүн өчүрбөй, анын бүгүнкүсүн кабыл алат.

Ал эми наристе бала үйгө келгенде, бул эки жараланган адамдын гана эмес, бүтүндөй бир үй-бүлөнүн кайра жаралышы коомчулуктун арасынан орун алат. Мында, чыгарманын философиялык өзөгүн бир сүйлөм менен айтсак, адамдын биринчи өмүрүн анын жаңылыштыгы аныкташи мүмкүн, бирок экинчи өмүрүн анын адамдыгы аныктайт. “Айымпааша” аңгемеси ушул идеясы менен окурманды күнөөлөөгө эмес, түшүнүүгө, сырттан өкүм чыгарууга эмес, адамдын ички дүйнөсүнө үңүлүүгө, өткөндү гана карап баа бербестен, адамга жаңы жашоо мүмкүнчүлүгүн берүүгө чакырат. Аңгеменин күчү да ушунда. Караңгылыктан жарыкка чыккан эки адамдын тагдыры аркылуу автор адамдык мээримдин өзгөртүүчү күчүн ишенимдүү, жүрөккө жетерлик сүрөттөй алган.

Бахпурбек АЛЕНОВ